Кырг
И
Л-81



ЛОИС ЛОУРИ

# Беручу

Lois Lowry

ЛОИС ЛОУРИ

# Беруччу

LOIS LOWRY

LOIS LOWRY

# *The Giver*

БД

ЛОИС ЛОУРИ

# Беруучу

*Которгон: Таалайбек Абдиев*

*Редактору: Кубанычбек Акынбаев*

РАРИТЕТ
2013

РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

инв. 2517

УДК 821.111—93
ББК 84.4
Л 76

Басылма Америка Кошмо Штаттарынын Элчилиги тарабынан каржыланган.
АКЫСЫЗ ТАРАТЫЛАТ.

**Лоис Лоури**
Л 76 Берүүчү. — Б.: Раритет, 2013. — 184 б.

ISBN 978—9967—455—09—2

Жонастын дүйнөсү кынтыксыз эле. Бардыгы көзөмөл алдында болчу. Согуш деген, азап-тозок деген жок болчу. Тандоо деген да жок эле. Ар бир адам коомдогу өзүнө бөлүнгөн милдетти аткарчу. Бир караганда, Жонас телегейи тегиз дүйнөдө жашачу.

Он эки жашка келгенде, Жонасты Берүүчүдөн атайын сабак ала турган шакирт катары тандап алышат. Жашоонун жыргалы менен азап-тозогу жөнүндөгү эскерүүлөрдү Берүүчү гана билет. Жонас Алуучу болуп дайындалгандан кийин гана өз коомунун купуя сырларын аңдай баштайт. Чындыкты кабыл алуу кезеги эми Жонаска келет. Артка жол жок.

Л 4804010100—13 УДК 821.111—93
ББК 84.4

ISBN 978—9967—455—09—2

*The Giver.* Lois Lowry.
Copyright © 1993 by Lois Lowry.
Published by special arrangement with Houghton Mifflin Harcourt Publishing Company.

*Биздин келечегибиз*
*болгон балдарга арнайм*

# 1

Декабрь айы жакындаган сайын Жонас кыпылдап корко баштады. «Жок, андай деле эмес» деген ой келди. Бир нерсе болчудай жүрөгүң түшүп коркуп турсаң, мына ошол коркунуч. Эки жыл мурун коммунанын үстүнөн чоочун учак өткөндө, ошондой болгон. Жонас адегенде анын шукшурулган караанын көрүп, анан аба жарган үнүн уккан. Анан ошол эле учак шуулдап кайра өткөн.

Ал адегенде селейе түшкөн. Учакты мынчалык жакындан көргөн эмес, анткени коммунанын үстүнөн өткөнгө тыюу салынчу. Кээде гана дарыянын аркы өйүзүнө жүк ташуучу учактар келип конуп калчу. Андайда велосипедчен балдар дарыянын жээгине барып, жүгүн түшүрүп, кайра батыш тарапка учуп кеткенче көз айырбай карап турушчу.

Бирок тиги башкача учак болчу. Ителгидей ыкчам неме тиги курсактуу жүк ташуучу учактардан таптакыр башкача экен. Аландап эки жагын караса, чоң-кичине дебей баары ишин таштап, элейип турушуптур.

Анан «КОММУНАЧЫЛАРДЫН БААРЫ ЖАКЫН ЖЕРДЕГИ ИМАРАТКА КИРИП БАШ КАЛКАЛАГЫЛА» – деген буйрук болду. «ТЕЗ! – деген үн жаңырды үналгыдан, – ВЕЛОСИПЕДИҢЕРДИ ТАШТАГЫЛА!»

Жонас велосипедин жолго таштап, үйүнө чуркап кирди да, элейип туруп калды. Ата-энеси жумушта эле, Лили болсо адаттагыдай эле мектептен кийин Балдар борборунда жүргөн.

Терезеден караса, көчө аңгырап ээн туруптур: демейде ушул маалда жүрчү короо шыпыргычтар, ландшафт кызматкерлери, тамак ташыгычтар көрүнбөйт. Ар кайсы жерде велосипеддер гана жатат, биринин дөңгөлөгү дагы эле акырын айланууда.

Мына ошондо ал коркуп кетти. Жымжырт боло түшкөн коммунасын көрүп калтырай түштү.

Бирок эч нерсе деле болбоптур. Бир аздан кийин эле баягы үналгы кырылдап, жооткоткон үн менен үйрөнчүк учкуч жолунан адаша түшүп, анысын билдирбейин деп, кайра учуп кеткенин айтты.

«АЛБЕТТЕ, АЛ ЧЫГАРЫЛАТ», – деди жанагы үн, анан жымжырт болуп калды. Бул какшык менен, күлкүлүү бирдеме жөнүндө сөз болуп жаткандай айтылды. Жонас күлө турган эч нерсе жок экенин билип турса да, жылмайып койду. Коммунанын мүчөсү үчүн андан чыгып калуу оор жаза болчу.

Ал тургай топ киргизип же эстафета таякчасын түшүрүп ийген команданын мүчөсүнө ачуусу келгенинен ушул сөздү айтып жиберген балдар да бул үчүн тил угушчу. Бир жолу Жонас да командасы анын айынан жеңилип калганда жакын досу Эшерге: «Болду! Сен чыктың!» – деп кыйкырып ийгени бар. Машыктыруучу четке алып чыгып катуу сүйлөшкөн соң, күнөөлүү болуп, оюндан кийин Эшерден кечирим сураган.

Азыр болсо Жонас дарыянын жээги менен коркуу сезими жөнүндө ойлонуп баратты. Үстүнөн

күркүрөп учак өткөндө жүрөгү түшүп корконун эстеди. Ал декабрь жакындаган сайын аптыктырып келаткан бул сезимден таптакыр башкача болчу. Муну кандай деп айтса болот деп сөз издеп жатты.

Жонас тилге өтө этият болчу. Ал досу Эшердей эмес эле, тиги болсо кудай бетин салбасын, быдылдап баарын аралаштырып таштап, эмне айтканы билинбей, көбүнчө күлкү менен аяктачу.

Эшердин бир жоругу эсине түшүп, жылмайып койду. Эртең мененки гимнди ырдап жатышканда, Эшер энтигип кирип келди. Гимн аяктаган соң окуучулар орундарына отурушту, Эшер болсо турган бойдон калды. Эреже боюнча ал эл алдында кечирим сурашы керек эле.

– Тынчын алганым үчүн классташтарымдан кечирим сурайм.

Эшер айта жүргөн сөзүн дем тартпай туруп быдылдады. Инструктор да, окуучулар да анын сөзүн сабырдуулук менен күтүп турушту. Окуучулар азыр баягы көнүмүш шылтоосун айтат деп ырсайып калышты.

– Мен үйдөн убагында эле чыккан болчумун, бирок инкубатордун жанынан өтүп баратып, семга балыгын тазалап жатышканын карап, таң калып туруп калдым. Классташтарымдан кечирим сурайм, – деп кайталаган Эшер формасын оңдомуш болуп, ордуна отура кетти.

– Биз сени кечирдик, Эшер, – деп, класс баягы көнүмүш жообун бир оздон айтты. Окуучулардын көпчүлүгү күлкүсүн араң тыйып турушту.

– Мен да сени кечирдим, Эшер, – деп жылмайды инструктор. – Сага рахмат, анткени дагы бир жолу

тилден сабак бергенге шарт түзүп жатасың. Семганы тазалоого «таң калуу» өтө эле апыртма болуп калат.

Анан ал тактайга кайрылып, «таң калуу» деп жазды да, алдына «карап туруу» деп жазып койду.

Жонас ушуларды эстеп жылмайып койду. Ойлонуп баратып, үйүнө келип калыптыр. Велосипедин эшиктин артына коюп жатып, жанагы декабрдын жакындашынан улам пайда болгон сезими үчүн коркуу деген сөз апыртма болуп каларын аңдады. Бул чынында эле апыртма болуп калчудай.

Ал ушул өзгөчө декабрды көптөн бери күтүп жүрөт. Эми аз калганда эмнеден коркмок эле. «Мен аны... эки көзүм төрт болуп күтүп атам», – деп ойлоду Жонас. – Анан, албетте, апкаарып жатам да». Он бир жашарлардын баары жакындап келаткан ушул окуяны кыпылдап күтүп жүрүшөт.

Бирок андай деген менен эмне болорун ойлогондо, Жонас алапайын таппай кетчү.

«Апкаарып турам, – деп чечти Жонас. – Мына менин абалым».

– Кана, бүгүн ким биринчи болуп сезимдерин айтат? – деп сурады атасы кечки тамактын соңунда.

Сезимдерин айтып берүү дайым жасалчу жөрөлгөлөрдүн бири болчу. Кээде Жонас менен карындашы Лили мен биринчи айтам деп талашып кетишчү. Ата-энеси да, албетте, буга катышып, сезимдерин айтып беришчү. Бирок бардык ата-энелердей, бардык чоң адамдардай эле эч качан кезек талашчу эмес.

Жонас бүгүн биринчи айтканга аракет кылган жок. Ой-сезими чалкеш болуп турду. Айткысы

келип, ата-энеси жардам берерин билип турса да, ашыкпай турду.

– Сен айт, Лили, – деп ал карындашын карады.

Жети жашар Лили ансыз деле чыдамы кетип ойдолоп отурган.

– Бүгүн менин аябай ачуум келди, – деп баштады ал. – Балдар борборундагы группабыз менен оюн аянтчасында жүрсөк, жети жаштагылар келип калышты. Алар эреже дегенди билишпейт экен! Бир бала, атын билбейм, башкалар күтүп турса деле, кезекти күтпөй, дөбөчөгө чыга берди. Ушундай ачуум келди дейсиң! Чыдабай муштумумду мына минтип түйүп турдум, – деп көрсөткөндө, үйдөгүлөр жылмайып калышты.

– Сенин оюңча, алар эмне үчүн эрежени сакташкан жок? – деп сурады апасы.

– Билбейм. Алар тим эле... тиги немелердей болуп жүрүштү...

– Айбандардайбы? – деп коштоду Жонас күлүп.

– Ооба, – деп күлүп ийди Лили. – Так эле айбандардай.

Балдар бул сөздүн маанисин билишпесе да, башкаларга окшобогон тарбиясыз же олдоксон адамдарды ушинтип айта беришчү.

– Алар кайдан келишиптир? – деп сурады атасы.

Лили ойлоно түштү.

– Эсимде жок, башчыбыз саламдашып жатканда айткандай болгон. Укпай калсам керек. Алар башка коммунадан болчу. Алар абдан эрте кетишти, ал тургай түшкү тамагын да автобустан жешти.

Апасы Лилини карады:

– А балким, алардын эрежеси башкачадыр?

Ошондон улам силердин аянттагы эрежени билбей калышкан чыгар?

– Балким, – деп ийинин куушурду Лили.

– Силер башка коммуналарга барбайсыңарбы? – деп сурады Жонас. – Биздин группа көп барчу.

Лили башын ийкеди:

– Биз деле алты жашыбызда башка коммунанын мектебине барып, алты жаштагылар менен бир күн жүргөнбүз.

– Ошондо өзүңдү кандай сездиң эле?

Лилинин кабагы бүркөлө түштү:

– Мен өзүмдү абдан ыңгайсыз сезгемин. Алардын системасы башкача экен. Алар биз өтө элек сабактарды өтүп коюшуптур, ошондуктан келесоодой болуп калганбыз.

Атасы Лилини кунт коюп угуп отурду.

– Мен жанагы эрежени бузган баланы ойлонуп отурам. Мүмкүн, ал да ыңгайсызданып, өзүн келесоодой сезгендир? Анткени ал да эрежелери башкача бейтааныш жерде жүрдү да. Сенин оюң кандай, Лили?

Лили ойлонуп калды.

– Туура, – деди ал бир маалда.

– Көрбөсөм да, ага боорум ооруп турат, – деди Жонас. – Ыңгайсызданып, өзүн келесоодой сезген ар кандай кишиге боорум ачымак.

– Азыр кантип турасың, Лили? – деп сурады атасы. – Дагы эле ачууң келип турабы?

– Жок, – деди Лили жылмайып. – Мен да аны аяп калдым. Муштумумду түйбөй эле койсом болмок экен.

Жонас да күлүмсүрөдү. Лилинин сезимдери

дайыма ачык, жөнөкөй, аларды оңой эле билсе болот. Жети жашымда менин сезимдерим да ушундай болсо керек деген ой келди.

Атасынын сөзүн сылык-сыпаа тыңдамыш болгону менен анча кунт коё алган жок. Атасы болсо бүгүн жумушта наристелердин бирин көрүп кыжалат болгонун айтып жатты. Атасы анын тарбиячысы болчу. Тарбиячылар наристелердин алгачкы эмоциялык жана физикалык муктаждыктары менен алек болушчу. Жонас бул иштин абдан маанилүү экенин билсе да, анча кызыга берчү эмес.

– Ал балабы же кызбы? – деп сурады Лили.

– Бала, – деди атасы. – Татынакай бала, мүнөзү да жакшы. Бирок жай өсүп атат, уйкусу да жакшы эмес. Азыр жакшылап багуучу бөлүмдө кармап турабыз, бирок комитеттегилер аны кетириш керек деп атышат.

– Өх, – деп үшкүрдү апасы. – Сага кыйын болуп аткан экен.

Жонас менен Лили да боору өруп, баш ийкешти. Балдарды кетирүү дайыма кайгылуу окуя болор эле, анткени алар коммунадагы жашоонун жыргалын көрүшкөн жок да. Анын үстүнө эч бир айып иш кылышпаса.

Карылар менен наристелерди кетирүү жаза болуп эсептелчү эмес. Карыгандарды кетирүү жакшы, бакыбат жашоонун майрамы катары белгиленсе, наристелерди кетиргенде кайгырышчу. Өзгөчө тарбиячылар күнөөлүү немедей болуп азап тартышар эле. Бирок наристе балдарды сейрек учурларда гана кетиришчү.

– Бирок мен макул болбой атам, – деди атасы. –

Эгер силер каршы болбосоңор, түнкүсүн үйгө алып кетип турайын деп, Комитеттен сурансамбы дейм. Түнкү тарбиячылар кантип иштээрин билесиңер да. Менимче, бул балага кароо жетишпей атат.

– Албетте, – деди апасы.

Жонас менен Лили да баш ийкешти. Атасы башынан эле түнкү тарбиячыларга наразы болуп жүрчү. Түнкү тарбиячылардын иши маанилүү эмес болуп эсептелгендиктен, күндүзгү жумуш үчүн билими, жөндөмү жетишсиз кишилерди коюп коюшчу. Түнкү кызматкерлерге ал тургай жубай да тандап беришчү эмес, анткени аларда үй-бүлөлүк уюм түзүү үчүн зарыл болгон сүйлөшө билүү жөндөмү да жок болчу.

– Аны биротоло алып калсакчы, – деп быдылдады Лили.

Албетте, ал тамашалап атат, муну баары түшүнүштү.

– Лили, – деди апасы күлүмсүрөп, – сен Эрежени билесиң да.

Ар бир үй-бүлөлүк уюмда эки бала: бир эркек, бир кыз болуш керек. Эреже ушундай.

Лили кыткылыктап күлдү.

– Балким, бир жолу мүмкүн деп ойлоп атпаймбы?

Андан кийин юстиция департаментинде иштеген апасы сезимдерин айтып берди. Бүгүн эреже бузган бир кишини алып келишиптир. Ал мурун бир жолу тиешелүү жазасын алган соң, кайра жумуштуу, үйлүү жана үй-бүлөлүү болгон экен. Апасы аны экинчи жолу көргөндө ачуусу келиптир. Бир жагынан анын жашоосун өзгөртө албаганына капа болуп, ал тургай уялыптыр.

– Ал үчүн бир аз коркуп да турам, – деп мойнуна алды апасы. – Силер билесиңер да, үчүнчү мүмкүнчүлүк берилбейт. Эреже боюнча үчүнчү жаза кетирүү болот.

Жонас селт эте түштү. Ушундай нерсе бар экенин билчү. Анын группасында атасы бир топ жыл мурун кетирилген бир бала бар болчу. Ал тууралуу эч ким, эч качан кеп кылчу эмес. Минтип уят болууну ойлогондон да коркосуң.

Лили апасына барып, ийининен кучактады. Атасы бир колун, Жонас экинчи колун кармады. Бардыгы аны жубатышты. Көп өтпөй эле апасы жылмайып, ыраазы экенин, жеңилдеп калганын айтты. Жөрөлгө андан ары улана берди.

– Сенчи, Жонас? – деп сурады атасы. – Сен бүгүн акыркысың.

Жонас терең күрсүндү. Бүгүн сезимдерин айтпай эле койсо жакшы болмок. Бирок бул эрежеге туура келбей калат.

– Мен кооптонуп турам, – деди ал, акырында ылайыктуу сөздү таап алганына кубанып.

– Эмне болду, уулум? – Атасы да кооптоно түштү.

– Билем, чынында кооптоно турган деле эч нерсе жок, – деп түшүндүрдү Жонас, – мындай нерсе ар бир чоң адамдын башынан өткөн. Силер да өткөргөнсүңөр. Бирок бул азем мени апкаарытып турат. Декабрь болуп калды да.

Лилинин көзү бакырая түштү.

– Он эки жаштагылардын аземи, – деп шыбырады ал жыргап.

Лили сыяктуу, ал тургай андан кичинекей балдар да келечекте эмне болорун жакшы билишчү.

– Сезимдериңи ачык айтканыңа кубанып турам, – атасы.

– Лили, – деп чакырды апасы. – Пижама кие турган маалың болду. Биз атаң экөөбүз Жонас менен сүйлөшөбүз.

Лили кыйылып жатып үстөлдөн турду.

– Менсизби? – деп сурады ал. Апасы баш ийкеди:

– Ооба, биз Жонас менен өзүнчө сүйлөшөбүз.

## 2

Жонас атасынын кофе куюп атканын карап, күтүп калды.

– Бала кезде, – деп баштады атасы, – ар бир декабрь Лили экөөңөр сыяктуу эле мен үчүн да чоң окуя болор эле. Декабрда жаңылыктар көп болот да!

Жонас башын ийкеди. Декабрды төрт жашынан тарта билчү. Албетте, мурунку аземдерге да катышып жүрсө керек, бирок алар эсинде жок. Лилинин биринчи декабрын жакшы билет. Өзгөчө баягы бир жашар Лилинин аты коюлуп, алардын үй-бүлөлүк уюмуна берилген декабрь такыр эсинен чыкпайт.

Бир жашарлардын аземи дайыма ызы-чуулуу, көңүлдүү болот. Декабрда жыл ичи төрөлгөндөр бир жашар болушат. Наристелерди (эч ким кетирилбесе, туптуура элүү болот) туулгандан бери багып жүргөн тарбиячылары сахнага алып чыгышат. Айрымдары там-туң басып өздөрү чыгышса, кичинелери тарбиячылардын колунда болот.

– Мен ат койгонду жакшы көрөм, – деди Жонас.

– Мен дагы, – деди апасы. – Лилини алар жылы (биз, албетте, кыз бала берилерин билчүбүз, анткени арыз жазсак, макул болушкан) аты ким болор экен деп эле ойлой берчүмүн.

– Мен, албетте, тизмени аземге чейин деле карап



РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ
2517

койсом болмок, – деп мойнуна алды атасы. – Ал Тарбия борборунун офисинде эле болот, Комитет аны алдын ала даярдап коёт.

– Мен, – деп сөзүн улады атасы, – бир аз уялып турам, анткени бүгүн чын эле офиске кирип, аттардын тизмесин карап көрдүм. Тизме бар экен, андан жанагы айткан баланын номерин – отуз алтынчы номерди карадым. Атынан айтсак, тарбия процесси тездейт бекен деп ойлодум эле. Албетте, эч ким жокто айтмакмын.

– Анан сен көрдүңбү? – деп сурап жиберди Жонас.

Атасы эрежени бузат деп ким ойлоптур. Маанилүү эмес болсо да, баары бир эреже деген эреже да. Жонас апасын карады, анткени апасы коммунадагы эрежелердин сакталышын көзөмөлдөйт. Анан апасынын жылмайып турганын көрүп, жеңилдей түштү.

Атасы баш ийкеди.

– Анын аты (албетте, ат коюу аземине жетсе) Габриэл болот. Тамак берип, ойнотуп жатканда, кулагына шыбырап турам. Эч ким укпайт. Мен аны Гейб дейм, – деп жылмайды атасы.

– Гейб, – деп кайталады Жонас. – Жакшы ат экен.

Лилини алып, ысымын биринчи уккан жылы Жонас болгону беш жашта болчу, бирок ошондо кандай чыдамсыздык менен күтүшкөнүн жакшы билет. Кебетеси, мүнөзү кандай болор экен, үй-бүлө уюмунун көнүмүш жай турмушуна көнөр бекен деп бир нече саат сүйлөшүп отурушчу. Ата-энеси менен сахнага чыкканы да күнү бүгүнкүдөй эсинде: атасы башка тарбиячылар менен эмес, апасы экөө менен жүргөн, анткени ага наристе берип жатышкан.

Анан апасы бир наристени – азыркы карындашын колуна алганын, Ат коюучу чогулган үй-бүлө уюмдарына бир кагазды: «Жыйырма үчүнчү наристе – Лили», – деп жарыя окуганын эстеди.

Атасынын жадырап-жайнап турганы, анан:

– Бул мен эң жакшы көргөндөрдүн бири, мен ушуну беришет го деп күттүм эле, – деп шыбырап ийгени эсине түштү.

Эл кол чаап, Жонас күлүп турган. Карындашынын ысымы абдан жаккан. Уйкусу али ачыла элек Лили быйтыйган колун серендеткен соң, кийинки үй-бүлө уюмуна жол берип, сахнадан түшүшкөн.

– Мен сендей он бир жашымда абдан чыдамсыз болчумун, Жонас. Он эки жаштагылардын аземин ак эткенден так этип күткөмүн. Ал эки күнгө созулат да. Эсимде, мага бир жашарлардын аземи жакчу, тогуз жашарлардыкын айтпаганда, калгандарына анча деле кызыкчу эмесмин. Карындашым ошол жылы тогузга толуп, велосипед алган. Мен ага велосипед тепкенди үйрөтүп койгомун, бирок, албетте, андай кылбашым керек болчу.

Жонас күлүп ийди. Бул баары буза бере турган олуттуу эмес эрежелердин бири болчу. Велосипедди тогузга чыккандар алышчу, ага чейин аларга велосипед тепкенге тыюу салынчу. Бирок агалары менен эжелери болбой эле үйрөтүп коюшчу. Жонас да Лилиге үйрөтүп койсомбу деп ойлоп койчу. Бул эрежени өзгөртүп, велосипед тепкенге эртерээк уруксат берсекпи деп да жүрүшчү. Комитет бул маселени иликтеп жүргөн. Элде комитет бир нерсени иликтей баштаса, ал эреже өзгөргөнчө комитеттин мүчөлөрү аксакал болуп калышат деген тамаша кеп бар эле.

Эрежени өзгөртүү абдан кыйын болчу. Кээде чын эле абдан маанилүү нерсе болсо (жанагы велосипед сыяктуу эмес), аксакалдардын башчысына – Кабыл алуучуга суроо берилчү. Жонас аны эч качан көргөн эмес. Комитет велосипед маселесин Кабыл алуучуга эч качан айтпасы бышык, болгону анын мүчөлөрү көп жылдар бою аны талкуулап жүрө беришет, анын ортосунда коммунада бул маселенин талкууга коюлганы да унутулуп калат.

Атасы сөзүн улантты:

– Карындашым Катя тогузга толуп, биринчи жолу чачынан лентасын алып, велосипедге ээ болгонун көрүп кубангамын. Ал эми он жана он бир жашарлардын аземине анча көңүл бөлгөн эмесмин. Анан акыры экинчи күндүн аягында биздин – он эки жаштагылардын аземи башталды.

Жонас бүрүшө түштү. Атасы азыркысындай эле жоош-момун бала болуп, группасындагылар менен бирге качан сахнага чакырар экен деп кыпылдап күтүп отурса керек. Он эки жаштагылардын аземи – эң акыркы, эң маанилүү азем.

– Эсимде, атам менен апам мени сыймыктанып карап турушкан. Ал тургай чыга калып велосипедимди тепсем деп чыдай албай ойдолоп отурган Катя да мен сахнага чыкканда, тынчтанып, түптүз отуруп калган. Бирок, чынын айтсам, Жонас, мен аземден эч кооптонгон эмесмин. Мен дайындалышыма толук ишенчүмүн.

Жонас таң калды. Дайындалууну алдын ала билүү таптакыр мүмкүн эмес да. Бөлүштүрүү жашыруун болуп, аны коммунанын лидерлери – аксакалдар гана билишчү. Бул абдан олуттуу нерсе

болгондуктан, коммунада бөлүштүрүү боюнча эч качан тамашалашчу да эмес.

Апасы да буга абдан таң калды:

– Сен аны кантип билип алдың эле?

Атасы жылмайып койду:

– Бул башынан эле белгилүү болчу, кийин атам менен апам да ушундай болорунан шек санашпаганын айтышты. Мен башынан эле кичинекей балдарды жакшы көрчүмүн. Группалаштарым велосипед менен жарышып, үй же машина куруп, же болбосо...

– Мен досторум менен ойногондой, – деп калды Жонас.

– Албетте, ал оюндарга мен да катышчумун, ага бардык балдар катышышы керек. Мен да мектепте сендей болуп тырышып окучумун. Бирок колум бошой калганда, кичинекей балдар менен алек болчумун. Ыктыярдуу жумуш сааттарымын баарын Тарбия борборунда өткөрчүмүн. Аксакалдар, албетте, муну билишчү.

Жонас баш ийкеди. Быйыл кылдат байкай баштасканын сезип жүрчү. Мектепте, дем алуу зонасында, ыктыярдуу жумуш сааттарында өзүн жана башка он бир жаштагыларды байкап турган аксакалдарды көп көрчү. Анан алар блокнотторуна бирдемелерди жазып алышчу. Он бир жаштагыларды башынан окутуп келаткан инструкторлор менен бир нече саат аңгемелешип жүрүшкөнүн да билчү.

– Ошентип, дайындалышымды күтүп жүрүп, тарбиячы болоруму айтышканда, абдан сүйүнгөмүн, – деди атасы.

– Баары билишсе да, кол чабышты беле? – деп сурады Жонас.

Атасы жылмайып күлдү.

– Албетте. Бардыгы абдан кубанышкан, анткени мен өзүм кыялданган ишке дайындалгамын да. Ошондо бир жолум болгон.

– Он бир жаштагылардан капа болгондор болду беле?

Жонас, атасынан айырмаланып, эмнеге дайындаларынан кабары жок болчу. Бирок капа боло турган жумуштар да бар экенин билчү. Маселен, атасын жана анын жумушун сыйлаганы менен тарбиячы болгусу келчү эмес. Жумушчу болууну да каалачу эмес.

Атасы ойлоно түштү.

– Болбосо керек эле. Аксакалдар бөлүштүрүүгө абдан аяр мамиле жасашат.

– Менимче, бул – коммунадагы эң маанилүү иш.

– Менин Йошико деген курбум доктор кылып дайындашат деп эч күткөн эмес, – деди атасы. Бирок абдан кубанган. Андрей дагы, ал бала кезинде ыкчам оюндарды жаман көрчү. Колу бошой калса, конструктор болуп ойночу, ыктыярдуу жумуш саатын болсо курулуштарда өткөрчү. Бирок инженер болуп дайындалганда абдан сүйүнгөн.

– Баса, батыш тараптагы дарыядан өткөн көпүрөнү ошол курган. Биз бала кезде ал көпүрө жок болчу, – деди апасы.

– Туура эмес дайындоолор өтө сейрек болот. Сен андан кооптонбой эле койсоң болот, – деп көңүлүн жайгарды атасы. – Анын үстүнө бул боюнча арыздансаң болот, сен муну билесиң да.

Баары күлүп ийишти, анткени арыз комитеттин талкуусуна жиберилчү.

– Мен Эшердин дайындалышынан бир аз кооптонуп турам, – деп мойнуна алды Жонас. – Ал боорду эзген бала! Бирок ал эч бир нерсеге олуттуу кызыкпайт. Бардыгын оюнга айландырып иет.

Атасы жылмайды:

– Мен Эшерди Тарбия борборунан, ат коюла электен бери билем. Ал эч качан ыйлачу эмес. Күлүп эле турчу. Бардыгы аны караганды жакшы көрүшчү.

– Аксакалдар Эшерди билишет, – деп калды апасы. – Алар аны туура дайындашат. Сен ага кыжалат болбой эле койсоң болот. Бирок, Жонас, мен сага бир нерсени эскертип коёюн. Он эки жаштагылардын аземи келип калганча бул менин оюма келбептир.

– Эмнени?

– Сен билесиң да, бул акыркы азем болот. Он экиден кийин жаш курагы маанилүү болбой калат. Көпчүлүгүбүз бара-бара канча жашта экенибизди да унутуп калабыз. Бирок бул маалымат ачык жазуулар залында бар, каалаган киши барып окуса болот. Бирок эң маанилүүсү – жашоого даярдануу жана дайындоого жараша билим алуу.

– Мен билем, – деп жиберди Жонас. – Муну бардыгы билишет.

– Ооба, – деп сөзүн улантты апасы, – бирок бул сен жаңы группага өтөсүң деген кеп. Досторуң да өтөт. Сен андан ары он бир жаштагы группаң менен болбойсуң. Он эки жаштагылардын аземинен кийин сенин группалаштарың окшош дайындалгандар болот. Ыктыярдуу жумуш сааты, эс алуу аймагы деген болбойт. Досторуң менен мурункудай көп сүйлөшө албай каласың.

Жонас башын чулгуп койду.

– Биз Эшер экөөбүз дос бойдон кала беребиз. Анын үстүнө мектеп бар да.

– Туура, – деп макул болду атасы. – Бирок апаңдын айтканы да чын. Бардыгы өзгөрөт.

– Бирок жакшы жагына өзгөрөт, – деди апасы. – Мен он эки жаштагылардын аземинен кийин эс алуу аймагын, балалык оюндарды эстеп сагынчумун. Бирок башкалар менен бирге юстицияны окуй баштагандан кийин кызыгуубуз окшош балдар-кыздар бар экенин билдим. Алар менен тез эле жакын болуп кеттим, бул мурункудан башкача, ынак достук болду.

– Он эки жаштан кийин ойночу белеңер? – деп сурады Жонас.

– Кээде, – деп жооп берди апасы. – Бирок ал мурункудай маанилүү болбой калат.

– А мен көп ойночумун, – деп күлүп ийди атасы. – Азыр да тарбия борборунда күн сайын ойнойм. «Тоого чыкмай», «мүйүздүү эчки келатат», «кой баратат», – деп ал Жонасты башынан сылап койду. – Оюн-тамаша он жашта эле бүтүп калбайт.

Пижамасын кийип Лили келип калды. Чыдамы кетип үшкүрүп ийди.

– Көпкө сүйлөштүңөр го. А бул жакта кээ бир балдар оюнчугун күтүп отурушат.

– Лили, – деди апасы бир аз сурданып, – сен сегизге чыгып калдың да. Сегиздегилерде оюнчук деген болбойт. Алардыкын алып, кичинекейлерге беришет. Сен эми ансыз уктаганга үйрөнүшүң керек.

Бирок атасы текчеден жумшак оюнчук пилди алды. Көпчүлүк оюнчуктар Лилиникиндей жум-

шак жаныбарлар болчу. Мисалы, Жонастыкы аюу эле.

– Ме, Лили-Били, – деди атасы. – Жүр, мен сенин лентаңды чечкенге жардам берейин.

Жонас апасы экөө тиктеше түштү, бирок туулганда берилген оюнчугун кучактап уйку бөлмөсүнө кирип бараткан Лили менен атасы баары бир жакшы көрүндү. Апасы чоң жазуу столуна отуруп, дипломатын ачты – анын иши дайыма көп болор эле. Жонас да столуна отуруп, үй тапшырмасын аткарууга киришти. Бирок декабрь жана боло турган азем оюнан кетпей турду.

Ата-энеси менен сүйлөшкөндөн кийин көңүлү бир аз жайланып калды, бирок аксакалдар аны эмнеге дайындашарын, аны өзү кандай кабыл аларын дагы эле элестете албай жатты.

# 3

– Ай-иий, карасаң! – деп чыйылдады Лили. – Карасаң, кандай татынакай! Кичинекейлигин! Көздөрү да сеникиндей таң каларлык экен, Жонас!

Жонас жини келип карады. Лилинин сөздөрүнө ачуусу келди. Атам тигини урушат го деп күттү эле, бирок атасы эч нерсе болбогондой бала салынган себетти велосипедден чечип жатты.

Жонас жакын барганда да гана Лилинин эмнени айтып жатканын түшүндү. Себетте жаткан баланын көзү көгүш экен.

Коммунадагылардын дээрлик бардыгынын көзү кара болчу. Атасы менен апасынын, Лилинин, группалаштары менен досторунун баарыныкы кара, бир гана Жонас менен бир беш жашар кыздын көзү көгүш эле. Бирок муну эч ким эч качан айтчу эмес. Мындай өзүнчө эреже деле жок, бирок бирөөнүн башкалардан айырмаланып турган өзгөчөлүгүнө көңүл бурулчу эмес. Бул одонолук болуп эсептелчү. Лилини да ушуга үйрөтүш керек, болбосо мунусу үчүн кагуу жээри бышык деп ойлоду Жонас.

Атасы велосипедди ордуна койду да, себетти үйгө алып кирди. Лили артынан баратып, кайрыла калып кыйкырды:

– Экөөңөрдү бир аял төрөсө керек!

Жонас ийинин куушуруп койду да, үйгө кирди.

Бирок жанагы наристенин көзү чын эле таң каларлык экен. Коммунада күзгү дээрлик жок болчу, ага тыюу деле салынган эмес, болгону анын кереги жок эле. Жонас күзгү көрүп калса деле ага көрүнөйүн деп ойлочу эмес. Жанагы баланын жүзүн көрүп, көгүш көздөрү аны башкалардан өзгөчө кылып турганын эстеди. Ушундан улам анын көз карашы да башкача экен, бирок кандай башкача? Терең десе болот го деп ойлоду Жонас, кудум түбүндө бир нерсе турган терең суудай. Өзүнүн көз карашы да ушундай болушу мүмкүн экенин ойлоп ыңгайсыздана түштү.

Мунун баары кызыктырбагандай түр көрсөтүп, столун көздөй басты. Бөлмөнүн аркы бурчунда атасы бөбөктүн ороосун чечип, апасы менен Лили аны карап туруштү.

– Анын оюнчугунун аты эмне? – деп сурады Лили, себетте жаткан жумшак оюнчукту алып.

– Бегемот, – деди атасы.

Лили кыткылыктап күлдү.

– Бегемот, – деп бейтааныш сөздү кайталады да, оюнчукту кайра койду.

– Бөбөктөр кандай татынакай! – деп умсунду Лили. – Мени төрөгүч кылып дайындашса!

– Лили! – деп тыйды апасы. – Андай дебей жүр. Төрөгүч ардактуу кесип эмес.

– Бирок мен Наташа менен сүйлөшпөдүмбү! Он жаштагы кошуна кыз бар го, ошол. Ал ыктыярдуу жумуш саатын көбүнчө төрөт үйүндө өткөрөт. Анын айтымында төрөгүчтөргө эң таттуу тамактарды беришет экен, дене тарбиясы да абдан оңой болот, боюнда барлар көбүнчө жыргап, көңүл ачып эле отура беришет дейт. Мага ушундай

жашоо жакмак, – деп Лили да моюн берген жок.

– Ооба. Үч жыл, – деп катуу айтты апасы. – Үч жылдын ичинде үч жолу төрөш керек. Анан баары бүтөт да, карылар үйүнө жиберишкенче карапайым жумушчу болуп жүрүшөт. Сен ушуну каалайсыңбы, Лили? Үч жыл жыргап, анан өмүр бою оор жумушта жүргүң келеби?

– Жок, – деп көңүлсүз үн катты Лили.

Атасы бөбөктү көмкөрөсүнөн себетке жаткырды да, таптай баштады.

– Баары бир, Лили-Били, – деп эркелетти атасы, – төрөгүчтөргө наристелерди бербейт. Эгер наристелерди жакшы көрсөң, анда тарбиячы болсом деп кыялдана бер.

– Саат сегизде, ыктыярдуу жумуш саатың болгондо, анын бир бөлүгүн Тарбия борборунда өткөрсөң болот, – деп сунуш кылды апасы.

– Ооба, ошентейин анда, – деди Лили. Анан себетке карай эңкейди:

– Аты ким дедиң эле? Габриэлби? Салам, Габриэл, – деп созолонду Лили.

Анан кыткылыктап күлдү.

– Ой! Уктап калган окшойт. Этият болоюн, – деп шыбырады Лили.

Оозунда бардыр деп ойлоду Жонас тапшырмасына кайра киришип атып. Лилинин оозу тынчу эмес. Диктор болуп дайындалса жакшы болмок, керели кечке отуруп алып, үн алгыдан кулактандырууларды бежиреп айта берет эле. Анан карындашынын: «КӨҢҮЛ БУРГУЛА! ТОГУЗ ЖАШТАН ТӨМӨНКҮ КЫЗДАРГА ЭСКЕРТЕБИЗ. ЧАЧ ЛЕНТАСЫ ТЫКАН БАЙЛАНУУГА ТИЙИШ», – деп

кулактындырып жатканын элестетти.

Лилиге кайрылып карап, лентасы адаттагыдай эле бош байланып салбырап турганын көрүп, табасы кана түштү. Жакында жанагыдай кулактандыруу сөзсүз болот. Аты аталбаса да, так Лилиге тиешелүү болот. Ансыз деле баары түшүнөт болуш керек.

Баягыда түшүнүп алышпады беле. «КӨҢҮЛ БУРГУЛА! ОН БИР ЖАШТАГЫ ЭРКЕК БАЛДАРГА ЭСКЕРТЕБИЗ. ЭС АЛУУ АЙМАГЫНАН БИР НЕРСЕ АЛЫП КЕТҮҮГӨ БОЛБОЙТ. ТАМАКТЫ КАТЫП АЛБАЙ, ЖЕШ КЕРЕК». Бул кулактандыруу Жонас үчүн болчу. Бир нече апта мурун ал үйүнө алма алып кеткен. Анда эч ким, ал тургай атасы менен апасы да эч нерсе айткан эмес, кулактандырууну угуп эле өлбөгөн төрт шыйрагы эле калган. Албетте, алманы ыргытып ийген, эртеси эрте менен сабактын алдында барып эс алуу аймагынын директорунан кечирим сураган.

Ошондо эмне болгонун Жонас азыркыга чейин жакшы түшүнбөйт. Кулактандыруу, кечирим суроо булардын баары түшүнүктүү, боло жүргөн иш, ала жүргөн жаза. Жанагы окуянын өзү таң калыштуу болуп атпайбы. Ошол күнү кечинде үй-бүлөлүк уюмда баары сезимдерин айтып жатканда, ал да кандай кыжалат болгонун айтса болмок. Бирок анда карайлап, сезимдерин айтканга сөз таба албай койбодубу. Анда эмнеден уялып жатканын түшүндүрүп бере алмак эмес, ошондуктан жөн эле коёюн деп чечкен.

Жанагы окуя Эшер экөө эс алуу зонасында ойноп жүргөндө болгон. Жонас тамак салган себет-

тен бир алма алып, Эшер экөө ыргытышып ойной башташты. Мындайды канча ойношкон: ыргытып кайра тутуп алмай, ыргытып кайра тутуп алмай, ошентип, тажаганча ойной беришчү. Жөнөкөй эле бир оюн, ал тургай тажатма десе да болот, бирок Эшер эмнегедир ушуну жакшы көрөт. Анын үстүнө ага пайдалуу да болчу, анткени бул оюн Эшердин стандартка туура келбеген кыймыл координациясы үчүн машыгуу болор эле.

Бирок бир маалда учуп бараткан алманы карай коюп, анын өзгөрө түшкөнүн байкады, бирок анын кандай болгону түшүнүксүз эле. Көз ирмемде болду. Учуп баратканда болгонун гана эстеп калды. Жонас алманы алып, кунт коюп караса, баягы эле алма. Эч кандай өзгөрүү жок, баягы эле топтоголок алма.

Алманын эч кандай деле өзгөчөлүгү жок. Айландыра карап туруп, кайра Эшерге ыргытты. Мына, учуп бараткан алма дагы көз ирмемге өзгөрө түштү.

Төрт жолу ушундай болду.

Жонас көзүн ирмегилеп, айланасын карады, жакшы эле көрүп жаттым бекен деп, формасындагы кичинекей төш белгисин тиктеди. Өзүнүн аты даана окулду. Мына, Эшер да турат. Адаттагыдай эле алманы шыпылдап тутуп алып жатат.

Жонас таң калды.

– Эш! Бул алма кадимки эле алмабы?

– Ооба! – деп күлдү Эшер. – Улам эле колумдан түшүп атат! – Эшер дагы бир жолу түшүрүп ийди.

Жонас да каткырып күлүп, жанагы бүдөмүк кооптонуудан арылганга аракет кылды.

Анан эс алуу аймагынын эрежесин бузуп, ошол

алманы үйүнө алып келбедиби. Атасы менен апасы, Лили келгенче алманы жакшылап карап көрдү. Эшер колунан түшүрө бергендиктен, бар аз урунду болуп калыптыр. Бирок эч кандай деле өзгөчөлүгү көрүнбөйт.

Жонас алманы томпок айнек менен да карап көрдү, ыргытып, столдун бетине тоголотуп да көрдү, алма эч өзгөргөн жок.

Ошентип, кечкисин үн алгыдан жаңырган жанагы кулактандырууну айтпаганда, эч нерсе деле болгон жок. Анын аты айтылбаса да, атасы менен апасы столдо турган алманы көрүп, баары бир шектенип калышты.

Азыр болсо баары жанагы наристе менен алек болуп жатканда ушуларды эстеп, андан кутула албай отурду. Кечки тамакка чейин үй тапшырмаларын бүтүрүш керек. Габриэл кыңылдай баштаганда атасы ага сүт берип, Лилиге бөбөктөрдү кантип тамактандырыш керектигин түшүндүрүп жатты.

Коммунадагы үй-бүлөлүк уюмдардын бир жайбаракат кечи ушинтип өтүп жатты. Эс алып, эртеңки күнгө кам көрө турган убак бул. Башка кечтерден бир айырмасы – азыр мында олуттуу караган көгүш көздүү бир наристе бар эле.

# 4

Жонас Эшердин велосипедин издеп, коммунаны аралап жай баратты. Экөө ыктыярдуу жумуш саатын кээде гана чогуу өткөрүшчү, анткени тиги ойной берип, олуттуу иштете койчу эмес. Азыр болсо ыктыярдуу жумуш сааты аяктап, он эки жылдык жакындап калганда, ойносо ойной берсин.

Ыктыярдуу жумуш саатын кайсы жерде өткөрүүнү тандоо эркиндиги Жонас үчүн жыргал болчу, анткени күндүн калганы бүт алдын ала белгиленүү болчу.

Сегиз жашка толуп (жакында Лили да сегизге чыгат), ушул тандоо эркиндигин алганын эстеди. Сегиз жашарлардын баары ыктыярдуу жумуш саатын баштаганда бир аз толкунданышып, кыткылыктап күлүп, бирге болгонго аракет кылышкан. Биринчи күнү дээрлик бардыгы өздөрү көнгөн эс алуу аймагына барышып, кичүүлөргө жардам беришкен. Бирок бара-бара чоңдордун жетекчилиги менен өздөрүн ишенимдүү сезишип, өздөрү кызыккан жана колунан келе турган ишти тандай башташкан.

Маселен, Бенжамин дээрлик төрт жыл бою реабилитация борборуна барып, кырсыкка учураган коммуна мүчөлөрүнө жардам берип жүрдү. Ал ишти реабилитация жетекчилеринен

кем билбейт, ал тургай сакаюуну тездете турган кандайдыр бир ыкмаларды жана аппараттарды ойлоп тапты деп айтып жүрүшкөн. Бенжаминдин ошол жакка дайындаларынан, ал тургай окуунун бир бөлүгүн окубай деле койсо болорунан эч ким шек саначу эмес.

Жонас Бенжаминдин ийгиликтерине суктанчу. Бир группада окуп, жакшы тааныш болушса да, эч качан анын жетишкендиктерин сөз кылышчу эмес, анткени ал ыңгайсыз абалда калмак. Мактоо эрежесин бузбай туруп бирөөнүн ийгилигин сөз кылыш мүмкүн эмес. Мактоо эрежеси оройлук эрежеси сыяктуу эле экинчи даражадагы эрежелерден болчу, аны бузгандар жеңил сөгүш алышчу. Бирок кантсе да эрежелерди бузбай эле койгон оң.

Жонас кварталдарды кыдырып Эшердин велосипедин издеп жүрдү. Лили мектептен кийин барчу Балдар борборунун жанынан өттү. Коомдук жыйындар өткөрүлө турган Борбордук аянт да артта калды.

Токтой калып, Тарбия борборунун жанында турган велосипеддердеги ысымдарды карады. Анан Тамак бөлүштүрүү борборуна барды, анткени тамак ташууга жардамдашуу кызыктуу болчу. Эшерди таап алсам, экөөбүз коммунадагы үйлөргө тамак жеткирет элек деп ойлоду. Акыры Эшердин велосипедин таап алды, ал адаттагыдай эле жерде, Карылар үйүнүн жанында жатыптыр.

Болгону эки велосипед: бири Эшердики, экинчиси он бир жашар Фиона деген кыздыкы бар экен. Фиона Жонаска жакчу. Жакшы окуган, сылык-

сыпаа, бирок оюнкарак кыз болчу, ошондуктан Эшердин аны менен иштеп жатканына таң калган жок. Велосипедин коюп, имаратка кирди.

Саламатсыңбы, Жонас, – деп тосуп алды бир кызматкер аял.

Бир барак кагаз сунуп, Жонас кол койгон соң, мөөр басты.

Ыктыярдуу жумуш сааттарынын баары катталып, ачык жазуулар залына илинет. Балдар көп жыл мурун болгон он бир жаштагы бир баланын окуясын шыбырап айтып жүрүшчү. Ал аземге барып, дайындоонун ордуна сөгүш алган экен, анткени ыктыярдуу жумуш сааты өтө аз имиш. Саатын толтуруш үчүн ага бир ай убакыт берип, анан гана дайындашыптыр. Эч кандай шаан-шөкөт болбоптур, ал эми коммунадагы келечегин айтпаса да түшүнүктүү да.

– Бүгүн жардамчылар келип жакшы болбодубу, – деди кызматкер аял. – Биз эрте менен Узатууну майрамдаганбыз, мындайда иштин ыраатты дайыма бузулат.

Анан ал кагазын карады.

– Эшер менен Фиона ваннада жардамдашып жатышыптыр. Ошолорго кошулбайсыңбы? Ваннанын кайда экенин билесиң да.

Жонас баш ийкеди да, рахмат айтып, узун коридор менен бөлмөлөргө баш бага жөнөдү. Карылар жайбаракат өз иштери менен алек болуп, сүйлөшкөндөрү сүйлөшүп, уктагандары уктап жатышыптыр. Эмеректери ыңгайлуу экен, килемдер төшөлүптүр. Ызы-чуу болгон өндүрүш же бөлүштүрүү борборлорундай эмес,

тынчтык жана бейкуттук өкүм сүрүп туруптур.

Жонас ушул жылдардын ичинде ар түрдүү жерлерде иштеп, алардын айырмаларын билип калганын ойлоп компоюп койду. Бирок бир гана нерсе менен алек болбогондуктан, дайындоо да ар кандай болушу мүмкүн экенин түшүнүп турду.

Анан өзүнө күлкүсү келди: «Дагы эле аземди ойлонуп атасыңбы, Жонас?» А бирок аземге аз калды да, досторунун баары эле ушуну ойлоп жатышса керек.

Коридор менен бир кемпирди алып бараткан кызматкердин жанынан өттү. Бүкүрөйгөн кемпир жумшак туфли кийген буттарын араң сүйрөп баратты.

– Салам, Жонас, – деп учурашты униформачан бир жигит.

Кемпир башын көтөрүп, кайдыгер кара көздөрү менен алдын тиктей жылмайды. Жонас анын азиз экенин билди.

Ваннага киргенде нымдуу аба самын жыттанып туруптур. Ал курткасын чечип, илди да, текчеден жардамчылардын халатын алды.

– Салам, Жонас! – деп кыйкырды Эшер ванна жактан.

Экинчи ваннанын жанында Фиона отуруптур. Ал Жонаска карап жылмайып койду. Жылуу сууда жаткан карыяны самындап жатыптыр.

Жонас алар менен, башка кызматкерлер менен учурашты да, кезек күтүп отурган кары адамдарга барды. Мурун иштеп кеткендиктен, эмне кылыш керек экенин жакшы билчү.

– Сиздин кезегиңиз экен, Лариса, – деди ал

тигини төш белгисиндеги ысымын окуп. – Мен азыр сууну ачайын, анан сизди тургузам.

Бош ваннадагы кнопканы басканда, ондогон тешиктерден суу куяла баштады. Ванна бир мүнөттө толот, анан суу өзү токтоп калат.

Ал кемпирди акырын тургузуп, ваннага алып келди да, халатын чечти. Колунан алып, ваннага түшкөнгө жардам берди. Кемпир чалкалай түшүп, башын жумшак жаздыкчага койду да, рахаттана дем чыгарды.

– Сизге ыңгайлуу болдубу? – деп сурады эле, Лариса көзүн жумган бойдон баш ийкеди.

Жонас таза губканы алды да, ага суюк самындан куюп, кемпирдин арык денесин самындай баштады.

Кечээ кечинде атасынын наристени жуунтуп атканын көргөн. Анда да ушундай болчу: жука тери, жылуу суу, самындан улам сыйгаланып этият кыймылдаган колдор. Кемпирдин жүзүндөгү күлүмсүрөөдөн улам Габриэлди эстеди.

Кемпир да жылаңач эле. Эреже боюнча чоңдор жана балдардын бирин-бири жылаңач көрүшүнө тыюу салынат, бирок анын наристелер менен карыларга тиешеси жок. Жонаска бул жакчу. Кийинип-чечингенде бирөөнүн ачык денесин көрүп калсаң, кечирим сурашың керек, анан да будаланып бир нерсе жамынып турушуң керек, мунун баары абдан ыңгайсыз болчу. Бул эреженин эмнеге мынчалык маанилүү экенине түшүнө берчү эмес. Ал эми ушул жылуу, бейкут бөлмөгө келгенде жаны жыргай түшчү. Ага ишенип сууда жаткан кемпирдин мемиреген жүзү жагып турду. Жылаңач, бейкам жатат.

Көзүнүн кыры менен Фиона кары адамдын ваннадан чыгышына жардам бергенин, анан арык денесин сүлгү менен аарчып, халатын кийгизгенин карады.

Жонас башка карылардай эле Ларисанын да көзү илинип кетти окшойт деп ойлоп, этият жуунтканга аракет кылып жатты.

Бирок бир маалда ал көзүн ачпай эле кобурай баштады:

– Биз бүгүн эртең менен Робертону узатуу аземин майрамдадык. Абдан сонун болду.

– Мен Робертону тааныйм! – деди Жонас. – Эки жума мурун келгенде тамактанганга жардам бергем. Тамашакөй киши болчу.

Лариса көзүн ачты.

– Аны узатардан мурун жашоосун бүт бойдон айтып беришти. Алар дайым ушундай кылышат. Бирок чынын айтсам, – деди ал шыбырап, – кээде ошондой баяндамалар аябай тажатма болот. Кээ бир карылар уктап да калышат. Мисалы, өткөндө Эднаны узатканда ошондой болгон. Сен Эднаны таанычу белең?

Жонас башын чайкады. Андай деген кемпирди эстей алган жок.

– Албетте, алар Эднанын жашоосун бир аз маанилүүрөөк кылганга аракет кылышты. Албетте, – деди ал олуттуу тартып, – бардык жашоо маанилүү. Мен андай эмес деген жерим жок. Бирок Эднанынындай жашоодон кудай сактасын! Ал төрөгүч болчу, андан кийин карылар үйүнө келгенче узак жылдар бою Тамак өндүрүшүндө иштеп жүрдү. Анын жада калса үй-бүлөлүк уюму да жок болчу.

Лариса бирөөлөр угуп жаткан жокпу дегендей өйдө болуп карап койду.

– Менимче, ал өтө деле акылдуу эмес болчу, – деп чынын айтты кемпир.

Жонас каткырып күлүп ийди. Кемпирдин сол колун жууп, кайра сууга салды да, бутун жууй баштады. Таманын эзип жууп жатканда рахаттана кырылдап жатты.

– Ал эми Робертонун жашоосу укмуш болду, – деп сөзүн улады Лариса. – Ал он бир жашарлардын инструктору болчу (бул иштин кандай маанилүү экенин билесиң да), анан пландаштыруу комитетинде да иштечү. Анан, о Кудай, кантип үлгүрдү билбейм, эки татынакай баланы өстүрүп, Борбордук аянттын ландшафттык дизайнын да иштеп чыкпадыбы. Ал өзү, албетте, эч нерсе отургузган жок.

– Эми аркаңызды жууюн. Бир аз эңкейсеңиз. – Жонас кемпирди кучактап, отурганга жардам берди. Анан губка менен арык далыларын сүрө баштады.

– Майрам жөнүндө айтып берсеңиз.

– Эми айтканда, адегенде анын жашоосун баяндап беришти. Мындайда дайым ушундан башташат. Анан тост айтышты. Биз чөйчөктөрүбүздү көтөрүп, аны куттуктадык. Анан гимнди ырдадык. Роберто ушундай бир жакшы коштошуу сөзүн айтты. Бизден да бир-экөө сүйлөштү. Мен сүйлөгөн жокмун. Эл алдында сүйлөгөндү жаман көрөм. Роберто күлүп-жайнап турду. Алып бараткандагы жүзүн бир көрсөң болот эле!

Жонас ойго чөмүлүп кеткендиктен, колу да кемпирдин жонунда кыймылсыз турду.

– Лариса, – деп сурады ал, – узатканда эмне болот? Роберто кайда кетти?

Кемпир ийинин куушуруп койду.

– Билбейм. Сыягы, муну комитеттин мүчөлөрү гана билет. Роберто таазим кылды да, узатуу бөлмөсүндөгү өзгөчө эшикке кирип кетти. Жүзүн айтпайсыңбы! Тим эле бакыттан балкып турду!

Жонас жылмайып койду.

– Мен көрбөй калбадымбы.

Лариса кабагын чытыды.

– Эмне үчүн балдарды келтиришпегенине түшүнбөйм. Орундун аздыгынан го дейм. Узатуу бөлмөсүн кеңейтишсе жакшы болмок.

– Муну комитетке сунуш кылыш керек. Балким, алар муну талкуугa коюшар, – деп Жонас тамашалады эле, Лариса күлүп ийди.

– Ооба, ошент, – деди ал Жонас ваннадан чыгууга жардам берип жатканда.

# 5

Адатта үй-бүлө уюмунун мүчөлөрү эрте менен көргөн түштөрүн айтканда, Жонас дээрлик сүйлөчү эмес. Ал сейрек түш көрчү. Кээде ойгонгондон кийин үзүндү түштөрдү эстегенге аракет кылчу, бирок баштан аяк айтып бергидей кылып бириктире алчу эмес. Бирок бүгүн башкача болду. Түшү кадимкидей эсинде болчу.

Лилинин узун түшүн ойлонуп отуруп укту. Бул жолу ал коркунучтуу түш көрүптүр. Апасынын велосипедин тээп баратса, кароолчулар кармап алышкан имиш.

Бардыгы Лилинин сөзүн кунт коюп тыңдашкан соң, түш эмнени эскертип жатканын талкуулашты.

– Түшүңө рахмат, Лили, – деп айта салды да, апасынын баянын тыңдаганга аракет кылды. Апасы түшүндө түшүнүксүз бир эрежени бузуп койгону үчүн сөгүш алыптыр.

Бул баягы негизги эрежелерди экинчи жолу бузганы үчүн жазаланган кишиден улам болсо керек деп чечишти.

Атасы болсо түш көрбөптүр.

– Гейб, сенчи? – деди атасы наристе жаткан себетти карап. Алар азыр Тарбия борборуна кетишмек.

Баары күлүп жиберишти. Түш айтуу үч жаштан

башталат. Наристелер түш көрөр-көрбөсүн эч ким билчү эмес.

– Жонас, сенчи? – деп сурады апасы.

Атасы менен апасы Жонас сейрек түш көрөрүн билишсе да, дайым сурап турушчу.

– Ооба, мен бүгүн түш көрдүм, – деди Жонас, бой түзөй отуруп.

– Жакшы болгон турбайбы, – деди атасы. – Айтып берчи.

– Жакшы эстей албай турам, – деп баштады Жонас, таң калыштуу түшүн так айтып бергенге аракет кылып. – Карылар үйүндөгү ваннада жүрүпмүн.

– Сен кечээ ошол жакта иштедиң беле? – деп сурады атасы.

Жонас баш ийкеди.

– Бирок ал башкача экен. Ванна экен, бирок бирөө эле. А тиякта болсо абдан көп да. Ванна нымдуу, жылуу экен. Формамды чечтим, бирок халат кийген жокмун. Көкүрөгүм жылаңач экен. Аябай ысып, тердеп кеттим. Ал жерде кечээгидей эле Фиона жүрүптүр.

– Эшер дагыбы? – деп сурады апасы.

Жонас башын чайкады.

– Жок, Фиона экөөбүз эле экенбиз. Ваннанын жанында туруптурбуз. Фиона күлүп атат, мен күлбөй эле турам. Менин айтканыма күлө бергенинен ага бир аз жиним келип атыптыр.

– Эмне деп атыпсың? – деп сурады Лили.

Жонас тарелканы тиктеп калды. Эмнегедир уяла түштү.

– Ваннага түш деп жаттым го дейм.

Жонас унчукпай калды. Түштү аягына чейин айтыш керек, мен да аягына чыгышым керек деп

ойлоду. Ошентип, түштүн эң кыйын жерине келди.

– Чечинтип, ваннага түшүргүм келип атыптыр, – деп айта салды. – Мен аны киринтким келди. Колумда губка да бар экен. Бирок ал кирингиси келбей, жок деп күлүп атыптыр.

Анан атасы менен апасын карады.

– Болгону ушу.

– Түшүңдө туйган эң күчтүү сезимиңди айта аласыңбы? – деп сурады атасы.

Жонас ойлоно түштү. Түшүндө баары бүдөмүк болчу, бирок сезимдери күчтүү болгондуктан, ойлогондо кайра каптады.

– Каалоо, – деди ал. – Мен анын киринбесин билип турдум. Сыягы, киринбеши керек экенин да түшүнүп турдум. Бирок абдан каалап турдум. Абдан кааладым.

– Түшүң үчүн, рахмат, Жонас, – деди апасы, анан атасын карап койду.

– Лили, – деди атасы, – мектепке бара турган маалың болду. Мени борборго чейин узатып коёсуңбу? Баланы карап туруш керек, бул тынч отурбайт.

Жонас китептерин топтогону ордунан турду. Түшүн талкуулабастан дароо рахмат айтышкандарына таң калды. Балким, ата-энеси да өзү сыяктуу уялып турушкандыр.

– Токтой тур, Жонас, – деди апасы эркелете. – Инструкторуңа кат жазып берейин, кечиккениң үчүн кечирим сурап жүрбө.

Жонас апасына таң калып кайра отурду. Гейбди алып кетип баратышкан Лили менен атасына кол булгалады. Апасы тамактын калганын подноско са-

лып, эшиктин алдына коюп койду, анан аны тазалагычтар алып кетишет.

Анан апасы жанына келип отурду.

– Жонас, – деп жылмайды апасы, – сен түшүңдө туйган сезим козголуу сезими деп аталат. Мунун болорун атаң экөөбүз билчүбүз. Бул сезим баарына келет. Атаң да сенин жашыңда ушундай болгон. Мен да. Лили да кийин ушундай болот. Бул көбүнчө түш көрүп атканда болот.

Козголуу. Бул сөздү мурун уккан экен. Эрежелер китебинде болчу, бирок кайсы жеринде экенин так эстей алган жок. Кээде үн алгыдан да айтып калышчу: «КӨҢҮЛ БУРГУЛА. ЭСКЕРТҮҮ. ТИЕШЕЛҮҮ ДАРЫ АЛЫШ ҮЧҮН КОЗГОЛУУНУ БИЛДИРҮҮ КЕРЕК».

Бул кулактандыруу Жонастын кулак сыртынан кетчү, анткени эмнени айтып жатышканын жана анын өзүнө кандай тиешеси бар экенин түшүнчү эмес. Ал коммунанын башка көптөгөн мүчөлөрү сыяктуу эле көп учурда диктор айткан кулактандыруулар менен буйруктарга көңүл бурчу эмес.

– Мен муну билдиришим керекпи? – деп сурады апасынан.

Ал күлүп ийди.

– Сен түшүңдү айтып бербедиңби. Ушул жетишет.

– А дарычы? Диктор дарыланыш керек керек деп атпайбы?

Жонастын көңүлү бузула түштү. Он эки жаштагылардын аземи болгон атса, аны бир жакка дарылануугa жиберишет турбайбы. Ушунун баары бир болбогон түштүн айынан болуп атпайбы.

Бирок апасы кайра күлүп, жубатып койду:

– Кыжалат болбо. Болгону бир дары ичип коюшуң керек. Дарыланганың ошол.

Жонас жеңилдей түштү. Билбей жүргөн дары беле. Атасы менен апасы күндө эрте менен ичишет. Кээ бир достору деле ичип жүрүшөт. Мисалы, Эшер. Бир жолу мектепке кетип баратышканда, анын атасы артынан: «Эшер, дарыңды унутуп баратасың!» – деп кыйкырган. Эшер күбүрөнүп үйүнө кеткен. Жонас аны күтүп турган, бирок эч нерсе сураган эмес.

Достордон мындай нерселер жөнүндө сураганга болбойт, анткени ал өзгөчөлүккө барып такалат да, демек, оройлук болуп калат. Эшер күн сайын дары ичет, Жонас ичпейт. Дайыма окшош нерселерди кеп кылган оң.

Апасы Жонаска бир таблетка берди.

– Болдубу, – деп сурады ал ишенбей.

– Болду, – деди апасы кутуну текчеге коюп атып. – Бирок сен дарыңды унутпа. Биринчи күндөрү эскертип турам, кийин өзүң эле ичип турасың. Унутуп калсаң, кайра козголо баштайсың. Жанагы түш кайра кирет. Кээде дозаны өзгөртүш керек болот.

– Эшер дары ичет, – деди Жонас.

Апасы таң калган жок.

– Сенин группалаштарыңдын көбү ичет болуш керек. Жок дегенде эркек балдар. Жакында баары иче башташат. Балдар да, кыздар да.

– Муну канча убакыт ичиш керек?

– Карылар үйүнө барганча ичесиң. Бирок буга көнүп каласың, ойлонбой эле иче бере турган болосуң.

Апасы саатын карады.

– Тезирээк бол, мектептен кечигесиң. Түшүң үчүн дагы бир жолу рахмат, Жонас, – деди апасы коштошуп жатып.

Жонас педалын айландырып баратып, сыймыктана түштү: ал дары ичкендерге кошулду. Түшү эсине келе калды. Ыңгайсыз, таң калыштуу, бирок жагымдуулугун айтсаң. Жанагы апасы айткан козголуу деген сезим жагып турду. Аны ойгонгондо туйган. Дагы бир жолу ошол сезимди баштан кечиргиси келди.

Бирок бурулуп, үйү көрүнбөй калганда, жанагы түш да жок болду. Кайра эстейин деди, бирок эми баягы сезим жок эле. Козголуу сезими жок болду.

# 6

– Лили, жөн отурчу! – деп жатты апасы.

Лили болсо ойдолой берди.

– Мен өзүм эле өрмөкмүн, – деп наалыды ал. – Дайым эле өзүм өрүп жүрбөймбү.

– Билем, – деди апасы анын чачына лента байлап жатып. – Анан жазылып кетип, саксайып жүргөнүңдү да билем. Жок дегенде бүгүн лентаң жакшыраак жүрсүнчү.

– Мага лента жакпайт. Дагы эки жыл эптеп чыдасам болот эле, – деп күбүрөндү Лили. – Эмки жылы мага велосипед беришет! – деп анан кайра сүйүнүп кетти.

– Жыл сайын бир жакшы нерсе болуп турат, – деп эскертти Жонас. – Быйыл болсо ыктыярдуу иш сааттарың башталат. А былтыр топчулары алдына кадалган форма бергенде кандай сүйүнгөнүң эсиңдеби?

Лили жылмайып, жети жашка чыкканын билдирген чоң топчулуу формасын карап койду. Төрт, беш жана алты жашарлардын топчусу артында болгондуктан, кийингенде бири-бирине жардам беришчү жана бири-бирине көз каранды болууну үйрөнүшчү.

Алдынан топчуланчу форма – көз карандысыздыктын биринчи белгиси, бой тартуунун алгачкы ишараты. Лили тогуз жашында ала турган вело-

сипед болсо үй-бүлөлүк уюмдан коммунага карай илгерилөөнүн белгиси болуп эсептелет.

Лили баары бир апасынын колунан чыгып кетти.

– Сен болсо быйыл дайындаласың! – деди ал Жонаска энтигип. – Сени учкуч кылып дайындашса жакшы болот эле. Анда мени учканга кошо ала бармаксың!

– Албетте, ала барам, – деди Жонас. – Анан сага кичинекей бир парашют да алып алам да, беш миң метрге чыкканда, эшикти ачып...

– Жонас! – деп тыйды апасы.

– Тамашалап койдум. Мен баары бир учкуч болгум келбейт. Эгер учкуч болосуң дешсе, апелляцияга берем.

– Бери кел, – деп апасы Лилини чакырып алды да, лентаны дагы бекемирээк байлады. – Жонас, сен даярсыңбы? Дарыңды ичтиңби? Лекторийден жакшыраак орунга отуруш керек.

Ал Лилини эшикти көздөй алып жөнөдү. Жонас аларды ээрчиди.

Лекторий жакын болчу. Апасынын велосипедине учкашкан Лили жолдо досторуна кол булгалап баратты. Жеткен соң Жонас велосипедин катарга койду да, группалаштарын издеп жөнөдү.

Бүт коммуна келгендиктен, эл көп эле. Ата-энелерге эки күн дем алыш берилген, алар залдын бир чоң бөлүгүн бүтүндөй ээлешти. Балдар болсо группалары менен өзүнчө отурушат. Аларды сахнага бирден чакырышат.

Атасы апасы жакка дароо бара албайт болуш керек, анткени ат коюу аземинде тарбиячылар наристелерди сахнага алып чыгышат. Жонас элдин

арасынан атасын издеди. Анын секциясын табыш кыйын эмес эле, анткени ал жактан наристелердин ыйлаганы угулуп турду. Башка аземдерде эл тынч, жайбаракат отурчу, мындай ызы-чуу жылына бир жолу, наристелерге ат коюлуп, ата-энесине берилерде гана болчу.

Жонас акыры атасын көрдү, ал бир наристени алып отуруптур. Жонас кол булгалады эле, атасы да жылмайып, кол булгалады.

Бирок тиги наристе Габриэл эмес эле. Ал бүгүн Тарбия борборунда түнкү тарбиячылар менен калган, анткени комитет атайын токтом менен ага кошумча бир жыл берип, анан гана ат коюлуп, үй-бүлө уюмуна берилмек болгон. Габриэлдин салмагы да жеткен жок, түнкү уйкусу да начар эле. Адатта мындай балдарды майып катары эсептешип, кетирип жиберишчү.

Бирок атасынын өтүнүчү менен Габриэлди ортосаар деп эсептешип, кошумча бир жыл беришти. Эми ал күндүзү мурункудай эле тарбия борборунда болуп, түнкүсүн Жонастын үй-бүлөлүк уюмунда болот. Уюмдун ар бир мүчөсү балага өтө жакшы көрүп калбайбыз, кийинки аземде башка үй-бүлөлүк уюмга беребиз деп арыз жазып беришкен.

– Мейли, – деп ойлоду Жонас, – кийинки жылы башка үй-бүлөлүк уюмга берилсе деле, аны көрүп турабыз, анткени ал коммунанын мүчөсү болот да. Эгер кетирип жиберишсе, анда аны экинчи көрмөк эмеспиз.

Кеткендер, ал тургай наристелер да, башка жерге жөнөтүлчү да, эч качан коммунага кайтып келишчү эмес.

Быйыл эч кимди кетиришкен жок, кетсе бир гана Габриэл кетмек. Жонас аны карабаса да, анын калганына Лили менен атасы сыяктуу эле абдан сүйүндү.

Биринчи азем өз убагында башталды. Жонас наристелер биринин артынан бири ысым алып, үй-бүлө уюмуна берилип жатканын карап отурду. Кимдир бирөөлөр биринчи жолу балалуу болуп атышты. Бирок үй-бүлөлүк уюмдар көбүнчө кичинекей карындаштуу, сиңдилүү же инилүү болом деп деп жадырап-жайнаган балдарын жетелеп чыгып жатышты. Жонас да беш жашында ушинтип сахнага чыккан.

Эшер Жонасты капталга түртүп:

– Филиппти алганыбыз эсиңдеби? – деп шыбырады.

Жонас баш ийкеди. Ал былтыр болгон. Эшердин ата-энеси көпкө чейин экинчи балага арыз жазбай жүрүшкөн. Балким, Эшер шок болгон үчүн ушундай болгондур деп ойлоп койчу Жонас.

Алардын групасынан эки кыз: Фиона жана Теа деген дагы бир кыз бөбөктүү болобуз деп ата-энеси менен отурушат. Бирок балдардын мындай жаш айырмасы аз болчу.

Бала алуу аземи аяктагандан кийин Фиона Эшер менен Жонастын катарына келип отурду.

– Абдан жакшынакай бала экен, – деп шыбырады ал бурулуп. – Бир гана аты жаккан жок.

Фионанын инисин Бруно деп аташты. Албетте, бул Габриэл сыяктуу мыкты ысым эмес, бирок жакшы эле деп ойлоп койду Жонас.

Ысым берилген сайын кол чаап отурган эл бир жубайлар кубанычы койнуна батпай чыгып, Калеб

деген наристени алганда ансайын дүркүрөтө кол чапты.

Бул жаңы Калеб болчу. Ата-эне биринчи Калебинен төрт жашка чыкканда айрылып калган эле. Балдардын өлүмү өтө сейрек болчу. Коммунадагы жашоо абдан коопсуз эле, бардыгы балдарды карап турушчу. Бирок Калеб эмнегедир кароосуз калып, дарыяга барып, чөгүп кетиптир. Ошондо бүт коммуна Жоготуу зыйнатын өткөргөн. Күнү бою Калебдин аты кайталанып, кечке жакын гана оോздон түшүп, анан бара-бара кичинекей Калебдин өзү да унутулуп калган.

Эми ушул өзгөчө Ат коюуда бүт коммуна Алмаштыруу аземин жасап, бул ысым баягы жоготуудан кийин биринчи жолу оозго алынды: адегенде шыбырап жай айтышып, анан барган сайын катуулап, тездеп баратты. Калеб болсо дагы эле сахнада турушкан ата-энесинин колунда уктап жатты. Баягы биринчи Калеб кайтып келгендей сезилди.

Дагы бир наристеге Роберто деген ысым беришти. Жонас кары Робертону өткөн жумада узатышканын эстеди. Бирок мында Алмаштыруу аземи болгон жок. Узатуу жана Жоготуу – ар башка нерселер.

Жонас, тажатма болгонуна карабастан, эки, үч жана төрт жашарлардын аземи бүткөнчө отурду. Анан көчө берилген түшкү тамактан кийин беш, алты, жети жана сегиз жашарлардын аземин көрүш үчүн кайра ордуна келип отурду.

Жонас Лилинин сахнага дикилдеп чыгып, сегиз жашар катары тиешелүү форма алганын жылмайып карап отурду. Эми бир жыл бою кие турган формасында кичинекей топчулар, анан өз буюмдарын өзү

карай ала турганын билдирген чөнтөктөрү бар эле. Лили сегиз жашарлардын эрежелерин жана милдеттерин (алардын арасында ыктыярдуу жумуш сааты да бар эле) олуттуу түрдө укту. Бирок Жонас карындашы кунт коюп тындагансыганы менен эки көзү эртең тогуз жашарлар ала турган жаңы велосипеддерде экенин байкады.

«Дагы бир жыл бар, Лили-Били» – деп ойлоп койду ал.

Бардыгы суй жыгылып чарчашыптыр, ал тургай атасы Тарбия борборунан алып Габриэл да түнү жакшы уктады.

Ошентип, он эки жаштагылардын аземи боло турган күн да келди.

Эми атасы апасы менен жанаша отуруп калыптыр. Алар аты жазылуу жапжаңы велосипеддерин жетелеп сахнадан келатышкан тогуз жаштагыларга кол чаап жатышыптыр.

Кошуна жашаган Фриц деген баланын велосипед алары менен трибунаны сүзүп алганы Жонаска да, ата-энесине да жаккан жок. Ал өзү абдан аңкоо, унутчаак бала болчу, жеме угуп эле басып жүрчү. Кылган күнөөсү деле оор эмес: батинкесин алмаштырып кийип алат, класстык иштенката кетирет, же диктантты жаман жазып коёт. Бирок булардын ар бири ата-энесинин шалаакылыгынан кабар берип, тартипти бузуп, коммунага шек келтирчү. Эми Жонас да, атасы менен апасы да мунун велосипеди үйдүн жанындагы жолдо жата берет деп кооптонуп турушту.

Акыры тогуз жашарлар велосипеддерин көчөгө

алып чыгып, лекторийдин жанына коюп келип, орундарына отурушту. Адатта үйгө бараткан тогуз жашарларга тийишишчү. «Кантип тепкенди көрсөтөйүнбү? – деп кыйкырышчу чоңураак достору. – Сен биринчи жолу тээп жатпайсыңбы!» Бирок эреженин бузулганына карабай жашынып жүрүп велосипед тепкенди үйрөнүп алган тогуз жашарлар безилдете тепкендиктен, капталдагы жардамчы дөңгөлөктөр жерге тийчү да эмес.

Эми кезек он жашарлардыкы болчу. Алардыкы адатта өтө тажатма болгондуктан, Жонас аны бошко кеткен убакыт деп эсептечү. Баары алардын чачтарын жаш курагына ылайык кыркып жатышканын карап отурушту. Кыздардын чачтарын кыркып, балдардын узун чачтарын кулактары көрүнгөндөй кыска кылып тегиздеп жатышты.

Кызматкерлер сахнага чыгып, дароо шыпырып коюшту. Жонас он жаштагылардын ата-энелеринин сүйлөшүп жатышкандарын байкады. Алар кечинде балдарынын шашылыш кыркылган чачтарын кайра тегиздейт болуш керек.

Мына эми он бир жаштагылар. Менин ушундай аземим жакында эле болду эле деп ойлоп койду Жонас. Бул азем деле анча кызыктуу эмес. Он бирге чыккандан кийин эле качан он экиге чыгар экенмин деп ойлой баштайсың. Бул азем болгону убакыттын өтүп жатканын гана билдирет, эч кандай өзгөрүү деле болбойт. Жаңы форма беришет: бой түзөй баштаган кыздарга өзүнчө ич кийим, балдарга болсо узунураак шым берилет. Шымда окуу үчүн зарыл болгон калькулятор сала турган өзүнчө чөнтөк болот. Булардын баары таңгакталып

берилет да, эч кандай сөз деле айтылбайт.

Түшкү тамак маалы болду. Жонас курсагы ачканын сезди. Группалаштары менен лекторийдин жанындагы столдорго барып, оролгон тамактан алышты. Кечээги тамак көңүлдүү болгон: баары тамашалашып, бири-бирине тийишип жатышкан. Бүгүн болсо алардын группасы башкалардан обочо турду. Жонас тогуз жашарлардын бири-бирине жаңы велосипеддерин көрсөтүп, мактанып жатышкандарын карап турду. Он жаштагылар кыркылган чачтарын кармалап жатышат. Кыздар канча жылдан бери өрүп жүргөн чачтан кутулуп, жеңилдей түшкөн баштарын чулгуп коюшат.

– Бир бала мени сөзсүз инженер кылып дайындашат болуш керек деп жүрчү экен, – деп шыбырады Эшер. – Анан эле аны санитар кылып дайындап коюшуптур. Кийинки күнү ал дарыядан сүзүп өтүп, башка коммунага кошулуп кеткен имиш. Ошол бойдон жок болгон дешет.

Жонас күлүп ийди.

– Мунун баары болбогон кеп, Эш. Муну атам да он эки жашында уккан экен.

Бирок Эшер буга ынанган жок. Ал лекторийдин артындагы дарыяны карап турду.

– Мен баары бир сүзгөндү билбейм. Машыктыруучум да суудан жүрө албайсың дей берет.

– Сууда, – деп оңдоп койду Жонас.

– Кандай айырмасы бар. Баары бир сүзө албайм. Чөгүп кетем.

– Сен чындап эле башка коммунага кетип калган бирөөнү билесиңби? Укканыңдын кереги жок, анык билгениңди айт.

– Жок, – деп мойнуна алды Эшер. – Бирок мүмкүн да. Эрежеде бар. Эгер коммуна менен тил табыша албасаң, арыз жазасың, анан сени башка жакка жөнөтүп ийишет. Апам он жыл мурун бир киши ошондой арыз жазган эле, кийинки күнү эле жок болуп калган дейт. – Эшер күлүп койду. – Тажатсам керек, ошол үчүн айтты да. Ошондой арыз жазам деп коркуткан.

– Тамашалады да.

– Билем. Бирок тиги киши чындап эле болгон экен. Апам болгону чын деген. Бүгүн бул жерде, эртең тиякта. Түбөлүккө. Узатуу аземисиз эле.

Жонас ийинин куушуруп койду. Коммуна менен кантип тил табыша албай каласың. Мында баары ойлонулган, ар кимдин өз орду бар.

Ал тургай жубай тандоо да көпкө чейин ойлонуштурулат, арыз жазган киши чечимди айлап, кээде жылдап күтөт. Мында адамдын мүнөзү, темпераменти, интеллектуалдык деңгээли, кызыкчылыктары – деги койчу баары эске алынат. Булардын баары бири-бирине шайкеш келип, же бири-бирин толуктап турууга тийиш. Мына, Жонастын апасы атасынан акылдууraak, атасы болсо жоошураак. Алар бири-бири теңдеп, толуктап турушат. Аксакалдар жубайларды үч жыл бою байкап көрүшөт да, анан гана балага арыз жазууга уруксат беришет. Жонастын ата-энесиники ушундай туура кыйылган никелерден.

Аксакалдар жубай тандоону, ат коюуну, балага ата-эне тандоону жана дайындоону абдан кылдат ойлонушчу. Жонас өзүнүн дайындалышы Эшердики сыяктуу эле туура болорунан күмөн санаган

жок. Азыр болсо түшкү тамак тезирээк эле бүтүп, лекторийге кирсек, анан күтпөй, ойлонбой калсам деп кыпылдап турду.

Анын оюн биле коюшкандай белги берилип, эл эшикти көздөй агылды.

# 7

Эми Жонас группалаштары менен башка жерге – жана он бир жашарлар отурган сахнанын алды жагына барып отурду.

Алар төрөлгөндө берилген номерине жараша отурушту. Балдарды номери боюнча кээде гана чакырышчу. Бирок баары өз номерин билишчү. Кээде баласына ачуусу келген ата-энелер номери менен аташчу жана муну менен жаман бала ысымга татыктуу эмес экенин билдиришчү. Жонас чоңдордун балдарга: «Токтот, жыйырма үчүнчү!» – деп кыйкырганын кулагы чалып калчу.

Жонас – он тогузунчу. Бул ошол туулган жылы он тогузунчу болуп төрөлгөнүн билдирет. Ал ат коюу аземинде каз туруп, андан көп өтпөй эле басып, сүйлөп кеткен. Ушунусу менен алгачкы эки жылы өзүнөн бир нече ай кийин төрөлгөн группалаштарынан айырмаланып жүрдү. Бирок үч жашка келгенде баары билинбей калды.

Үч жаштан кийин балдар тегиз өсүштү, бирок номерине карап туруп ким канча улуу экенин айтса болор эле. Жонастын толук номери – он тогузунчу он бир жашар, анткени башка группаларда да он тогузунчулар бар эле. Мына эми бүгүн он бир жашарлардын жаңы группасы пайда болгонуна байланыштуу он тогузунчу он бир жашарлардан экөө болуп кал-

ды. Түшкү тамак учурунда Жонас өзүнүн «адашы» – Харриет деген жоош кыз менен учурашкан.

Бирок бул бир нече саат эле болот, анткени бир аздан кийин Жонас он бир жашар болбой калат. Ал он эки жашар болот да, андан кийин жаш курагы анча деле маанилүү болбой калат. Ата-энеси сыяктуу эле чоңдордун катарына кирип, жаңы, үйрөнчүк жаштардан болуп калат.

Эшер төртүнчү болгондуктан, сахнага жакынырак жерде отурду.

Жонастын сол жагында он сегизинчи Фиона, оң жагында өзү анча жактырбаган жыйырманчы Пьер бар. Пьер өзүнчө эле керкейген, тажатма, анан калса чагымчы бала болчу. «Сен эрежелерди карадыңбы, Жонас? – деп шыбырап турчу ал. – Мен азыр сага эрежени бузган жоксуң деп айта албайм». Адатта бул ысыктын күнү форманын жакасын ачып коюу, бирөөнүн велосипеди менен бир-эки жолу айлануу сыяктуу Пьерден башка эч ким кыжалат болбой тургандай майда-чүйдө нерселер болор эле.

Куттуктоо сөздү Башкы аксакал – он жылга шайланган коммуна лидери сүйлөдү. Анын сөзү былтыркысынан айырмаланган жок. Баягысындай эле чоң турмушка даярданууда бала кездеги тажрыйбаларды унутпагыла, эми мойнуңарга чоң жоопкерчилик түшөт, дайындоо – бул абдан маанилүү нерсе, эми он эки жаштагыларды окуунун олуттуу этабы күтүп турат деп сүйлөдү.

Анан Башкы аксакал Жонастын группасына кайрылды:

– Биз бүгүн өзгөчөлүктөрдү айтабыз. Силер, он бир жаштагылар, буга чейин коммунага

ыңгайлашууга аракет кылып, башкалар кандай болсо, ошондой болуп келдиңер. Эми бүгүн биз силердин өзгөчөлүктөрүңөрдү таанып, даңктайбыз, анткени силердин келечегиңер ошого жараша болот.

Анан ал атын атабастан эле группадагы балдардын жеке өзгөчөлүктөрүн айта баштады. Бирөө жаңы төрөлгөн бөбөктөрдү жакшы көрөт, бирөө илимге абдан жөндөмдүү, бирөө адамдарга жардам бергенди жакшы көрөт, бирөөнө кара жумуш жагат деп айтты. Жонас кимди айтып жатканын билгиси келип ойдолоп отурду. Адамдарга жардам берген, албетте, Фиона болуш керек деп ойлоду Жонас, анын карыларды мээримдүү караганын эстеп. Илимге жөндөмдүү болсо Реабилитация борборуна жаңы аппараттарды ойлоп тапкан Бенжамин болсо керек.

Бирок Жонастын өзүнө тиешелүү боло турган эч нерсе айтылган жок.

Башкы аксакал жыл бою он бир жаштагыларга кылдат байкоо жүргүзгөн Аксакалдар комитетине ыраазычылык билдирди. Эл комитет мүчөлөрүнө дүркүрөтө кол чапты. Жонас Эшердин оозун алаканы менен жаба коюп эстеп жатканын байкады.

Акыры Башкы аксакал сахнага биринчини чакырып, азем башталды.

Ар бир дайындоо жаңы он эки жашарга арналган сөз менен коштолуп жатты. Жонас Балык инкубаторунун кызматкери болуп дайындалган биринчи номердин жадыраган жүзүн карап турду. Аксакал ага балалыгы, инкубатордо өткөргөн ыктыярдуу жумуш сааттары үчүн ыраазылык билдирип, өзүн коммунаны азык менен камсыз кылуу сыяктуу маанилүү ишке арнап жатканы үчүн рахмат айтты.

Биринчи (анын аты Мадлен болчу) залдын кол чабуусу менен ордуна келип отурду. Эми анын формасында «Балык инкубаторунун кызматкери» деген жаңы төш белги жаркырап турду. Жонас буга ыраазы болду, анткени өзү жактырбаган бул иш башкага кетти. Мадленди дайындалышы менен куттуктады.

Экинчи номер, Инга, төрөөчү болуп дайындалганда, баягы апасынын төрөөчү болуу ардактуу деле эмес дегенин эстеди. Бирок Комитет туура эле кылыптыр. Инга – жакшынакай, бою-башы келишкен кыз, бирок жалкоо. Бир аз окугандан кийинки бейкам үч жыл ага жагат болуш керек. Ал оңой эле төрөйт. Анан жумушчу болот да, иштегенди үйрөнөт, тартипке көнөт. Инга жылмая келип ордуна отурду. Төрөөчүнүн иши да ардактуу болбогону менен коммуна үчүн абдан маанилүү.

Жонас Эшердин абдан толкунданып жатканын байкады. Жөн отура албай улам Жонасты карай берип, группа башчысынан эскертүү да алды.

Үчүнчү номер, Исаак, алты жашарлардын инструктору болуп дайындалганына абдан кубанды жана өзү да ушуга татыктуу эле. Үч орун кетти, алардын бири да Жонаска ылайык келмек эмес. Анан калса Жонас кантип төрөөчү болмок эле. Кайсы орундар калганын эсептегенге аракет кылды, бирок алардын саны көп болгондуктан, бул оюнан тез эле баш тартты. Анын үстүнө Эшерди сахнага чакырып калышты. Калдаңдап туруп барып, Башкы аксакалдын жанына барган досун дем тартпай карап калды.

– Эшерди бүт коммуна тааныйт жана элдин баары ага ыраазы, – деп баштады Башкы аксакал.

Эшер жылмайып, бутун тырмап койду. Залдагылар күлүп калышты.

– Эшерге орун тандай келгенде, ылайыксыз варианттарды дароо эле алып таштадык. Мисалы, – деп жылмайды Аксакал, – биз Эшерди үч жашарлардын инструктору бол деп айта алмак эмеспиз.

Залдагылар каткырып ийишти.

Эшер да күлдү, ал уялгансыганы менен баарынын көңүл бурганы ага жагып турду. Үч жашарлардын инструктору сөздөрдү туура айтуунун эрежелерин окутчу.

– Биз, – деп сөзүн улантты Башкы аксакал, – көп жыл мурун Эшердин группасын окуткан инструкторго сөгүш берсекпи деп да ойлодук. Комитеттин Эшерге арналган жыйынында анын туура сүйлөөнү үйрөнгөндөгү көп окуяларын эстедик. Өзгөчө «сал» менен «төгүп сал» дегенди. Эсиңдеби, Эшер?

Эшер аргасыз баш ийкеди.

Залдагылардын баары күлүп жатышты. Жонас да күлдү. Ал кезде үч жашар болсо да, бул окуяны жакшы билчү.

Кичинекей балдарды чапканда жабыша түшчү атайын солкулдак чыбык менен жазалашчу. Балдарды караган адистер жазалоону жакшылап үйрөнүшчү: биринчи айып үчүн колго чабылат, экинчи күнөө үчүн жылаңач буттарга катуураак чабылат.

Эшер бечара быдылдап тез сүйлөгөндүктөн, дайыма жаңыла берчү. Бир жолу түшкү тамак кезегинде туруп, бадырактан «салып коёсузбу» деп айтам деп, «төгүп саласызбы» деп алган.

Жонас муну жакшы билет. Өз кезегин чыдам-

сыздык менен күтүп турган кичинекей Эшер азыр да көз алдында турат. Эшердин минтип кыйкырып атканы эсинде: «Мага, мага да төгүп салыңызчы!»

Калган үч жашарлар, анын ичинде Жонас да кыткылыктап күлүшкөн. «Салып коюңузчу, – деп оңдошкон алар Эшерди. – Салып коюңузчу деп айт».

Бирок болору болду. Коммунанын балдары үчүн туура сүйлөө абдан маанилүү. Эшер «төгүп салыңызчы» деп койбодубу.

Тарбиячынын колундагы чыбык Эшердин колуна чып дей түштү. Эшер кыйкырып, ойдолоп ийди да, дароо катасын оңдоду. «Салып коюңузчу», – деп шыбырады ал.

Бирок эртеси күнү окуя кайра кайталанды. Бир жумадан кийин деле кайталана берди. Эми бир эмес, бир нече жолу чабышкандыктан, Эшердин жылаңач буттарынан чыбыктын издери кетпей турган болду. Акырында үч жашар Эшер унчукпас болду.

– Эшер, – деп сөзүн улады Аксакал, – бир топко чейин жоошуп калды. Бирок ал үйрөндү. – Анан Эшерге карап жылмайып койду. – Анан бир топ туура сүйлөп калды. Азыр болсо Эшер кээде гана жаңылышат. Дайыма өзүн-өзү оңдоп, кечирим сурап турат. Бирок эч качан көңүлү чөкпөйт.

Залдан кубаттаган үндөр угулду. Эшердин шайыр мүнөзүн коммунадагылардын баары билишчү.

– Эшер, – деди Аксакал, расмий кулактандыруу үчүн үнүн бийигирээк чыгарып, – биз сени Эс алуу зонасынын директору кылып дайындадык.

Анан ал Эшердин формасына жаңы төш белги такты. Жадырап жайнаган Эшер сахнадан түшүп

келатты. Зал кол чапты. Эшер ордуна отурган соң Аксакал аны карап туруп, буга чейин үч жолу үч башка маани менен айткан сөзүн дагы бир жолу кайталады:

– Эшер, балалыгың үчүн рахмат.

Азем улана берди. Жонас баарын ынтаа коюп карап, угуп отурду. Эшерди эмне болор экен деп кыжалат болуп атты эле, сонун жерге дайындалбадыбы. Бирок кезеги жакындаган сайын кайра тынчы кете баштады. Биринчи катардагы он эки жашарлардын баары төш белги алышты. Баары төш белгилерин кармалап отурушат, сыягы, эми баштала турган окууларын ойлонуп жатышкандай. Кээ бирлериники, мисалы, тиги доктор боло турган аракетчил бала менен инженер жана юрист болуп дайындалышкан эки кызды чымырканган окуу менен эмгек күтүп турат. Ал жумушчулар менен төрөөчүлөрдүн окуусу кыскараак болот.

Сахнага он сегизинчи номерди – жанында отурган Фионаны чакырышты. Жонас анын толкунданганын билип турду, бирок Фиона шек алдырган жок. Аземде да жайбаракат отурду. Фиона ушундай эле кол чабуулар менен карыларды кароочу адис болуп дайындалды. Ушундай сезимтал, мээримдүү кыз үчүн мындан ашкан дайындоо болмок беле. Ыраазы болгон Фиона Жонастын жанына келип отурду.

Жонас сахнага чыкканга даярданып калды. Кол чабуулар сээлдеп, Башкы аксакал кезектеги папканы колуна алды. Эми кезеги келгенде, Жонастын көңүлү жайланып калды. Терең дем алып, чачын сылады.

– Жыйырманчы, – деп так айтты Аксакал. – Пьер.

«Мени айтпай кетти!» – Жонас селейе түштү. Балким, каңырыш угуп калдыбы? Жок. Эл шыбыраша түштү да, Жонас дароо түшүндү: Аксакалдын он сегизден жыйырмага өтүп, аны айтпай кеткенин бүт коммуна билди. Оң жагындагы Пьер эмне кыларын билбей абдаарый түшүп ордунан турду.

Ката. Ал жаңылышты. Бирок Жонас мындай болушу мүмкүн эмес экенин да билип турду. Башкы аксакалдын жаңылуусу мүмкүн эмес. Ал он эки жаштагылардын аземинде жаңылыштык кетирбейт болчу.

Жонастын башы айлана түштү. Абдырап, атүгүл Пьердин эмнеге дайындалганын да билбей калды. Залдагылардын кол чапканы, жаңы төш белги тагынган Пьердин ордуна келип отурганы түшүндөгүдөй сезилди.

– Жыйырма биринчи.

– Жыйырма экинчи.

Балдарды кезеги менен чакыра беришти. Жонас эси оогон бойдон отузунчу, андан кийин кыркынчы чыгып, азем аяктап баратканга чейин отура берди.

Ар бир дайындоо айтылган сайын жүрөгү болк этип, бир эле суроону өзүнө кайра-кайра бере берди. Балким, азыр чакырып калар? Мүмкүн, анын номерин унутуп кеткендир? Жок, ал дайыма он тогузунчу болуп жүрчү. Азыр да ушул номерде отурат.

Бирок кандай болгондо да айтпай кетпедиби? Группалаштары аны астыртан карап жатышты. Группа башчысы мелтиреп отурду.

Жонас бүкүрөйүп, өзүнөн-өзү кичирейип отурду. Жок болуп, өзү эч качан болбогондой кайып

болуп кеткиси келип турду. Бурулуп, элдин арасынан уялганынан жерге кирип кетчүдөй болуп отурушкан атасы менен апасын издей албады. Ал карай да алмак эмес.

Жонас башын жерге салды. Ал эмнеден жазды экен?

# 8

Залдагылар кыжалат болуп турушту. Акыркы он эки жашарга баары кол чабышты, бирок бул адаттагыдай кызуу кол чабуу болгон жок. Элдин тынчы кетип, шыбыраша баштады.

Жонас эмне кылып жатканын билбей эле элдин катарында кол чаап жатты. Мурунку сезимдеринин баары: кыпылдап күткөнү, толкунданганы, достору менен жакындыгы, сыймыктанганы артта калды. Өзүнөн-өзү басынып, корунуп турду.

Башкы аксакал кол чабуулар биротоло басылганча күтүп турду. Анан сөзүн улантты.

– Мен билем, – деди Аксакал өзүнүн баягы уккулуктуу, жагымдуу үнү менен. – Баарыңар түшүнбөй турасыңар. Мени жаңылышты деп турасыңар.

Анан жылмайып койду.

Зал жымжырт болуп турду. Көңүлү бир аз жайлана түшкөн коммуна мүчөлөрү кулак түрүп калышты. Жонас башын көтөрдү.

– Мен силерди кыжалат кылдым, – деп сөзүн улады Аксакал. – Бул үчүн коммунадан кечирим сурайм.

Анын үнү элдин баарына угулду.

– Биз сизди кечирдик, – деп бир ооздон жооп берди зал.

– Жонас, – Аксакал эми ага карады. – Сенден

өзүнчө кечирим сурайм. Мен сени кыйнап койдум.

– Мен сизди кечирдим, – деди Жонас калтыраган үнү менен.

– Сахнага келчи.

Эрте менен кийинип жатып, ушул учурду элестеткен. Кантип чыгарын, ишенимдүү кадам таштап барарын... бирок баары унутулду. Ордунан араң туруп, буттарын араң шилтеп тепкич менен чыкты да, Аксакалдын жанына барып турду.

Аксакал аны ийининен кучактады.

– Жонас дайындалган жок, – деди ал. Жонастын көзү караңгылай түштү.

Ал сөзүн улантты.

– Жонасты тандап алдык.

Көзү ачыла түштү. Бул эмне дегени? Залдагылар түшүнө албай, аксакалды карап калышты. Жонас да аңдай албай турду.

Аксакал өкүм үн менен жарыялады:

– Жонас кийинки Эскерүүлөрдү Кабыл алуучу болуп тандалды.

Ал залдагы элдин таң калгандан оозу ачыла түшкөнүн туйду. Алардын жүздөрүн, бакырая түшкөн көздөрүн көрдү. Бирок дагы эле эч нерсени аңдай албай турду.

– Мындай учур өтө сейрек болот, – деп сөзүн улады Аксакал. – Биздин коммунада бир гана Кабыл алуучу бар. Ал көп жыл кызмат кылды, эми мындан ары өз ордуна шакирт даярдайт.

Жонас Аксакалды караса, ал башка аксакалдарды, тагыраак айтканда, алардын бирөөсүн карап туруптур. Ал сакалдуу, көк көз чал экен, ортодо отурганы менен эмнегедир жалгыз отургандай туюл-

ду. Жонас аны мурун көрбөптүр. Чал Жонасты кунт коюп карап туруптур.

– Биз өткөн жолу жаңылганбыз, – деп салтанаттуу түрдө сөзүн улады Башкы аксакал. – Мындан он жыл мурун, Жонас кичинекей кезде, биз туура эмес тандаганбыз. Азыр мен ага кайрылгым келбейт, аны эстөө баарыбыз үчүн оор.

Жонас эмне жөнүндө кеп болуп жатканын аңдай алган жок, бирок залдагы эл түйшөлө түшкөнүн сезди.

– Бул жолу жаңылыштык кетиргенге акыбыз жок эле, – деди Аксакал, – андай кыла алмак эмеспиз.

– Кээде, – деп сөзүн улады Аксакал, залды жайгарып, – биз бөлүштүрүүгө канчалык олуттуу мамиле кылсак да, дайындоонун тууралыгынан күмөн санаган учурлар болот. Кээде бул бала дайындоо үчүн зарыл болгон сапаттарды калыптандыра алар бекен деп чочулайбыз. Он бир жаштагылар баары бир бала. Биз бул куракта тарбиячы үчүн зарыл деп эсептеген шайырдык жана чыдамкайлык кийин аңкоолук менен жалкоолукка айланып кетиши мүмкүн. Балдардын жүрүм-турумун багыттап туруу үчүн мындан кийин да байкоону уланта беребиз. Бирок Кабыл алуучунун окуусун байкоого болбойт, аны багыттоо да мүмкүн эмес. Бул жөнүндө Эрежеде ачык айтылган. Устаты аны коммунабыздагы эң ардактуу жумушка даярдап жаткан мезгилде, ал жалгыз болууга тийиш.

Жалгыз? Баарынан бөлөкпү? Жонастын тынчы кете баштады.

– Ушундан улам бул тандоо бардык Аксакалдардын жалпы чечими болуш керек эле. Эч кандай

күмөн саноо, шектенүү болуш керек эмес болчу. Эгер тандоо процессинде кыпындай эле шек туулса, талапкер өтпөй калмак. Жонасты көп жыл илгери эле Кабыл алуучу болот деп аныктаганбыз. Анын сыртынан абдан кылдат байкоо жүргүздүк, бирок эч кандай күмөн болгон жок. Ал Кабыл алуучу үчүн зарыл болгон бардык сапаттарды көрсөттү.

Колу дагы эле Жонастын ийининде турган Аксакал санай баштады.

– Акыл. Жонастын класстагы эң мыкты окуучу экенин баарыбыз билебиз.

– Чынчылдык. Жонас да баарыбыз сыяктуу эле ката кетирет. Бирок биз күткөндөй эле жазасын алууга дароо келет.

– Баатырдык, – деп улантты Аксакал. – Убагында Кабыл алуучу үчүн зарыл болгон сыноодон бир гана киши өткөн. Ал – азыркы Кабыл алуучу. Так ушул киши баатырдык керек экенин бизге улам-улам эскертип жатты.

– Жонас, – деп ага кайрылды Аксакал, – окуу процессинде ооруну баштан кечиресиң, болгондо да денең ооруйт.

Жонас коркуп кетти.

– Сен андайды көргөн эмессиң. Албетте, велосипедден жыгылып, тизең канаган чыгар. Былтыр бармагыңды эшикке кыпчытып алганыңды билебиз.

Жонас ошол жагымсыз окуяны эстеп баш ийкеп койду.

– Бирок эми, – деп түшүндүрдү ал, – эч ким элестете албагандай азап болот. Мындайды эч ким башынан өткөргөн эмес. Ал тургай Кабыл алуучу

өзү да айтып бере албайт, болгону бул сыноо үчүн эр жүрөктүүлүк керек деп айтып атат. Биз сени ага даярдай албайбыз, бирок сенин эр жүрөк экениңе ишенебиз.

Жонас өзүнүн ошондой экенине ишене албай турду.

– Төртүнчү эң маанилүү касиет, – деди Аксакал, – акылмандык. Азырынча Жонаста мындай касиет жок. Акылмандык окуу процессинде пайда болот, биз буга ишенебиз. Акырында Кабыл алуучуда дагы бир сапат болууга тийиш, мен аны сыпаттап айта албайм, атын гана айтам. Бул эмне экенин жакшы түшүнбөйм. Силер да түшүнбөйсүңөр. Балким, Жонас өзү түшүнөт болуш керек, анткени азыркы Кабыл алуучу Жонаста бул касиет бар дейт. Ал муну Көрөгөчтүк деп атайт.

Башкы аксакал Жонастан жооп күткөндөй карап калды. Бардыгы аны карашып, жымжырт болуп калды.

Жонас эмне кыларын билбей калды, анткени Аксакал айтып жатканды түшүнчү да, билчү да эмес. Эми эмне кылат, же «жок, бул менин колуман келбейт» деп мойнуна алып, Комитеттен кечирим сурасабы?

Бирок элди караганда, бир нерсе болду. Баягы алманы карагандай болуп, адамдардын жүздөрү өзгөрө түштү.

Көзүн ирмеп жана бир караса, бардыгы мурункудай болуп калды. Жонас кайраттана түштү да, өзүн ишенимдүүрөөк сезип калды.

Аксакал дагы эле аны карап турду. Бардыгы карап турушат.

– Ооба, менин оюмча, бул чын, – деди Жонас. – Азырынча бул эмне экенин өзүм да жакшы билбейм. Бирок кээде бир нерселерди көрөм. Балким, бул чынында эле келечектир.

Аксакал колун анын ийининен алды.

– Жонас, – деди ал бир эле ага эмес, бүт коммунага кайрылып. – Сен атайын окууну бүткөндөн кийин биздин кийинки Эскерүүлөрдү Кабыл алуучубуз болосуң. Биз сага балалыгың үчүн ыраазычылык билдиребиз.

Анан ал бурулду да, сахнадан түшүп кетти. Жонас элди карап, жалгыз турду. Анан капыстан эле элдин баары анын атын айта баштады.

– Жонас, – деп шыбырашты башында. – Жонас... Жонас...

Анан барган сайын катуулай башташты.

– ЖОНАС. ЖОНАС. ЖОНАС.

Коммуна бул ыр менен жанагы Калеб деген бөбөк сыяктуу эле аны жана анын жаңы ролун кабыл алып жатканын билип турду. Элге ыраазы болуп, бир жагынан сыймыктанды.

Анан коркуп кетти, анткени өзүн ким кылып тандашканын, ким болушу керек экенин аңдай алган жок.

Кандай күнгө туш болорун да билген жок.

# 9

Жонас он эки жылдын ичинде биринчи жолу өзүн башкача сезип турду. Башка аксакалдын жалгыз, башкалардан бөлөк окуйсуң дегенин эстеди.

Окуу баштала элек болгону менен лекторийдин чыгып баратып эле сезилди. Аксакал берген папканы мыкчый кармап, элдин арасынан ата-энеси менен Эшерди издеп баратты. Адамдар жол бошото берип, ал тургай артынан шыбырашып жатышкандай туюлду.

– Эш! – деп кыйкырды Жонас, велосипеддердин жанында турган досун көрө коюп. – Чогуу кетели!

– Макул.

Эш жадырап жылмайды. Жонаска эмнегедир жасалмадай сезилди.

– Куттуктайм, – деди Эшер.

– Сени да куттуктайм. Баягы бадырак жөнүндөгү окуяны айтканда, элдин баары күлбөдүбү. Сага баарынан катуу кол чабышты.

Группалаштары алган папкаларын велосипеддеги сумкаларына этият салып жатышты. Баары үйүнө баргандан кийин алган инструкцияларын окушат. Канча жыл тажатма үй тапшырмаларын аткарып жүрүштү. Бүгүн болсо дайындоого байланыштуу эрежелерди жатташат.

– Куттуктайм, Эшер! – деп кыйкырды бирөө.

Анан арсар болуп туруп айтты:

– Сени да, Жонас!

Эшер менен Жонас да группалаштарын куттукташты. Анан ата-энесин көрө койду: алар велосипеддеринин жанында карап турушуптур. Лили багажникте отуруптур.

Ал кол булгалады эле, алар да кол булгалашты. Ата-энеси жылмайып, Лили болсо колун оозуна салган бойдон ойлуу карап турду.

Анан Эшер экөө бирдемелерди сүйлөшкөн бойдон үйгө жөнөштү.

– Эртең көрүшөбүз, Эс алуу аймагынын директору! – деп кыйкырды Жонас үйүнө жеткенде.

– Ооба, көрүшкөнчө!

Эшер жөнөй берди. Дагы бир нерсе өзгөргөндөй, мурункудай эместей туюлуп кети. Балким, жөн эле ошондой сезилип жаткандыр. Баягы эле Эшер да, эмне өзгөрмөк эле?

Кечки тамакты адаттагыдай эмес тынч отуруп ичишти. Бирок Лили адатынча быдылдап, ыктыярдуу жумуш сааты жөнүндө, адегенде Тарбия борборуна барарын, анткени Габриэлге тамак бергенди үйрөнүп калганын айтып жатты.

– Билем, билем, – деди Лили атасынын зекий караганын байкай коюп. – Атын айтпайм. Айтпаш керек экенин билем.

– Тезирээк эле эртең болсо экен! – деди Лили аптыгып.

Жонас күрсүнүп койду.

– А мен андай деле каалабайм.

– Жонас, бул чоң сыймык, – деди апасы. – Биз атаң экөөбүз абдан сыймыктандык.

– Бул – коммунадагы эң маанилүү иш, – деди атасы.

– Кечээ сен эң маанилүү иш дайындоо деп айтпадың беле.

– Бул – таптакыр башка иш, – деп кийлигишти апасы. – Бул өзү жумуш эмес. Мен мындай болот деп эч качан ойлогон эмес элем, – деп унчукпай калды. – Анткени Кабыл алуучу деген бирөө эле болот.

– Бирок Башкы аксакал бир жолу бирөөнү тандап, бирок андан эч нерсе чыкпаганын айтты. Ал кимди айтты?

Ата-энеси тиктеше түштү.

Акырында атасы айтты:

– Анда да баары бүгүнкүдөй болгон. Он бир жаштагылардын бирин айтпай кеткенде, элдин баары бүгүнкүдөй таң калышкан. Анан тандадык деп жарыялашкан...

– Анын аты ким эле? – деп сөзгө кыпчыла калды Жонас.

– Ал кыз болчу, – деп жооп берди апасы. – Азыр анын атын айтканга, бөбөктөргө койгонго да болбойт.

Жонастын оозу ачылып калды. Тыюу салынган ысым – бул уят болуунун белгиси.

– Анан ал эмне болду эле?

Ата-энеси эмне айтарын билбей турду.

– Билбейм. – Атасы жактырбагандай болду. – Кийин көрүнбөй калды.

Жымжырт боло түштү. Ата-энеси тиктешип турушту.

Анан апасы туруп баратып айтты:

– Бул абдан чоң сыймык, Жонас. Абдан чоң.

Акыры жатар алдында Жонас папканы ачты. Кээ бир он эки жаштагылар толтура кагаз салынган папкаларды алганын көргөн. Азар окумуштуу Бенжамин эрежелер менен инструкцияларды рахаттана окуп жатат болуш керек. Фиона болсо үйрөнө турган процедуралардын тизмесин тиктеп жылмайып отурса керек.

Өзүнүн папкасы бош болуп чыкты. Болгону бир барак кагаз бар экен. Аны эки сыйра окуду.

ДЖОНАС, ЭСКЕРҮҮЛӨРДҮ КАБЫЛ АЛУУЧУ

1. Сабактан кийин дароо Карылар үйүнө барып, кызматкерге жолук.

2. Сабактан кийин дароо үйүңө бар.

3. Мындан ары оройлук эрежесин буза берсең болот. Коммунанын ар бир мүчөсүнө каалаган суроонду берип, жооп алганга акылуусуң.

4. Коммунанын ар кандай мүчөсү, анын ичинде ата-энең жана аксакалдар менен окууну талкуулаганга тыюу салынат.

5. Түш айтууга тыюу салынат.

6. Окууга байланыштуу оору жана кырсык учурунда дары колдонууга тыюу салынат.

7. Кетирүүнү өтүнүп арыз жазууга тыюу салынат.

8. Жалган айтууга уруксат берилет.

Жонас селейе түштү. А достору эмне болот? Жыргап топ ойноо, дарыя бойлоп велосипед тебүү эмне болот? Жашоонун жыргал сааттары ошолор эмес беле? Алардын баары эми болбой калабы? Туура, ар бир он эки жаштагы балага качан жана каякка барып окуш керектиги жөнүндө ушул сыяктуу катаал инструкциялар берилет. Бирок мында эс алуу жөнүндө кеп жок. Мындай болот деп ким ойлоптур.

Оройлукка уруксат берилгени да таң калтырды. Бирок аны кайра окуп көрүп, аны эч ким андай кылганга мажбурлабай турганын, болгону мүмкүнчүлүк гана берилерин аңдады. Андан пайдаланбайт деле болуш керек. Сылыктыкка ушунчалык көнүп калгандыктан, коммунанын бир мүчөсүнө жекече суроо берүү керек деген ойдун өзүнөн эле чочулап турду.

Ал эми түш айтууга тыюу салынганына анча деле капа болгон жок. Түштү сейрек көргөндүктөн, бардыгы айтканда, өзүнүкүн айта албай кыйналчу, эми кайра жакшы болду. Анан таңкы тамакта эмне кыларын ойлоно калды. Эгер түш көрүп калса, аны мурункудай эле айта бериш керекпи же айтпаш керекпи? Бирок анда жалган айткан болуп калат да? Андай деген менен жанагы акыркы эрежеде... жок аны азыр ойлонбой эле койгон оң.

Дарыга тыюу салынганы да Жонасты кыжалат кылып турду. Коммунанын ар бир мүчөсү, ал тургай бөбөктөр да дары сураганга акылуу. Баягыда эшикке колун кыпчытып алганда, апасына үн алгы аркылуу айттырса, ал дароо ооруну басуучу дарыны алып, үйгө жөнөткөн. Дарыны ичкен соң,

колунун оорусу басаңдап, бир аз гана сыздап калган. Сыздаганын билет, оору эсинде жок.

Алтынчы жобону кайра окуп көрүп, андай ооруулар окууга тиешелүү эместигин, эгер дагы кайталана турган болсо, дары сурай аларын түшүндү. Бирок эми андай деле болбойт болуш керек, анткени сак болуп калбадыбы.

Жанагы эрте менен ичиле турган дарынын деле окууга эч кандай тиешеси жок, демек, аны да иче берсе болот.

Анан Башкы аксакалдын окуу учурунда бүткөн боюң ооруйт дегенин эстеп коркуп кетти. Чыдай алгыс, айта алгыс оору деп атпайбы. Жонас дары ичүүгө да болбогон мындай ооруну элестеткенге аракет кылды, бирок анысынан эч нерсе чыккан жок.

Жетинчи жобо кызыктырган жок. Кетүү анын оюнда да жок болчу. Эч качан кетпейт.

Акырында соңку жобону окумак болду. Бала кезинен, алгачкы тил сабактарынан баштап эле жалган айтпа деп үйрөтүшкөн. Туура сүйлөөгө үйрөтүү да дал ушуга негизделген эле. Мисалы, төрт жашар кезинде түшкү тамактын алдында «ачкадан өлүп баратам» деп айтып койсо, четке алып чыгып, туура сүйлөгөндү үйрөтүшкөн. Сен ачкадан өлбөйсүң, болгону ачкасың деп түшүндүрүшкөн. Коммунада эч ким ачкалыктан өлгөн эмес, өлбөйт дагы. Демек, «ачкадан өлүп баратам» деп айтуу калп айткандык болот. Кокусунан айтылса да, баары бир жалган айтты болот. Туура эмес сөздү колдонуп, калп айтып албаш үчүн туура сүйлөгөндү үйрөнүш керек. «Түшүндүңбү?» – деп сурашканда, түшүнгөнүн айткан.

Бала болуп калп айтканды каалап көргөн эмес. Эшер калп айтпайт. Лили калп айтпайт. Ата-энеси калп айтпайт. Эч ким андай кылбайт. Бирок...

Бир ой кылт эте түштү. Калгандар, анын ичинде башка чоңдор да он эки жашка чыкканда инструкцияларынан ушундай кудай урган жобону окушпады бекен?

«Сен калп айтсаң болот» деген жобо турсачы?

Андай болсо эмне болот? Эми минтип ар кандай, ал тургай эң одоно суроону бергенге да акылуу болуп калган соң, ар кайсы чоң кишиден, мисалы, атасынан (мындайды элестетиш да кыйын) «Сен калп айткан жоксуңбу?» – деп сурай алат.

Бирок жооптун канчалык туура экенин эч качан билбейт.

# 10

– Мен бул жакка барам, – деди Фиона, Карылар үйүнө жетип, велосипеддерди коюп жатканда. – Билбейм, эмнегедир апкаарып турам, – деп мойнуна алды ал. – Бирок бул келип эле жүргөн жерим да!

Ал папкасын кармалап турду.

– Эми баары башкача болот да, – деди Жонас.

– Ооба, ал тургай велосипеддеги номерлер да, – деп күлдү Фиона.

Түндө Техникалык тейлөө бригадасы келип, он эки жаштагылардын велосипеддерине окуп жаткан коммуна мүчөлөрүндө боло турган номерлерди тагып кетишиптир.

– Мен кечигип калбайын, – деди Фиона, эшикти карай шашыла басып. – Эгер чогуу чыгып калсак, үйгө чогуу кетели.

Жонас баш ийкеп, кол булгалады да, окуй турган жерине жөнөдү. Ал да биринчи күнү кечиккиси келген жок.

Имарат кадимкидей эле имарат экен. Жонас каалгага жетип, оор тутканы кармай берип, дубалдагы коңгуроонун кнопкасын көрдү да, акырын басты.

– Ким? – деген үн угулду баскычтын үстүндөгү чакан динамиктен.

– Бул мен, Жонасмын. Жаңы...

– Кир.

Эшиктин ачылган үнү угулду.

Тар кабылдамадагы столдо отурган кызматкер аял кагаздарды жыйнап отуруптур. Жонас кирген-де, ордунан турду. Таң калып койду. Аны менен мурун эч ким минтип ордунан туруп учурашчу эмес.

– Келиңиз, Эскерүүлөрдү Кабыл алуучу, – деди аял сыпаалык менен.

– Ой, жок. Мени Жонас деп эле айтыңызчы.

Кызматкер аял жылмайып, кнопканы басты эле, сол жактагы эшиктин ачылган үнү угулду.

– Кирсең болот.

Жонас буйдала түштү, муну кызматкер аял да туйду. Коммунада эшиктер кулпуланчу эмес. Бери болгондо, Жонас мындайды мурда көргөн эмес.

– Кулпу эч ким Кабыл алуучунун тынчын албашы үчүн керек, – деп түшүндүрдү аял. – Мисалы, Велосипед оңдоо бөлүмүн издеп жүргөн кишилер келе берсе, ал кантип ойлонмок эле?

Жонас күлүп ийди да, жеңилдей түштү. Коммунада дарегин улам алмаштыра бере турган чакан жана анча маанилүү болбогон Велосипед оңдоо бөлүмү жөнүндө тамашалар көп айтылчу.

– Коркпой эле кой, – деди кызматкер аял. Анан саатын карап кошумчалады:

– Бирок ал күткөндү жаман көрөт.

Жонас эшиктен өтүп, жайлуу бир бөлмөгө кирди. Өзүнүн бөлмөсүнө окшошуп кетет экен. Коммунадагы эмеректердин баары бирдей: ыңгайлуу, бекем болчу. Уктай турган керебет. Тамактана турган стол. Отуруп иштей турган жазуу столу.

Бул кенен бөлмөдө коммунанын үйлөрүндөгү эле эмеректер экен. Бирок эмнегедир башкачараактай.

Отургучтар менен диван жумшак, кооз кездемелер менен капталыптыр. Отургучтардын буттары да түз эмес, ийилип, кооздолуптур. Бурчтагы керебет саймалуу жапкыч менен жабылыптыр.

Бирок Жонас баарынан да китептерге таң калды. Өзүнүн үйүндө коммунадагы башка үйлөрдөгүдөй эле сөздүктөр, үйлөрдүн, офистердин, фабрикалардын жана коммуна комитеттеринин көрсөткүчү, анан, албетте, Эрежелер китеби бар болчу.

Башка китептерди өмүрүндө көргөн эмес. Алардын бар экенин да билчү эмес.

Ал эми бул бөлмөдө шыпка чейин тирелген китеп текчелерде жүздөгөн, а балким, миңдеген китептер бар экен.

Жонас алардан көзүн ала албай турду. Бул миңдеген барактарда эмнелер жазылды болду экен? Коммунаны башкара турган дагы башка эрежелерби? Же дагы башка офистер, фабрикалар жана комитеттер бар болду бекен?

Бирок баарын шашпай карап чыкканга болбоду: столдо отурган киши андан көз албай карап туруптур.

Жонас ыкчам басып барды да, бир аз таазим кылып, өзүн тааныштырды:

– Мен Жонасмын.

– Билем. Кош келипсиң, Эскерүүлөрдү Кабыл алуучу.

Жонас таанысы. Бул баягы аземде башкалардан өзгөчөлөнүп турган аксакал эле.

Жонас анын өзүнүкүнө окшош көгүш көздөрүн тартынып карады.

– Сэр, кечиресиз, бирок мен түшүнө албай турам...

Күтүп калды, бирок жооп болгон жок.

Жонас сөзүн улантты:

– Мен ойлодум эле, тагыраак айтканда, ойлоп турам, – деп сөзүн оңдоду. Жөнөкөй эле күндөлүк жашоодо сөздөрдү туура колдонуу керек болсо, мындай кишинин алдында андан бешбетер болуш керек да. – Менин оюмча, Эскерүүлөрдү Кабыл алуучу сизсиз. А мени болсо жөн гана дайындашты, башкача айтканда, кечээ гана тандашты. Мен али эч ким эмесмин. Азырынча эч ким эмесмин.

Тиги киши аны ойлуу карап турду. Анын көз карашында кызыгуу, тынчсыздануу, анан бир аз боор ооруу бар эле.

Акырында ал сүйлөй баштады:

– Бүгүндөн, ушул мүнөттөн баштап мен үчүн сен Кабыл алуучусуң. Мен узак, абдан узак мезгил бою Кабыл алуучу болдум. Өзүң деле сезип турган чыгарсың.

Жонас баш ийкеди.

Чалдын жүзүн бырыш басып, көгүш көздөрү кунт коюп караганы менен чарчаңкы тартып турду.

Көзүнүн тегереги карарат.

– Абдан карыганыңыз байкалып турат, – деди Жонас сылык-сыпаа. Коммунада карыларды абдан сыйлашчу.

Чал жылмайып, бырыш баскан жүзүн сылап койду.

– Чынында мен андай деле кары эмесмин. Мени жумуш карытып койду. Эбак эле Узатуу тизмесине киргизе тургандай көрүнөрүмдү өзүм да билем. Бирок чындыгында али көп убактым бар. – Ал бир аз унчукпай калды. – Сени тандап алышканда аябай

кубандым, анткени бул иш абдан создугуп кеткен. Мурунку оңунан чыкпай калган тандоо он жыл илгери болгон, андан бери бир топ алдан тайдым. Эми калган күчүмдү сени тарбиялаганга арнайм. Экөөбүздү узакка созула турган оор иш күтүп турат.

Ал отургучту көрсөттү.

– Отур.

Жонас жумшак орундукка көчүк басты.

Чал көзүн жумуп, сөзүн улантты:

– Мени да сен сыяктуу эле он эки жашымда тандап алышкан. Мен да сен сыяктуу эле корккомун.

Көзүн ачып, Жонасты тиктеди эле, ал баш ийкеди.

Чалдын көзү кайра жумулду.

– Окууну баштайын деп ушул бөлмөгө келгемин. Андан бери канча мезгил өттү. Мурдагы Кабыл алуучу да азыркы мен сыяктуу абдан карыдай көрүнгөн. Мен сыяктуу эле абдан чарчагандай сезилген.

Бир маалда түзөлө түштү да, көзүн ачты:

– Сурооң болсо, бере бер. Мага баарын сүрөттөп айтыш кыйын, анткени муну айтууга тыюу салынган.

– Билем, сэр, – деди Жонас, – инструкцияны окугамын.

– Баарын айтпасам да болот турбайбы, – деп күлүп койду чал. – Менин ишим абдан маанилүү жана ардактуу. Бирок бул мен төп келишкен кишимин деген сөз эмес, Бир жолу шакирт чыгарганга аракет кылдым, бирок болбоду. Өзүңө жардамы тие турган суроолоруң болсо бере бер.

Жонастын көптөгөн суроолору бар эле. Миңдир, балким, миллиондур. Текчелердеги китептер сыяк-

туу. Бирок берген жок. Азырынча берген жок.

Чал оор күрсүнүп, эмнеден баштасам дегендей сыяктанды. Анан сөзүн улантты:

– Бул жөнөкөй нерсе эмес, бирок жөнөкөйлөтүп айтканда, менин милдетим – сактап жүргөн эскерүүлөрүмдү баарын сага берүү. Илгеркилерди айтып берүү.

– Сэр, – деди Жонас уялып, – сиздин эскерүүлөрүңүздү угуу мен үчүн абдан кызык. – Анан кошумчалай койду:

– Кечирип коюңуз, сөзүңүздү бузуп койдум окшойт.

Чал колун шилтеп койду.

– Бул бөлмөдө кечирим сурабай эле кой. Ага убакыт жок.

– Сэр, – деди Жонас, кайра эле сөздү бузуп жатканына бир аз уялып, – мага чынында эле кызык, бирок мунун эмне үчүн маанилүү экенин түшүнө албай турам. Мен коммунада чоңдордун ишин аткарып, эс алуу маалында келип, сиздин бала кездеги окуяларыңызды угуп турсам деле болот да. Муну жан-дилим менен жасайм. Анан калса, – деп кошумчалады Жонас, – Карылар үйүндө ушундай кылчумун. Карыялар балалыгы тууралуу кеп салганды жакшы көрүшөт, мен да аларды угуп отурганды жакшы көрөм.

Чал башын чайкады.

– Жок, жок. Мен туура эмес түшүндүрүп койдум окшойт. Эскерүүлөр менин балалыгым жөнүндө эмес.

Ал креслого чалкалай отурду.

– Бул – бүт дүйнөнүн эскерүүлөрү, – деп күрсүндү

ал. – Мага чейин, сага чейин, мурунку Кабыл алуучуга чейин, көптөгөн муундарга чейин болгондорду эскерүү.

– Бүт дүйнөнүн? – Жонастын кабагы бүркөлө калды. – Мен түшүнбөй турам. Сиз бизди эле айткан жоксуз да? Коммунаны да айткан жоксуз. Анда Башка жерди айтып жатасызбы?

Ал чалдын айтканын түшүнүүгө аракет кылды.

– Кечирип коюңуз, сэр. Мен такыр түшүнбөй койдум. «Бүт дүйнө», «көптөгөн муундарга чейинки» дегендериңизди түшүнө албай атам. Мен экөөбүздү эле ойлогомун.

– Жок, андай эмес. Буга баары: Башка жер, илгери бизге чейин болгондордун бардыгы кирет. Мен муну тандалгандан кийин билгемин. Ушул бөлмөдө жалгыз отуруп ошолорду кайра-кайра ойлой берем. Акылмандык бизге ошентип келет. Биз келечекти ушинтип курабыз.

Чал оор дем алды.

– Менде эскерүүлөр толуп-ташып турат.

Жонастын чалга боору ооруп кетти.

– Бул, кандай десем... – чал ылайыктуу сөз издегендей унчукпай калды, – оор карда чана тепкендей эле кеп. Адегенде апкаарыйсың: зуулдаган ылдамдык, муздак, таза аба, бирок кар барган сайын калыңдап, чана жайлай баштайт да, акырында илгерилеш да кыйындап, түрткөнгө туура келет...

Ал бир маалда башын чулгуп, Жонаска тигилип калды.

– Сен түшүнбөй калгандайсың?

Жонас уялып кетти.

– Жок, сэр.

– Албетте, түшүнбөйсүң. Кар деген эмне экенин деле билбейсиң да.

Жонас башын чайкады.

– А чананы билесиңби?

– Жок, сэр.

– А тоодон түшүү дегендичи? Аны деле билбесең керек?

– Ооба, сэр.

– Мына азыр ушундан баштайбыз. Эмнеден баштасам экен деп аттым эле. Керебетке көмкөрөңдөн жат. Курткаңы чечип кой.

Жонас ал айткандай кылды. Бир аз коркуп турду. Жаткан соң керебетке жабылган кездеменин жумшактыгын сезди. Чал туруп, коммунадагы үйлөрдүн ар биринде боло турган үн алгыга барды. Башкалардан айырмаланып, анын өчүргүчү да бар экен. Чал өчүргөндө билди.

Жонас таң калганынан кыйкырып жибере жаздады. Ал үн алгыны өчүрүп коё алат экен! Мына сага!

Чал керебеттин жанындагы отургучка келип көчүк басты. Жонас эми эмне болор экен деп күтүп жатты.

– Көзүңдү жум. Коркпо, эч жериң оорубайт.

Жонас суроо бергенге акысы бар экенин эстеди.

– Сиз эмне кылганы жатасыз, сэр? – деп сурады ал, үнүмдүн калтыраганы билинбесе керек деген үмүт менен.

– Мен сага кар жөнүндөгү эскерүүнү берейин деп турам, – деди ал колун анын жылаңач аркасына коюп.

# 11

Адегенде Жонас өзгөчө нерсени деле туйган жок, болгону аркасындагы чалдын колун гана сезди.

Өзүн жайгарып, бир калыпта дем алганга аракет кылды. Бөлмөдө жымжырттык өкүм сүрүп, окуунун биринчи күнүндө көзүм илинип кетип, уят болбосом экен деп коркту.

Жонас селт эте түштү: аркасындагы кол эмнегедир муздап кетти. Анан эле аба, ал тургай өзүнүн деми да муздады. Эрдин жалап көрүп, суукту тили менен сезди. Таң калганы менен эмнегедир корккон жок. Өзүн күчтүү сезип, дем тартты эле, бул жолу аба мупмуздак экен. Эми муздак шамалдын эпкини колдоруна, аркасына тийгенин сезди.

Чалдын колу эми сезилбей калды.

Кайра жаңы сезим пайда болду. Денесин тызылдатып бир нерсе чагып жаткансыды. Бирок ооруган жок, болгону муздак тыбыттар жүзүнө, бүт денесине түшүп жаткандай. Тилин чыгарып, алардын бирин тосуп алды. Ал заматта эрип кетти. Анан дагы бирөөнү тутту, мына, дагы бирөөнү... Жонас жылмайып койду.

Карылар үйүнүн жанындагы бир имараттын бөлмөсүндө жатканын билип турду. Бирок ошол эле учурда жумшак керебет жапкычтын үстүндө эмес, катуу, жалпак нерсенин үстүндө жатканын

да туюп жатты. Колдору суу жипти кармап турду.

Анан көздөрү жумулуп турса да, каалгып жүргөн жаркырак кристаллдарды көрдү. Алар муздак мамык болуп колун жаап калыптыр.

Анан өзүнүн буркураган демин көрдү.

Бороондун арасынан (капысынан эле жанагы чал айтып жаткан кар ушул экенин түшүнө койду) алыс жактар да көрүнүп турду. Ал бийик жерде туруптур. Жер бетин үлпүлдөгөн аппак кар каптап, бирок ал жерде эмес, катуу, жалпак нерсенин үстүндө отуруптур.

«Чана» деген сөз келди оюна. Ал отурган нерсе чана турбайбы. Чана болсо жерден алда канча бийикте турган нерседе экен. Эми анын оюна «дөбө» деген жаңы сөз келди.

Анан жанагы чана Жонасты алып жөнөдү, көрсө, ылдый баратышыптыр. Эч ким түшүндүрбөсө да түшүндү.

Бет алдынан шамал согуп, «чана» деген неме менен жанагы «кар» деген нерсени жарып баратты.

Булардын баарын түшүнгөн соң Жонас ылдамдыктан, таза муздак абадан, жымжырттыктан рахат ала баштады. Жаны жыргап, жай ала түштү.

Бара-бара мурункудай тик ылдый болбой, чана кардан улам жайлай баштады. Жонас бүт денеси менен булкунуп, чананы жылдырганга аракет жасады.

Таманы карга баткан соң, чана токтоп калды. Жонас жипти кармап, энтигип отурду. Акырында жанагы дөбөнү, чананы жана карды көрүп турган көзүн эмес, кадимки өзүнүн көзүн ачканга аракет кылды. Көзүн ачса, баягы эле керебетте мурунку калыбында жатыптыр.

Чал аны карап отуруптур.

– Өзүңдү кандай сезип турасың?

Жонас отурду да, туурасын айтканга аракет кылды.

– Аябай таң калдым, – деди ал ойлонуп көрүп.

Чал жеңи менен чекесин сүрттү.

– Өх, абдан чарчадым. Бирок сага берген ушул кичинекей эскерүү да... Бир топ жеңилдей түштүм.

– Сиз... Мен сизге суроо берсем болот да?

Чал баш ийкеди.

– Сиз чана тебүү жөнүндө эскерүү эми менде жок дегени турасызбы?

– Ооба. Менин жүгүм бир аз болсо да жеңилдей түштү.

– Укмуш турбайбы! Эми сизде ал жок турбайбы! Мен алып алган турбаймбы!

Чал күлүп ийди.

– Мен сага болгону бир жолу чана менен дөбөдөн түшкөнүмдү бердим. Менде мындай эскерүүлөр өзүнчө эле бир дүйнө. Сага миңди берсем да, ашып калат.

– Анда биз дагы ушундай кылсак болот турбайбы? Мен абдан каалайт элем. Жибинен тартсам, жылат болуш керек. Бул жолу аракет да кыла албадым.

Чал жылмайып, башын чайкап койду.

– Балким, кийинчерээк көңүл ачыш үчүн ошондой кылса кыларбыз. Бирок азыр биздин оюнга убактыбыз жок. Мен болгону сага кандай болорун гана көрсөтүп коёюн дедим. Эми азыр жат. Мен...

Жонас унчукпай жатты. Дагы жанагыдай нерселерди туйгусу келди. Анан суроолор абдан көп экенин сезди.

– Эмне үчүн бизде кар да, чана да, дөбө да жок? – деп сурады ал. – Алар качан болгон? Менин ата-энем бала кезинде чана бар беле? Сиздикичи?

Чал ийинин куушуруп койду.

– Жок. Бул абдан эски эскерүү. Канча муун аркылуу алып келгендиктен, чарчап, алым кетип калбадыбы. Мен муну Кабыл алуучу болгондо алгамын, мурунку Кабыл алуучу да аны алыстан алып келген.

– Анда алар эмне болгон? Кар жана башка нерселер?

– Климатты башкаруудан улам жок болгон. Кар эгиндердин өсүшүн кыйындатып, түшүмдү азайткан. Болжолсуз аба ырайы азык-түлүк ташууну кыйындатып, кээде такыр токтотуп койгон учурлар болгон. Бул зыяндуу болгондуктан, өзгөрмө аба ырайын жок кылып, Бирдейликти жаратканбыз. Дөбөлөр да, – деп кошумчалады ал, – азык-түлүк ташууга жолтоо болгон. Жүк машиналардын, автобустардын жүрүшүн кыйындаткан. Анан ошентип, мына, – деп колун шилтеп койду чал, дөбөлөрдү тегиздеп таштагандай, – Бирдейлик болду, – деп акырында жыйынтыктады.

Жонас кабагын бүркөдү.

– Бардыгы болсо жакшы болмок. Жок дегенде кээде.

Чал күлүмсүрөдү.

– Мен да ошондой деп ойлойм. Бирок аны биз чечпейбиз да.

– Бирок сэр, сиздин колуңуздагы бийлик...

– Урмат, – деп оңдоду чал. – Урмат, болгону ушул. Ал сенде да болот. Убагы келгенде урмат менен бийлик эки башка нерсе экенин түшүнөсүң.

– Эми жат. Аба ырайы жөнүндө кеп болуп калды, эми сага дагы бир нерсе көрсөтөйүн. Бирок мен сага мунун атын айтпайм: сенин кабыл алууңдун деңгээлин текшерип көрөйүн. Атын сен өзүң таап ал. Жана мен билбей «кар», «чана», «дөбө» деп баарын айтып алдым.

Жонас чалдын буйругун күтпөй эле көзүн жумду. Аркасындагы чалдын колун кайра сезди. Бул жолу тез эле сезди. Чалдын алаканы муздаган жок, тетирисинче, ысып баратты. Ал тургай бир аз тердеп да кетти. Ысык белинен ийинине карай жайылып, андан ары моюнуна, бетине тарады. Бүт денеси ысыктан балкып чыкты. Жанагыдай эле эриндерин жалап көрүп, ысык, нымдуу абаны сезди.

Ал кыймылдаган жок. Чана жок эле. Болгону ысыкты туюп жата берди. Ал үстү жактан келип атты. Бул жанагы чана тепкендей кызыктуу болбосо да, жаны жай алып турду. Капыстан эле бир ой келди: «Күндүн нуру болсо керек». Анан нур жогортон келип жатканын түшүндү.

Анан баары бүтүп калды.

– Күндүн нуру, – деди Жонас көзүн ачып жатып.

– Абдан жакшы. Сен сөздү кабыл алдың. Бул менин ишимди жеңилдетет. Азыраак түшүндүрөм.

– Ал асмандан келип жатты.

– Туура. Мурун ошондой болчу.

– Бирдейликке чейин. Климатты башкарганга чейин, – деп кошумчалады Жонас.

Чал күлүп жиберди.

– Сен ыкчам кабылдап, тез үйрөнүп атасың. Мен сага ыраазы болдум. Менимче, бүгүнкүгө жетет. Башталышы жакшы.

Жонастын бир нерсе тынчын алып турду.

– Сэр, аземде Башкы аксакал да, сиз да денебоюң ооруйт деп айттыңыздар эле. Мен бир аз корккомун. Бирок азыр эч жерим деле ооруган жок, ал тургай тескерисинче, абдан жакты.

Ал чалды суроолуу тиктеп калды.

Чал үшкүрүп койду.

– Мен жагымдуу эскерүүлөрдөн баштадым. Мындан мурунку оңунан чыкпай калган тажрыйбам көп нерсеге үйрөттү. – Кайра оор күрсүндү. – Оору көп болот. Бирок сөзсүз эле андан баштабаса да болот.

– Мен эч нерседен коркпойм. Чын айтам. – Жонас какая түштү.

Чал аны теше тиктеди.

– Көрүп турам, – деди ал күлүмсүрөп. – Анча каалап турсаң, дагы бир сеанска чыдайт болушуң керек. Кайра жат. Бул бүгүнкүнүн соңку эскерүүсү болот.

Жонас кубанган боюнча жата кетти да, көзүн жумду. Дагы баягы аркасындагы колду, асмандан келип жаткан күн нурунун жылуулугун сезди. Бул жолу күн нуруна киринип жатып, баштагы Жонас бир-эки мүнөт өткөнүн туйса, Кабыл алуучу Жонас бир нече саат өткөнүн сезди.

Күн терисин куйкалап баратты. Өйдө турайын дегенде дене-бою сыздап ооруп кетти.

– Ай! – деп кыйкырып ийди ал.

Кандайдыр бир сөз бар экенин билип турса да, оорудан улам эсине келбей койду.

Анан баары бүтүп калды. Жонас оорудан бетибашын бырыштырып, көзүн ачты.

– Абдан ооруду, – деди ал чалга, – ошондуктан сөздү кабыл ала албай койдум.

– Бул күндүн күйгүзгөнү болчу.

– Катуу ооруду. Бирок муну көргөзгөнүңүз жакшы болду. Кызык экен. Эмне үчүн эскерткениңизди эми түшүндүм.

Чал жооп берген жок. Унчукпай турду да, анан айтты:

– Тур. Үйгө кете турган маал болду.

Экөө эшикти көздөй басышты. Жонас формасын кийди.

– Көрүшкөнчө, сэр. Биринчи күн үчүн рахмат.

Чал баш ийкеп койду. Чарчап, ындыны өчкөндөй көрүндү.

– Сэр, – деп тартынып айтты Жонас.

– Бир нерсе сурагың келип турабы?

– Мен сиздин атыңызды билбей турам. Сизди Кабыл алуучу го деп ойлогомун, бирок сиз Кабыл алуучу эми сенсиң дедиңиз. Ушундан улам сизди кантип атаарымы билбей турам.

Чал жумшак креслого отура кетти. Жагымсыз бир сезимден кутулгусу келгендей ийинин куушуруп койду. Абдан чарчаган шекилди.

– Мени Берүүчү деп айт, – деди ал Жонаска.

# 12

– Кандай уктадың, Жонас? – деп сурады апасы таңкы тамак учурунда. – Түш көргөн жоксуңбу?

Жонас жылмайып койду. Алдаганга даяр эмес эле, бирок чынын айткысы да келген жок.

– Абдан катуу уктапмын, – деди ал.

– Бул да ошондой уктаса болот эле, – деди атасы, Габриэлге эңкейип.

Ал болсо жердеги себетте колун сермеп жатат. Себеттин бурчунда көзүн тостойтуп оюнчук бегемот отурат.

– Ооба, – деди апасы. – Түнкүсүн көп ойгончу болду.

Жонас аны сезген жок, анткени чынында эле катуу уктаган болчу. Бирок түш көргөн.

Түшүндө баягы кар баскан дөбөдөн кайра-кайра түшүп атыптыр. Кандайдыр бир максаты бардай (аны өзү деле жакшы билбейт экен), ал тиги чанасы батып калган дөбөнүн этегинен да алыс имиш.

Ойгонгондон кийин да ошол өзү эңсеп жеткиси келген нерсе жөнүндө ойлонуп жатты. Абдан сонун бир нерсе күтүп тургандай. Жагымдуу, абдан маанилүү.

Бирок ал жакка кантип жетишти билбейт.

Бүгүн мектепте бардыгы мурункудай эмес эле.

Сабактар баягы эле: тил жана байланыш каражаттары, илим жана техника, укук жана башкаруу. Бирок танапис учурунда жана түшкү тамакта башка он эки жаштагылар өздөрүнүн алгачкы күнүн ооздору тынбай айтып жатышты. Баары биринин сөзүн бири буза кетип, кайра кечирим сурашып, бирок кайра эле чыдай албай сүйлөп ийип ызы-чуу болуп жатышты.

Жонас угуп турду. Окууну талкуулоого болбой турганы эсинде болчу. Эмнелерди сезгенин досторуна кантип айтып берет? Дөбө, кар эмне экенин түшүндүрбөй туруп чана жөнүндө кантип айтып бересиң? Эч качан дөбөгө чыкпаган, бетине муздак шамал урбаган, жанагы тызылдаткан таң калардык суукту сезбеген немелерге дөбөнү, карды кантип түшүндүрөсүң? Туура сүйлөө сабагында үйрөнгөн сөздөр күн нурун айтып берүүгө жетпес.

Ушундан улам Жонас башкалардын сөзүн угуп, унчукпай отурду.

Мектептен кийин кайра Фиона менен Карылар үйүнө жөнөдү.

– Мен сени кечээ чогуу кетели деп издедим. Велосипедиң турган экен, аны көрүп бир топ күтүп турдум. Анан кеч болуп кеткендиктен, кетип калдым.

– Күттүргөнүм үчүн кечирип кой, – деди Жонас.

– Кечирдим, – деди Фиона көнүмүш адат боюнча.

– Мен кармалып калбадымбы, – деди Жонас күнөөлүүдөй.

Кыз педалды айландырып баратты. Жонас анын сөзүн улантат го деп күтүп калганын сезди. Алгачкы күнүн айтып берет го деп турат. Бирок сурай албайт, сураса одонолук болуп калмак.

– Сен ыктыярдуу жумуш сааттарында карылар менен көп иштебедиңби, – деп теманы өзгөрттү Жонас. – Баарын билет болушуң керек.

– Жок, үйрөнө турган нерселер көп! – деп жооп берди Фиона. – Административлык иштер, диеталар, тил албагандарды жазалоо. Билесиңби, карыларды да кичинекей балдардай эле жазалашат экен! Анан эмгек терапиясы, активдүү эс алуу, дарыдармек дегендер да бар...

Имаратка жетип, велосипеддеринен түшүштү.

– Мага мектепке караганда ушул жер көбүрөөк жагат, – деп мойнуна алды Фиона.

– Мага дагы, – деди Жонас, велосипедин коюп жатып.

Кыз сөзүн улантат го деп бир аз күтүп туруп, анан саатын карады да, коштошуп, эшикти көздөй чуркады.

Жонас таң калгандан селейе түштү. Баягы Көрөгөчтүк деген нерсе кайра кайталанды. Азыр болсо Фиона көз ирмемге өзгөрө түшкөн эле. Бул эшикти ачып жатканда болду. Эстеп көрүп, баары өзгөрбөгөнүн түшүндү. Бир гана чачы. Көз ирмемге гана.

Жонасты ой басты. Бул көп кайталанчу болду. Адегенде бир нече жума мурунку алма, анан эки күн мурунку лекториядагы кишилер, эми болсо Фионанын чачы.

Жонас кабагын чытыган бойдон имаратка кирди. «Берүүчүдөн сурап көрөйүн», – деп чечти ал.

Чал аны жылмайып тосуп алды. Керебеттин жанында отуруптур, кебетеси кечээгиге караганда жакшы, эс алгандай түрү бар. Жонастын келгенине сүйүнгөнү сезилди.

– Саламатсыңбы! Ишке киришели. Сен бир мүнөткө кечиктиң.

– Кечирим сурайм, – деди Жонас, бирок бул жерде кечирим суралбай турганын эстеп унчукпай калды.

Формасын чечти да, керебетке карай басты.

– Кечигип калдым, анткени бир нерсе болду, – деп түшүндүрдү Жонас. – Эгер каршы болбосоңуз, мен сизден ошону сурайын дедим эле.

– Каалаган нерсеңи сурасаң болот.

Жонас айта турган нерсесин ачык элестеткенге аракет кылды.

– Менин оюмча, бул жанагы сиз айткан Көрөгөчтүк деген нерсе болуш керек.

– Айтып көрчү.

Жонас алма жөнүндө, анан залда отурган элдин өңү өзгөрө түшкөнү жөнүндө айтып берди.

– Бүгүн да бул жакка кирердин алдында Фиона ушундай болду. Бир нерсе көз ирмемге өзгөрө түштү. Анын чачы башкача боло калды. Узундугу мурункудай эле, бирок билбейм эмне экенин... – Жонас жана эле болгон нерсени жакшы айтып бере албай жатканына туталанып унчукпай калды.

Анан акыры мындай деди:

– Өзгөрдү. Бирок кандай өзгөргөнүн билбей калдым. Ошон үчүн бир мүнөт кечигип калдым, – деди ал, Берүүчүнү суроолуу тиктеп.

Анан тиги Көрөгөчтүккө тиешеси жок башка эле суроо бергенде таң кала түштү.

– Кечээ мен сага чана тебүү жөнүндөгү эскерүүлөрдү бергенде айлананды карадың беле?

Жонас баш ийкеди.

– Бирок жанагы абадагы нерселер, башкача айтканда, кар жолтоо болгон.

– Чананы карадың беле?

Жонас ойлоно түштү.

– Жок, мен ага отурганымы гана сезгемин. Түндө түшүмө да кирди. Бирок түшүмдө да караган жокмун, болгону туйдум.

Эми Берүүчү ойлонуп калды.

– Мен сени тандаганга чейин байкап жүрүп, ушундай жөндөмүң бар экенин билгемин, азыр айткандарың да ошону далилдеп турат. Мен да сендей кезимде (Кабыл алуучу болордун алдында) ушундайды сезе баштагамын, бирок меники башкачараак болчу. Аны сага айтып бере албайм, сен баары бир түшүнбөйсүң. Бирок сеники кандай иштээрин түшүнгөндөй болуп турам. Кана, жатчы, текшерип көрөлү.

Жонас керебетке жатып, колун капталына койду. Көңүлү жай эле. Көзүн жумуп, Берүүчүнүн көнүмүш боло түшкөн колун күтүп калды.

Бирок эч нерсе болгон жок. Берүүчү болгону мындай деп айтты:

– Чана тепкениңди эсте. Дөбөнүн үстүндө турасың, али жыла элексиң. Бул жолу чананы кара.

Жонас аң-таң боло түшүп, көзүн ачты.

– Кечиресиз, – деди ал сылык-сыпаа, – сиз мага эскерүү бербейсизби?

– Эми ал сеники. Эми мен аны сезе албайм. Аны сага бердим.

– Мен аны кантип чакырам?

– Сен өткөн жылды, же болбосо жетиге же бешке чыкканыңы билесиң да?

– Албетте.

– Бул деле так ошондой. Коммунадагы ар бир кишинин бир муундун чегиндеги эскерүүлөрү бар. А сен болсо эми андан ары кете аласың. Эстеп көр. Болгону ынтаа кой.

Жонас көзүн жумду. Терең дем алды да, чананы, карды, дөбөнү эстегенге аракет кылды.

Алар баягы эле жерде экен. Баягы эле дөбөдө турат, айланасында карлар каалгып жүрөт. Жонас жылмайып, оозунан буу чыгарды. Анан чал айткандай ылдый жакты карады. Колдорун көрдү. Колунда чананын жиби турат. Буттарын көрүп, чананы көрүш үчүн эки жакка жылдырды.

Таң калганынан катып калды. Бул баягы көз ирмемдеги элес эмес болчу. Көзүн жумуп кайра ачса деле чана баягы алмадан, Фионанын чачынан байкаган касиетке ээ болуп тура берди. Өзгөргөн жок. Турат, болду.

Жонас көзүн ачып, кыймылсыз жатты.

Берүүчү аны кызыгып карады.

– Ооба, – деди Жонас, – мен жанагыны чанадан көрдүм.

– Башкача кылып көрөлү. Столдун артындагы китеп текчени кара. Үстүнкү текчедеги китептерди көрдүңбү?

Китептерди карады эле, өзгөрүп кетти. Бирок бул көз ирмемге гана созулду.

– Китептер да ошондой болду. Бирок кайра жок болуп кетти.

– Менин ойлогонум туура экен. Сен кызыл түстү көрө баштадың.

– Эмнени?

Берүүчү оор күрсүндү.

– Кандай деп түшүндүрсөм? Качандыр бир кезде, эскерүүлөр учурунда бардык нерселердин азыркыдай эле формасы менен өлчөмү болгон, бирок андан тышкары түс деп аталган белгиси да болгон. Сен көрө баштаган нерсе ошол. Сенин курбуң Фионанын кызгылт сары чачы бар, аны мен мурун эле байкагамын, андай чач сейрек болот. Фионанын чачын айтканда эле кызыл түстү көрө баштаган окшойт деп ойлогомун.

– Ал эми азем учурунда көрүнгөн кишилердин жүздөрүчү?

Берүүчү башын чайкады.

– Жок, теринин түсү кызыл болбойт. Бир аз кызгылтым болот. Бирок бир убактарда терилер да ар кандай түстө болгон. Бирдейлик орногонго чейин ошондой болгон. Азыр баарынын териси бирдей, сен көргөн болсо кызгылтым түс. Сен көргөндө кишилердин жүзү алмадай, же болбосо курбуңдун чачындай ачык болбосо керек деп ойлойм.

Берүүчү капыстан күлүп жиберди:

– Биз баары бир толук Бирдейликке жетише алган жокпуз. Генетиктер дагы эле иштеп жатышат го дейм. Алар Фионаныкындай чачтарды көргөндө жинденип кете жаздашат.

Жонас түшүнүүгө аракет кылып жатты.

– А чаначы? – деп сурады ал. – Ал кызыл түстө экен. Ал өзгөргөн жок, Берүүчү. Болгону эле ошондой түстө экен.

– Анткени бул эскерүү түстөр бар мезгилге тандык.

– Бул... ох, жанагы сөздү таба албай атпаймынбы! Кызыл беле?

– Ооба.

– Сиз аны дайыма көрөсүзбү?

– Мен баарын көрөм. Бардык түстөрдү.

– А мен көрөмбү?

– Албетте. Жетишерлик эскерүү алгандан кийин. Сенде Көрөгөчтүк касиет бар. Анан да акылман болосуң. Түстөрдү жана башка нерселерди көрө турган болосуң.

Жонас акылмандыкка кызыккан деле жок. Аны түстөр кызыктырып турду.

– Эмне үчүн аларды башкалар көрө албайт? Эмне үчүн түс жок болуп кеткен?

Берүүчү ийинин куушуруп койду.

– Муну эл тандаган. Бирдейликти тандаган. Мага чейин, илгери-илгери ошондой болгон экен. Күн нурунан, дегеле бардык айырмачылыктардан баш тартканда, түстөрдөн да баш тарткан экенбиз. – Ал ойлонуп калды. – Биз көп нерселерди башкарганга жетиштик, бирок көп нерселерден баш тартууга аргасыз болдук.

– Андай кылбаш керек болчу! – деп кыйкырып ийди Жонас.

Берүүчү буга таң кала түштү. Анан жылмайып койду.

– Сен бул жыйынтыкка ыкчам келдиң. Мен көп жылда барып келген элем. Сен сыягы, акылмандыкты мага караганда тез өздөштүрөт болушуң керек. – Ал саатын карады. – Кайра жат. Иш көп али.

– Берүүчү, – деди Жонас керебетке кайра жатып, – сиз Кабыл алуучу болгондон кийин эмне болду

эле? Алысты көрө баштагамын, бирок сендей эмес элем деп айттыңыз го.

Колдор кайра аркасына тийди.

– Кийин, – деди чал эркелете. – Кийин айтым берем. Эми иштейли. Сага түс боюнча жардам берүүнүн жолун таптым. Көзүңү жумуп, тынч жат. Мен сага көк желе жөнүндөгү эскерүүнү берейин.

## 13

Күндөр, апталар өтө берди. Эскерүүлөрдөн улам Жонас түстөрдүн аттарын билип калды. Ал түстөрдү күндөлүк турмуштан да көрө баштады (бирок бул көнүмүш эмес экенин жана эч качан андай болбой турганын да жакшы билчү). Аларды кармап калууга мүмкүн эмес эле. Борбордук аянттагы шалбаадан, дарыянын жээгиндеги бадалдан жашыл түс жарк эте түшөт. Талаадан алып келген ашкабак бир саамга сапсары боло түшөт да, анан баягы эле бозоргон түс калат.

Берүүчү түстү кармап калыш үчүн дагы бир топ убакыт керек деп эскерткен.

– Мен азыр болушун каалайм! – деп кыйкырды Жонас. – Түстөрдүн жок болушу туура эмес да!

– Туура эмеспи? – деп таң калды Берүүчү. – Сен эмне дегени турасың деги?

– Билесизби... – Жонас бир аз ойлоно түштү. – Эгер бардыгы бирдей болсо, анда тандай албайсың! Мен, маселен, эрте менен ойгонуп, форманын кызылын кийсемби же көгүн кийсемби деп тандагым келет. А менин формам болсо дайыма бирдей.

Анан түссүз кездемеден тигилген формасын

карап күлүп койду:

– Мен билем, үстүңдөгү кийимиң маанилүү эмес. Туура, маанилүү эмес.

– Тандоонун өзү маанилүү, ушундайбы? – деп сурады Берүүчү.

Жонас баш ийкеди.

– Менин иним, – деп баштады ал. Бирок дароо сөзүн оңдоп кетти. – Жок, андай эмес. Чындыгында ал менин иним эмес. Бул жанагы менин үй-бүлөм багып жүргөн бала. Аты Габриэл.

– Ал жөнүндө кабарым бар.

– Ал азыр дүйнө тааный турган куракта да. Оюнчукту көрсөтсөң, кармалап көрөт. Атам бул аны майда кыймылга үйрөтөт деп айтат. Ал абдан сонун бала.

Берүүчү баш ийкеди.

– Түстөрдү айырмалай баштагандан бери мага кээде бир ой келет: ага кыпкызыл же сапсары оюнчук берсе кандай болор эле? Ал тандай алар беле?

– А эгер туура эмес тандап алсачы?

– А-а, – Жонас унчукпай калды. – Мен түшүндүм. Оюнчукка келгенде, бул маанилүү эмес. Бирок кийинчерээк абдан маанилүү болот. Биз адамдарга тандоо мүмкүнчүлүгүн бергенден коркобуз.

– Коркунучтуу болгондуктанбы?

– Ооба, – деди Жонас. – Эгер адам жубайын өзү тандаса кандай болор эле? Туура эмес тандап алсачы? Же болбосо, – деди ал, өзүнүн болбогон бир нерсени айтып жатканына күлкүсү келип, – кишилер жумушту өздөрү тандап алса?

– Бул коркунучтуу болуш керек, – деди Берүүчү.

– Өтө коркунучтуу. Мындайды элестетиш да кыйын. Чынында эле адамдарды туура эмес тандоодон коргош керек.

– Ошондо коопсузураак болобу?

– Ооба, – деп макул болду Жонас. – Коопсузураак болот.

Башка нерсе жөнүндө сүйлөшүп жатышканда да Жонас өзүн ыңгайсыз сезип, аны бир нерсе кыйнай бере турган болду, бирок ал эмне экенин өзү да билбейт.

Эми ал көп туталана турган болду: көп нерсе жетишпегенин сезбей, жашоосуна ыраазы болуп жүргөн группалаштарына ачуусу келет, колунан эч нерсе келбеген өзүнө ачуусу келет.

Аракет да кылып көрдү. Берүүчүдөн уруксат сурабастан туруп (ал баары бир уруксат бермек эмес) билгендерин досторуна айтып бергенге аракет кылды.

– Эшер, – деди ал бир күнү эрте менен. – Мына бул гүлдөрдү жакшылап карачы.

Алар Ачык жазуулар залынын эшигиндеги геран клумбасынын жанында турушкан. Жонас колун Эшердин ийинине коюп, гүлдүн кызыл желекчелерин кунт коюп тиктеди. Түстү мүмкүн болушунча көбүрөөк кармап, аны досуна бергенге аракет кылды.

– Эмне болду? – деп сурады Эшер. – Бир нерсе болдубу?

Ал Жонастын колунан бошонду. Өзүнүн үй-бүлөсүндөгүлөрдөн башка бирөөнү кармоо өтө одоно жорук болуп эсептелчү.

– Жок, эч нерсе болгон жок. Мага гүлдөр соолуп

бараткандай сезилди, багбандарга айтып коюш керек экен. – Жонас жеңил үшкүрүп, бурулуп кетти.

Бир күнү ал окуудан абдан көп нерселерди билип кайтты. Берүүчү ошол күнү абдан толкундата турган эскерүүнү тандаптыр. Анын колу аркасына тийген соң, Жонас таң каларлык бир жерде турганын сезди. Көпкөк асмандын алдындагы ачык жер экен. Сейрек өскөн чөптөр, бир нече бадал, таштар, жапыз өскөн чымыр дарактар. Тарсылдаган үндөр угулду да, «мылтык» деген сөз келди. Анан бирин-бири чакырган кыйкырыктарды угуп, жашынып турган жеринен акырын башын чыгарды. Берүүчүнүн качандыр бир кезде терилер түрдүү түстө болгон дегени чын экен: эки эркектин териси кара-күрөң, калгандардыкы ак экен. Жакыныраак барып караса, эркектер кыймылсыз жаткан пилдин азууларын кесип алып, канжалатып сүйрөп баратышыптыр.

Жонас мындай кызылды көрө элек болгондуктан, абдан катуу таасир этти.

Анан кишилер машинага отуруп жөнөй беришти, артынан таштар зырылдап учуп калды. Жонас ушуну менен бүттү го деп турса, эскерүү кайра уланды.

Эми ал башка бир пилди көрдү. Ал акырын токойдон чыгып келип, өлүп жаткан денени карады. Килейген тумшугу менен тигини түрткүлөп көрдү да, болбогон соң, дарактан бутактарды сындырып алып, тигинин канга боёлгон денесин жаап койду.

Анан эбегейсиз зор башын көтөрдү да, айкырып коё берди. Жонас мындайды дегеле уккан эмес. Кайгы менен ачуу аралашкан бул айкырык

бүтпөчүдөй сезилип кетти.

Көзүн ачса деле жанагы үн кулагында жаңырып турду. Кыймылдай албай керебетте жатты. Велосипед менен үйгө баратканда деле жанагы үн басылган жок.

– Лили, – деди ал кечинде текчеден жумшак оюнчук пилин алып жаткан карындашына. – Качандар бир кезде пилдер чын эле болгонун билесиңби? Тирүү пилдер?

Лили оюнчугун карады.

– Ооба, – деп шылдыңдап күлдү ал. – Албетте.

Жонас атасы менен Лилинин жанына барды. Атасы Лилинин чачындагы лентасын чечип, чачын тарай баштады. Жонас алардын артына отурду да, колдорун алардын ийиндерине койду. Жан-дили менен жанагы эскерүүнү – пилдин ачуу айкырыгын, эбегейсиз зор элесин, анын өлгөн досуна күйүп узатканын бергенге аракет кылды.

Бирок атасы эч нерсе болбогондой ойдолоп отурган Лилинин узун чачтарын тарай берди.

– Жонас, – деп жиберди акырында Лили, – ийинимди оорутуп жибердиң!

– Кечирип кой, Лили, – деп күбүрөгөн Жонас колун тартып алды.

– Кечирдим, – деп кайдыгер айтты Лили, жансыз оюнчугун сылап.

– Берүүчү, – деп сурады бир жолу Жонас жумуш алдында, – сиздин жубайыңыз барбы? Же сиздин никелешкенге акыңыз жокпу?

Оройлук эрежесин бузганга уруксат берилсе да, бул өтө одоно суроо экенин билип турду. Бирок

Берүүчү ар кандай суроо бергенге уруксат берип, капа болгонун же уяла түшкөнүн эч билдирчү эмес.

Берүүчү күлүмсүрөдү.

– Тыюу сала турган эреже жок. Жубайым бар болчу. Менин канча жашта экенимди унутпа. Жубайым азыр баласыз чоң адамдар менен жашайт.

– О, албетте.

Жонас чын эле Берүүчүнүн жашын унутуп коюптур. Коммунадагы чоң адамдардын жашоосу жаш өткөн сайын өзгөрчү. Алар үй-бүлө уюмунун ишине жарабай калышчу. Жонас менен Лили чоңойгон соң, алардын ата-энеси да башка баласыз чоңдор менен жашай башташат.

– Кааласаң, сен да жубай тандаганга арыз берсең болот. Бирок эскертип коёюн, бул оңой иш эмес. Маселен, коммунанын мүчөлөрүнө китеп окууга тыюу салынат. Биз экөөбүз гана китеп окуй алабыз.

Жонас бөлмөдөгү китептерди карады. Эми кээде алардын түстөрүн көрө турган болду. Берүүчү экөө эскерүүлөр менен иштеп жүрүп ушуга чейин алардын бирин да ачып көрө элек. Бирок алардын атын окуп, мында канча кылымдардан берки акылмандык катылып жатканын жана качандар бир кезде мунун баары өзүнө каларын билчү.

– Башкача айтканда, менин жубайым, мүмкүн, балдарым болсо, бул китептерди аларга көргөзбөшүм керек турбайбы?

– Ооба, мага да китептерди жубайыма бергенге уруксат беришкен эмес. Мындан башка да кыйынчылыктар бар. Жаңы Кабыл алуучу окууну башка бирөөлөр менен талкуулай албайт деген эреже эсиңдеби?

Жонас баш ийкеди. Ал эрежени жакшы билчү жана кээде ушул чектөөгө абдан капа болуп кетчү.

– Ишти бүтүрүп, расмий түрдө жаңы Кабыл алуучу болгондон кийин сага жаңы эрежелер жыйнагын беришет. Мен да ошол эрежелерге баш ием. Жаңы Кабыл алуучудан, башкача айтканда, сенден башкалар менен жумуш тууралуу сүйлөшүүгө мага да тыюу салынат. Сен өмүрүңдүн зор бөлүгүн үй-бүлөң менен бөлүшө албайсың. Бул абдан оор, Жонас. Мен абдан кыйналгамын. Эскерүүлөр – менин жашоом экенин түшүнөсүңбү?

Жонас таң калып турса да баш ийкеди. Жашоо деген күндө кылган иштериң эле да, же андай эмеспи?

– Мен сиздин сейилдеп жүргөнүңүздү көрүп калам.

Берүүчү үшкүрүп койду.

– Ооба, сейилдейм. Убагында тамактанам. Аксакалдар комитетине чакырып калышса, барып, кеңеш берем.

– Аларга көп кеңеш бересизби?

Жонас Аксакалдарга кеңеш бериш керек дегенден коркуп кетти.

Берүүчү башын чайкады.

– Кээде. Таптакыр жаңы нерсеге дуушар болушканда. Андайда эскерүүлөргө кайрылып, анан кеңеш бер деп чакырышат. Бирок мындайлар сейрек болот. Менин билимимден көбүрөөк пайдаланышса сүйүнөт элем, анткени айта турган нерселер абдан көп. Кээде адамдардын өзгөрүшүн ушунчалык каалайм. Бирок алар аны каалашпайт. Коммунанын жашоосу ушунчалык жөнөкөй жана

так, кыйынчылык жок. Бул – алардын тандап алганы.

– Укканды каалашпаса, Кабыл алуучунун аларга эмне кереги бар? – деп сурады Жонас.

– Мен аларга керекмин. Сен да керексиң, – деп катуу айтты Берүүчү. – Муну аларга он жыл мурун эскертишкен.

– Он жыл мурун эмне болду эле? – деп сурады Жонас. – Шакирт окутуп, бирок ал иш болбой калганын билем. Деги эмне болду эле?

Берүүчү капалуу жылмайды.

– Жаңы Кабыл алуучу болбой калганда, ага берген эскерүүлөрдүн баары чыгып кетти. Алар мага кайрылып келген жок. Алар... – чал сөз тандаш үчүн токтоло калды, – кайда экенин билбейм. Сыягы, мурунку кабыл алуучулар боло элек кездеги жерде болсо керек. Тиги жакта... – ал колун шилтеп койду. – Адамдар аларды ала башташты. Меңимче, качандыр бир кезде ошондой болсо керек. Алар бардыгына жеткиликтүү болуп, адамдар кыйнала башташты. Бардыгы ошол эскерүүлөрдү алышкан соң тынчып калышты. Бирок ошонун өзү Кабыл алуучунун керек экенин көрсөттү. Бардык азапты, билимди сакташ үчүн.

– Бирок сиз дайыма кыйналасыз да! – деп ийди Жонас.

Берүүчү баш ийкеди.

– Сен да кыйналасың. Менин жашоом ушундай. Сеники да ушундай болот.

Жонас эмне болорун элестеткенге аракет кылды.

– Сейилдөө, тамак, анан... – текчелерди карады, – окуубу? Болдубу?

Берүүчү башын чайкады.

– Бул – менин кылгандарым. Менин жашоомдун баары бул жерде.

– Ушул бөлмөдөбү?

Берүүчү кайра башын чайкады. Колдорун чекеси менен көкүрөгүнө койду.

– Жок, мына бул жерде – өзүмдө. Эскерүүлөр турган жерде.

–Илимжанатехнологиябоюнчаинструкторлорум мага мээнин кантип иштээрин айтып беришкен, – деди Жонас билимдүүсүнүп. – Анда электр импульстары бар. Компьютердеги сыяктуу. Эгер мээнин белгилүү бир бөлүгүнө электрод менен таасир этсе... – Жонас Берүүчүнүн таң каларлык кебетесин байкап унчукпай калды.

– Алар эч нерсени билишпейт, – деп кейиди Берүүчү.

Жонас уккан кулагына ишенген жок. Окуунун алгачкы күнүнөн тартып эле оройлук эрежесин бузушту, Жонас буга көнүп калды. Бирок Берүүчүнүн азыр айтканы – таптакыр башка кеп. Бул жөн эле эреже бузуу эмес, бул өтө опурталдуу айыптоо. Муну бирөө угуп калса эмне болот?

Ал үн алгыны карады, Комитет башкаларды уккандай эле бизди да угуп турса эмне болот деп коркуп кетти. Бирок ал адаттагыдай эле өчүрүлүү экен.

– Эч нерсениби? – деп шыбырады Жонас. – Бирок менин инструкторлорум...

Берүүчү кыжыры келип колун шилтеди.

– Эми албетте, сенин инструкторлоруң мыкты окушкан. Алар өздөрүнүн илимий фактыларын

билишет. Бардыгы өз ишин мыкты өздөштүрүшкөн. Бирок эскерүүлөрсүз анын баары түккө турбайт. Алар аны мага жүктөп коюшкан. Мага чейинкиге, андан мурункуга.

– Андан аркыга, аркынын аркысына, – деп кошумчалады Жонас, анткени бул сүйлөм дайыма ушинтип аяктачу.

Берүүчү күлүмсүрөдү, бирок мунусу ачуусу келгендей болуп калды.

– Туура. Кийинкиси сен болосуң. Бул – чоң сыймык.

– Ооба, сэр. Муну аземде айтышкан. Бул – эң чоң сыймык.

Кээ бир күндөрү сабак болбой калчу. Андайда Берүүчү бөлмөсүндө купкуу болуп, бүкүрөйүп, тер басып отурчу да, Жонас эшиктен баш багары менен кайра кетирчү.

– Бара бер, – дечү ал энтигип. – Бүгүн ооруп турам. Эртең кел.

Мындай күндөрү капа болгон Жонас дарыя жээктеп кетчү. Жолдо андан башка киши жок болор эле, кээде гана тамак ташыгычтар менен ландшафт жумушчулары кездешчү. Кичинекейлер Балдар борборунда, чоңураактары окууда же ыктыярдуу жумушта болор эле.

Жалгыз калган Жонас эс-тутумун машыктырчу. Бадалда жашынып турган жашыл түстүн жарк эте түшүшүн издечү. Акыры ошондой боло калганда түстү аң-сезиминде сактап, башы ооруп кеткенче ачыгыраак кылганга аракет кылчу. Коё берген соң жашыл түс жоголуп кетчү. Жалпак, түссүз асманды

карап атып, көк түстү таап чыкчу, жылуулукту сезе баштамайынча күн нурун эстей берчү.

Анан дарыядагы көпүрөгө барчу. Коммунанын мүчөлөрү андан кызмат боюнча гана өтө алышчу. Жонас да башка коммуналардагы мектептерге барганда өткөн. Дарыянын 'аркы жээги деле ушундай экенин билчү: баягы эле тартипке салынган, талааларга бөлүнгөн тегиз жерлер. Башка коммуналар деле негизинен алардыкындай эле болчу, болгону үйлөрү бир аз башкача болуп, мектеп күн тартиби бир аз айырмаланчу.

Мен бара элек жерлер кандай болду экен деп ойлончу. Анткени тиги коммуналар менен эле жер бүтүп калбайт да. Мүмкүн, Башка жерде дөбөлөр бардыр? Балким, ал жакта баягы өлгөн пил жөнүндөгү эскерүүдөгүдөй шамал ойногон чексиз мейкиндиктер бардыр?

– Берүүчү, – деп сурады ал бир жолу сабак болбой калган күндүн эртеси келип, – сиз эмне үчүн көп ооруйсуз?

Берүүчү унчукпаган соң, Жонас сөзүн уланта берди:

– Башкы аксакал аземде эскерүүлөрдү алып жатканда катуу кыйналасың деген эле. Шакиртим болбой калганда чыгып кеткен эскерүүлөр коммунадагыларды кыйнаган деп сиз да айттыңыз. Бирок мен кыйналганым жок, Берүүчү. Чындап кыйналганым жок. – Жонас жылмайды. – Албетте, алгачкы күнү күнгө күйүп кыйналганым эсимде. Бирок ал андай деле катуу кыйноо эмес болчу. Кайсы эскерүүлөр сизди кыйнайт. Мага да бир аз бериңиз, балким, жеңилдей түшөрсүз.

– Болуптур. Жат. Сыягы, сааты келген окшойт. Мен сени түбөлүк коргой албайм. Эртеби-кечпи баары бир бул сенин мойнуңа түшөт.

Жонас керебетке жатты. Жүрөгү бир аз опкоолжуп турду.

– Болуптур, – деди Берүүчү бир мүнөттөн кийин. – Менимче, көнүмүш нерседен баштоо керек. Кел, баягы сен чана менен түшкөн дөбөгө баралы.

Ал колун Жонастын аркасына койду.

# 14

Дөбө бир аз тигирээктей, кар азыраактай сезилгени менен бул эскерүүдө бардыгы мурункудай эле экен.

Мындан тышкары Жонаска бир аз суугураактай сезилди. Дөбөдөгү чанага отуруп жатып, кар мурункудай жумшак эмес, тескерисинче, муз болуп катып калганын көрдү.

Чана ордунан жылды да, Жонас жанды сергиткен муздак абадан кере дем алып, азыр ылдый карай сыза турганына кубанып күлүп ийди.

Бирок чана тоңуп калган кар бетин жирей албай, ылдый сызгандын ордуна капталы менен кетти. Жонас чананы түздөйүн деп жибинен тартканы менен тик болгондуктан, түздөй алган жок. Эми ал мурункудай рахат албай эле жаны чыга коркуп баратты. Токтотоюн десе, токтото албай муз баскан жакка учуп баратты.

Анан чана бир нерсени сүздү да, Жонас учуп кетти. Бүгүлгөн буту менен түшүп, сөөгүнүн сынганын укту. Жаагы муз баскан карга тытылды. Кыймылдай албай, коркунучтан башка эч нерсени сезбей жатты.

Анан жан чыдагыс ооруну сезип, кыйкырып ийди. Бутун ысык бычак менен тилип жаткандай сезилди. Оорудан эси ооп баратып, «от» деген сөздү кабыл

алды да, жалындын канжалаган денесин жалмалап жатканын туйду. Ордунан жылайын деп жыла алган жок. Оору барган сайын күчөп баратты.

Кыйкырды эле, кыйкырыгына эч ким жооп берген жок.

Ыйлап ийди. Ыйлап жатып капталына оодарылса, тытылган бетинин каны муз баскан карга ага баштады.

– Жо-о-ок, – деп кыйкырды эле, анысы да шамал менен кетти.

Бир маалда караса, керебетте бүрүшүп ыйлап жатыптыр.

Эми ал кыймылдай алат эле. Ары-бери оонап, терең дем алып, жанагы эскерүүнүн оорусунан кутулганга аракет кылды.

Өйдө болуп отурду да, сопсоо турган буттарын карады. Оорусу басаңдай түшкөнү менен баары бир буту сыздап, жүзүн тер басып турду.

– Ооруну баса турган дары ичсем болобу? – деп жалдырады Жонас.

Демейде бир жериңди оорутуп алсаң же велосипедден жыгылсаң, сөзсүз дары беришчү. Май сүйкөп, дары ичирип, өтө катуу ооруганда ийне сайган соң, оору басылып калчу.

Бирок азыр Берүүчү «жок» деп күңк этти да, ары бурулуп кетти.

Ошол күнү кечинде Жонас үйүнө аксап кайтты. Велосипедин жетелеп алды. Баягыда күндүн күйгүзгөнү дароо эле басылып калган. Бул оору болсо кетпей турду. Жонас кайраттанганга аракет кылды. Башкы аксакалдын эр жүрөк болушуң керек дегени эсинде турду.

– Бир нерсе болдубу, Жонас? – деп сурады атасы кечки тамакта. – Унчукпай калыпсың го? Бир жериң ооруп турабы? Дары берейинби?

Жонастын эсинде эреже турду. Эгер окуу менен байланыштуу болсо, дары ичкенге болбойт.

Окууну талкуулаганга болбойт. Үйдөгүлөр сезимдерин айта башташканда, Жонас бүгүн абдан чарчаганын, эмнегедир сабактар оор болгонун айтты.

Уктаганы барды да, чала жабылган эшиктен ата-энеси, Лили Габриэлди киринтип, күлүп жатышканын укту.

«Алар оору деген эмне экенин билишпейт» деп ойлоду Жонас. Ушул ойдон улам жалгызсырай түштү.

Сыздап турган бутун кармалап жатып, акыры уктап кетти. Бирок түшүндө да буту сыздап, жалгызсырап, кайра-кайра эле баягы дөбөнүн этегинде болуп калып жатты.

Окуу улана берди, эми ал күн сайын оору менен коштоло турган болуп калды. Баягы бут сынгандагы оору жаңы эскерүүлөрдүн ооруларынын жанында шоона эшпей калды: Берүүчү мурунку азап-тозоктордун баарын көрсөтүп жатты. Анан ал Жонастын көңүлүн бир аз көтөргүсү келип, сабактын аягында көпкөк көлдүн үстүндө кайык менен сүзүү, гүл жайнаган шалбаа, күндүн тоодон кызарып чыгып келатканы сыяктуу жагымдуу эскерүүлөрдөн берет.

Бирок булар деле Жонас башынан өткөрө баштаган ооруларды баса алчу эмес.

– Эмне үчүн? – деп сурады ал бир жолку эскерүүдө жалгыз калып, ачка болгондон кийин. Ачкалыктан өзөрүп турду. Керебетте жатканы менен дагы эле кыйналып жатты.

– Эмне үчүн биз бул эскерүүлөрдү сакташыбыз керек?

– Алар бизге акылмандык берет, – деп жооп берди Берүүчү. – Акылман болбосом, өз ишимди аткара алмак эмесмин, Аксакалдар комитети чакырганда, аларга кеңеш бере алмак эмесмин.

– Ачкалык кандай акылмандыкты бере алмак эле? – деп жиберди Жонас. Эскерүү бүткөнү менен курсагы дагы эле ачып турду.

– Сен төрөлөрдөн бир аз мурун, – деди Берүүчү, – коммунанын мүчөлөрү Аксакалдар комитетине балдар көбүрөөк төрөлсүн деген өтүнүч менен кайрылышкан. Алар ар бир төрөөчү үчтөн эмес, төрттөн төрөөсүн каалашкан. Алардын оюнча, бул калктын санын көбөйтүп, жумушчулардын санын арттырмак.

Жонас макул болуп баш ийкеди.

– Туура.

– Андай болгондо ар бир үй-бүлөлүк уюм дагы бир бала бага алмак.

Жонас кайра баш ийкеди.

– Биз бага алмакпыз, – деди ал. – Бизге быйыл Габриэл келди, менимче, үчүнчү бала болсо, жакшы эле болмок.

– Аксакалдар комитети менден кеңеш сурады, – деп сөзүн улантты Берүүчү. – Бул сунуш аларга да жөндүүдөй көрүнүп, бирок идея жаңы болгондуктан, менден кеңеш суроону чечишиптир.

– Анан сиз эскерүүлөрдү пайдаландыңызбы?

– Ооба. Мен эстеген эскерүүлөрдүн эң таасирдүүсү ачарчылык жөнүндөгү эскерүү болду. Бул – байыркы замандан калган эскерүү. Көп кылым мурун эл ушунчалык көбөйүп кеткендиктен, ачарчылыкка дуушар болгон. Оор, азаптуу ачарчылык. Анан согуш башталган.

«Согуш?» – Жонас мунун эмне экенин билчү эмес. Бирок ачкалык эмне экенин билет. Өзүнөн-өзү эле курсагын сылап койду.

– Анан сиз аны сүрөттөп бердиңизби?

– Алар оору, азап дегенде уккулары келишпейт. Болгону кеңеш сурашат. Мен аларга элдин санын көбөйтпөгүлө деп кеңеш бердим.

– Сиз бул окуя сен төрөлгөндөн мурун болгон дедиңиз. Демек, алар сизден кээде эле кеңеш сурашат турбайбы. Сиз айткандай, мурун болбогон кыйынчылык болгондо эле чакырышат турбайбы. Акыркы жолу качан чакырышты эле?

– Баягы коммунанын үстүнөн учак өткөн күн эсиңдеби?

– Ооба. Мен аябай корккомун.

– Алар да коркушкан. Учакты атып түшүрмөк болушуп, бирок менден кеңеш сурашкан. Мен бир аз күтө тургула дегемин.

– Сиз кантип билдиңиз? Учкучтун адаша түшкөнүн кантип билдиңиз эле?

– Билген эмесмин. Болгону эскерүүлөрдөн алган акылмандыгымды колдонгомун. Мурун адамдар башкаларды ачууга алдырып же коркуудан улам өлтүрүп коюшкан да, анын кесепетинен улам өздөрү да жок болуп кете жаздашкан.

Жонас капысынан бир нерсени түшүнө койду.

– Демек, – деп баштады ал, – сизде адамдардын бири-бирин кырганы тууралуу да эскерүүлөр бар турбайбы? Мен акылман болуш үчүн сиз аларды да мага бересизби?

– Ооба.

– Кыйналат турбаймбы, – деди Жонас суроо ордуна.

– Жан чыдагыс кыйноо болот, – деп ырастады Берүүчү.

– Бирок эмне үчүн элдин баары эскерүүлөрдү сактай алышпайт? Менимче, эскерүүлөрдү бөлүшүп алганда, оңоюраак болмок. Экөөбүз да мынчалык кыйналмак эмеспиз.

Берүүчү оор күрсүндү.

– Туура айтасың. Бирок анда ар бир киши кыйналып оорумак. Алар муну каалашпайт. Мына ушул үчүн аларга Кабыл алуучу керек жана Кабыл алуучуну мына ошол үчүн сыйлашат.

– Алар качан ушинтип чечишти эле? – деп жини келди Жонастын. – Туура эмес да. Келиңиз, муну өзгөртөлү!

– Кантип өзгөртөбүз? Канчалык акылдуумун деген менен ушуга чейин жолун таба элекмин.

– Эми биз экөө болдук да, – деди Жонас кызуулanып. – Экөөлөсөк бир айласын табарбыз.

Берүүчү аны шылдыңдагандай карады.

– Эрежелерди өзгөртүү боюнча арыз жазсак болот да, – деп сунуш кылды Жонас.

Берүүчү каткырып ийди, аны көрүп Жонас өзү да жылмайды.

– Чечим сага чейин, мага чейин эле кабыл алын-

ган, – деди Берүүчү, – жана мурунку Кабыл алуучуга...

– Андан да мурун, – деп бүтүрдү Жонас көнүмүш сүйлөмдү.

Кээде бул ага күлкүлүү сезилчү. Кээде абдан маанилүүдөй туюлчу. Бирок азыр кара жолтойдой сезилди, анткени эч нерсени өзгөртүүгө болбойт дегенди билдирип турган.

Габриэл барган сайын чоңоюп, айлык тесттерден ийгиликтүү өтүп жатты: азыр ал өзүнчө отуруп, майда нерселерди кармаганга жарап калды, оозунда болсо алты тиши бар. Атасы айткандай, ал күндүзү жаркылдаган жоош бала болчу. Бирок түнкүсүн баягыдай эле чыргоолонуп, көп ыйлачу, туруп барганга аргасыз кылчу.

– Мен буга канча кошумча убакыт сарптадым, – деди атасы бир жолу киринткен Габриэл оюнчук бегемотун кучактап керебетте жатканда (себет тардык кылып калган). – Байкушту кетирип жиберишпесе экен.

– Балким, кетирип жиберишсе туура болор беле, – деди апасы. – Албетте, түндө сен өзүң карап атасың, бирок мен баары бир уйкудан калып атам.

– Габриэлди кетирип ийишсе, бизге башка бөбөк беришеби? – деп сурады Лили.

Ал керебеттин жанында тизелеп отуруп алып, Габриэлге бети-башын кыйшаңдатып жаткан. Тиги болсо жыргап күлүп атат.

Апасынын кыжыры келип кеткени көзүнөн байкала түштү.

– Жок, – деди атасы жылмайып, анан Лилинин

чачын уйпалап койду. – Статусу аныкталбаган балдар сейрек болот. Жакын арада мындай нерсе болбойт го дейм кандай болгондо да, – деди ал улутунуп, – Габриэл боюнча чечим кийинкиге калтырылган. Азыр биз жакын арада боло турган Кетирүүгө даярданып атабыз. Бирөө эгиз төрөгөнү турат. Кийинки айда төрөйт болуш керек.

– Ох, – деп башын чайкады апасы. – Сени тандашпаса экен...

– Тизме боюнча менмин. Кимисин Борбордо калтырып, кимисин кетириштп мен чечишим керек болот. Чындыгында бул кыйын деле эмес. Көбүнчө салмагы боюнча тандайбыз: салмагы азыраагын кетиребиз.

Жонас капыстан эле көпүрөнү, Башка жер жөнүндөгү ойлорун эстеди. Балким, ал жерде эгиздердин түгөйүн бирөө күтүп тургандыр. Анан ал коммунада өзүнө окшош түгөйү бар экенин билбей калат, анткени ошол жакта чоңоюп калат да. Анан дагы киши ишенгис бир ой келди. Эмнегедир эгиздин түгөйүн баягы Лариса күтүп турушун каалап кетти. Баягы өзү киринткен Лариса. Анын жанган көздөрүн, жумшак үнүн, кыткылыктаган күлкүсүн эстеди. Ларисани узатышканын, узатуу аземи сонун болгонун Фиона айтып берген.

Бирок ал карыларга бөбөктөрдү беришпей турганын билчү. Ларисанын Башка жердеги жашоосу башка карылардыкындай эле тынч, бейпил болсо керек. Ал бөбөктүн жоопкерчилигин ала албайт: ага тамак бериш керек, анан калса түнкүсүн да ыйлап чыгып атпайбы.

– Апа, ата, Габриэлдин керебетин менин бөлмөмө

койсок кандай болот? Мен тамак бергенди, сооротконду билем да. А силер уктай бересиңер.

Атасы эки анжы боло түштү.

– Сен аябай катуу уктайсың, Жонас. Ыйлаганын укпай калсаң эмне болот?

Буга Лили жооп берди:

– Эгер эч ким келбесе, Габриэл айкыра баштайт. Жонас ойгонбосо, ал баарыбызды ойготот.

Атасы күлүп ийди.

– Туура айтасың, Лили-Били. Болуптур, ошондой кылып көрөлү. Бирок бир эле түнгө. Биз апаң экөөбүз уктап алалы.

Адегенде Габриэл былк этпей уктады. Жонас керебетте тыңшап жатты. Кез-кезде керебетти карап коюп жатты: бөбөк колун жайып көмкөрөсүнөн түшүп уктап атат. Анан Жонас да уйкуга кетти.

Бирок бир нече сааттан кийин ойгонсо, Габриэл кыңылдап атыптыр.

Жонас туруп барды да, аркасынан таптай баштады. Ата-энеси аны кээде ушинтип уктатышчу. Бирок азыр Гейбдин уктагыдай түрү жок.

Бөбөктү таптап жатып Жонас Берүүчүдөн жакында эле алган сүзүү жөнүндөгү сонун эскерүүнү чакырды. Жаркырап тийген күн, көпкөк көл, аппак жел кайык.

Ал эскерүүнү берип жатканын билген жок. Бир маалда эскерүүнүн өңү өчүп, колу аркылуу бөбөккө өтүп жатканын сезип калды. Габриэл тынчып калды. Таң калган Жонас эптеп эскерүүнү кайра чакырды. Колун бөбөктүн аркасынан алып, керебеттин жанында унчукпай турду.

Көл жөнүндөгү эскерүүнү кайра чакырды. Бирок эми асман мурункудай көпкөк болбой, кайык да мурункудай зымырабай, көлдүн суусу да эмнегедир карара түшүптүр. Тынчтаныш үчүн эскерүүнү бир аз кармап турду да, анан аны коё берип, керебетке жатты.

Таң атарда бөбөк кайра ойгонду. Жонас туруп барып, колун аркасына койду. Баягы көл жөнүндөгү эскерүүнүн калганын берди. Габриэл кайра уктап калды.

Бирок эми Жонас өзү уктай албай койду. Эскерүү бүт бойдон кетип, анын орду аңгырап бош калды. Албетте, Берүүчүдөн дагы ушуга окшош эскерүү сураса болот. Маселен, океанда сүзүү жөнүндөгүнү. Азыр Жонас океан деген эмне экенин, анда жел кайык менен сүзсө боло турганын билет. Анын үстүнө ал эскерүүлөр эртедир-кечтир өзүнө өтөт да.

Бирок эскерүүнү бергенин Берүүчүгө айтсамбы же айтпасамбы деп арсар болуп турду. Анткени Берүүчү болгонду үйрөнө элек да. Габриэлди болсо Кабыл алуучу кылып эч ким тандай элек.

Бөбөктүн ушундай жөндөмү бар экенинен коркту да, айтпай эле коёюн деп чечти.

# 15

Жонас эшиктен кирери менен эле азыр кайра кетирерин түшүндү. Берүүчү креслодо бетин басып кыймылсыз отуруптур.

– Мен эртең келем, сэр. Бирок сизге кандай жардам берсем болот? – деп сурады Жонас.

Берүүчү ага карады. Кебетеси бузулуп туруптур.

– Оорунун бир бөлүгүн алчы! – деп жалдырап ийди чал.

Жонас аны керебеттин жанындагы отургучка отургузду да, формасын чечип, көмкөрөсүнөн жатты.

– Колуңузду аркама коюңуз, – деп буюрду ал мындай абалында Берүүчү эмне кылышын да билбей калышы мүмкүн деген ой менен.

Чалдын колу аркасына тиери менен оору пайда болду. Жонас чымырканды да, Берүүчүнү кыйнаган эскерүүгө чөмүлдү.

Ал кандайдыр бир түшүнүксүз жерде болуп калды. Ызы-чуу болуп, бирдеме аябай сасып турду. Таң атып келаткан маал окшойт. Абада сары түтүн каалгыйт. Жонастын айланасында онтогон адамдар жатыптыр. Тизгини үзүлгөн ат үркүп, кутургандай ары-бери чуркап жүрөт. Акырында азынап кишенеди да кулап түшүп, турбай калды. Жонас бирөөнүн үнүн укту. «Суу», –

деп кырылдап жатыптыр жанында бирөө.

Жонас бурулуп карап, өзү менен тең сыяктуудай бир бала менен тиктеше түштү. Көзү чала жумулуп, бети-башы баткактан көрүнбөйт. Ал бир кызыктай болуп бүрүшүп жатыптыр, боз формасы канга боёлгон.

Түстөр таң каларлыктай ачык экен: чаң баскан боз формада кан өрттөй кызарат, баланын чачына жабышкан чөп жапжашыл болуп турат.

Бала Жонаска карады. «Суу», – деп кайра жалдырады эле, көкүрөгү менен жеңи кайра кыпкызыл канга чылана түштү.

Оорудан Жонастын бир колу селейип кыймылдабай калды, жеңиндеги жыртыгынан сөөктүн сыныгы сыяктуу бирдеме көрүнүп турат. Экинчи колун кыймылдатып көрдү. Капталындагы идишти эптеп таап, капкагын ача баштады, бирок оорудан улам токтой калып атты. Акырында идиштин оозун ачып, канга чыланган жер менен эптеп баланын оозуна жеткирди. Суу ачылган оозуна куюлуп, азыраагы ээгине төгүлүп калды.

Бала оор дем алды да, башы кейкейе түшүп, оозу чала ачылып, таң калгандай боло түштү. Анан көзү сүзүлүп барып, тынчып калды.

Бирок айлана мурункудай эле ызы-чуу болуп, жарадар адамдар кыйкырып жатышты. Суу сурап, апалап, тезирээк өлүп кетейин деп жалдырап атышты. Жарадар аттар корулдап, аяктарын көккө карай тыбырчылатышат.

Алыстан замбиректердин үнү угулуп атты. Жонас оорусуна чыдай албай жатты. Жанагы сасыган исти жыттап, адамдар менен аттардын жан

талашкан үндөрү кулагында жаңырып, согуштун эмне экенин туюп канча саат жатты ким билет?

Акырында Жонас чыдай албай кетти да, өзү да өлүмдү каалап бараткандын аңдап, көзүн ачты да, кайра керебетте болуп калды.

Берүүчү анын эмне болгонун көрбөгөн сыяктуу карай алган жок.

– Мени кечирип кой, – деди ал анан.

# 16

Жонас кайра баргысы келген жок. Эскерүүлөрдү да, урмат-сыйды, акылмандыкты да, ооруну да каалабай турду. Мурункудай эле бала болуп, тизеси сыйрылып топ ойноп жүргүсү келди. Үйдө жалгыз болчу, терезеден топ ойноп жүргөн балдарды, жумуштан кайтып келаткан чоң адамдарды карап отурган. Алардын күндөлүк жашоосунда азап тартуу деген жок болчу, анткени алар өздөрүнөн мурункулар сыяктуу эле Кабыл алуучуну тандап, оор жүктү ага жүктөп коюшкан.

Бирок Жонастын айласы жок болгондуктан, күн сайын эрте менен кайра барчу.

Баягы согуш жөнүндөгү эскерүүнү бөлүшкөндөн кийин Берүүчү мээримдүү болуп калды.

– Жакшы эскерүүлөр көп, – деп калчу ал.

Жонас ага ишенчү, анткени көптөгөн бактылуу эскерүүлөрдү албадыбы.

Ал балдардын туулган күн майрамдарын көрдү, ушундан улам өзүнүн ушундай өзгөчө адам экенине сыймыктана баштады.

Музейлерде болуп, өзү атын атай ала турган боёкторго толгон сүрөттөрдү көрдү.

Бир сонун эскерүүдө шүүдүрүм жыттанган талаада бир кара атты чаап баратыптыр. Анан булакка

токтоп, мупмуздак тунук суудан шимиришти. Ал азыр жаныбарлар жөнүндө көп нерсе билип калды. Ат башын көтөрүп, Жонастын ийинине тийгизгенде, жаныбарлар менен адамдардын өзгөчө мамилеси болорун түшүндү.

Токойдо сейилдеп, түндө от боюнда отурду. Ал эскерүүлөрдөн улам жалгыздыктын жаман экенин билчү, бирок ошондо жалгыз болуу кубаныч да алып келе турганын аңдады.

– Сиздин жакшы көргөн эскерүүңүз барбы? – деп сурады Жонас. – Аны мага бербей эле коюңуз, – деп ийди анан, – мага жөн эле айтып бериңиз, мен күтө турам. Сиз аны баары бир акырында мага бересиз да.

Берүүчү күлүмсүрөдү.

– Жат. Мен аны сени менен бөлүшүп жатканыма бактылуумун.

Жонас дароо эле кубанычты туйду. Кээде эмне болуп жатканын дароо түшүнө алчу эмес. Азыр болсо эскерүүнүн мелт-калт болгон кубанычы дароо келди.

Кишилер көп бөлмө экен. Очокто от күйүп турат. Терезеден сыртты караса, караңгы экен, бурганактап кар жаап жатыптыр. Эмнегедир бөлмөнүн ортосуна коюшкан даракта кызыл, сары, жашыл деги койчу түркүн түстөгү оттор күйүп турат. Үстөлдөгү алтын жалатылган шамдалда жумшак жарыгын төккөн шамдар турат. Бышып жаткан тамактын шилекей агызган жытын туюп, бирөөлөрдүн акырын күлгөнүн укту. Жерде сары жүнү кулпурган бир ит жатат.

Анан да жерде түркүн түстүү кагаздарга оролуп, жалтырак тасма менен бооланган бир нерселер

жатат. Бир бала барды да, аларды адегенде балдарга, анан чоң кишилерге (ата-энеси болуш керек), андан кийин диванда күлүп отурушкан эки кары адамга таратып берди.

Жонас алардын тасмаларын чечип, түстүү кагаздарды ачып, ичинен оюнчуктарды, кийимдерди, китептерди алып чыгып жатышкандарын карап турду. Баары кубанышып, кучакташып жатышат.

Бөбөк тиги карыган кемпирдин тизесине жабышты эле, ал тигини ала коюп, бооруна кысты.

Жонас көзүн ачса, керебетте жылмайып жатыптыр. Көңүлү толкуп турду. Бул эскерүүдө ал баалаганды үйрөнгөн нерселердин баары бар экен.

– Эмнени кабыл алдың? – деп сурады Берүүчү.

– Жылуулук, – деп жооп берди Жонас. – Анан бакыт. Анан... азыр ойлоноюнчу. Үй-бүлө. Алар бир нерсени майрамдап атышыптыр. Анан дагы бир нерсени туйдум, бирок атын билбейм.

– Сөз өзү келет.

– Жанагы кары адамдар ким эле? Алар эмне үчүн ал жерде отурушат?

Жонас ушуга абдан таң калды. Коммунада кары адамдар өз үйүнөн чыгышпайт, анткени ал жерде жакшы карашат.

– Аларды чоң ата, чоң эне дешкен.

– Чоң ата, чоң эне?

– Ооба. Ата-эненин ата-энесин ошентип айтышкан. Илгери-илгери.

– Мага чейин, сизге чейин, сизден мурункуларга чейин жана андан да илгери, ушундайбы? – Жонас каткырып күлдү. – Анда кандай болот,

ата-энелердин ата-энелеринин ата-энелеринин ата-энелери болобу?

Берүүчү да күлдү.

– Так ошондой. Күзгүдөн каранганыңды аркы күзгүдөн, аны болсо аркы күзгүдөн көргөндөй эле кеп.

Жонастын кабагы бүркөлө түштү.

– Анда менин ата-энемдин да ата-энелери болуш керек экен да? Бул эч оюма келбептир. Менин ата-энемдин ата-энелери кимдер болгон? Анан да эң негизгиси, алар азыр кайда?

– Ачык жазуулар залына барып карап көрсөң болот. Бирок ойлоп көр, уулум. Эгер сен бала алсаң, анын ата-энесинин ата-энеси ким болот? Анын чоң атасы менен чоң энеси болобу?

– Менин атам менен апам болот да.

Анда алар кайда болот?

Жонас ойлоно түштү.

– А-а, – деди ал. – Окууну бүткөндөн кийин, мага үй беришет. Бир нече жылдан кийин Лили да үйлүү болот, а балким, арыз берсе, жубайлуу, балалуу болот. Ошондо атам менен апам...

– Анан...

– Алар иштеп, коммунага пайдасы тийип турганда, башка баласыз чоң кишилер менен жашайт. Анан алар менин жашоомдун бир бөлүгү болбой калышат. Анан убагы келгенде Карылар үйүнө барышат, – деп сөзүн улантты Жонас. Анан ойлонгончо сүйлөй берди. – Ал жерде аларды сыйлашат, жакшы карашат, анан Узатуу аземи болот.

– Ага сен катышпайсың, – деп тактап койду Берүүчү.

– Албетте, катышпайм. Ал тургай аны билбей да калам. Менин өзүмчө жашоом болот. Лилиники дагы. Ошентип, биздин балдарыбыз ата-энесинин ата-энеси ким болгонун билбей калышат.

– Бирок биздин коммунада жакшы да, чынбы? – деп сурады Жонас. – Бул эскерүүнү алганга чейин башкача болушу мүмкүн деген ой мага эч келбептир.

– Албетте, – деп макул болду Берүүчү.

– Баары бир бул эскерүү мага аябай жакты, – деп ойлуу айтты Жонас. – Сиз эмне үчүн аны тандаганыңызды түшүндүм. Мен, чынын айтсам, бул эскерүүдөгү негизги сезимди туюндурган сөздү кабыл ала албай койдум. Бүт бөлмө ушул сезимге толуп турду.

– Сүйүү, – деди Берүүчү.

– Сүйүү, – деп кайталады Жонас. Бул жаңы түшүнүк болчу.

Анан экөө тең унчукпай калышты.

– Берүүчү?

– Эмне дейсиң?

– Мен сизге бир болбогон нерсени айткым келип турат.

– Айта бер. Бул жерде баарын айтыш керек. Сени ойготуп жаткан эскерүүлөр менен сезимдерге ишене бер.

– Кандай десем, – деп тартынды Жонас. – Билем, сизде бул эскерүү жок, анткени мага бердиңизби, ошондуктан түшүнбөй калышыңыз да мүмкүн...

– Түшүнөм. Биринчиден, ал эскерүүнүн изи турат, экинчиден, менде үй-бүлө жана майрам жөнүндө башка эскерүүлөр да көп. Сүйүү жөнүндөгүлөр да көп.

Жонас акыры айтмак болду.

– Ойлоп көрсөм... Албетте, бул өтө жөндүү жашоо эмес. Карылар өздөрүн жакшылап карай турган жерде эмес, башкалар менен аралаш жүрүшөт. Азыр бизде мунун баары жакшы уюштурулган. Бирок баары бир алардыкы мага жагып турат. Азыр да ошондой болсо, сиз менин чоң атам болсоңуз, кандай жакшы болор эле. Менимче, эскерүүдөгү үй-бүлө... – Жонас ылайыктуу сөз издеп калды.

– Толугураакпы, – деди Берүүчү.

Жонас баш ийкеди.

– Мага сүйүү сезими жакты, – деп мойнуна алды ал.

Үн алгыны карап койду да, эч ким тыңдабаганына көзү жеткен соң сөзүн улады.

– Мен азыр ошондой болушун каалар элем, – деп шыбырады Жонас. – Албетте, – деп ийди ал, – мунун жөндүү эмес экенин түшүнүп турам. Бизде алда канча жакшы уюштурулган. Жанагыдай жашоонун коркунучтуу экенин да билем.

– Коркунучтуу?

Жонас ойлоно түштү. Эмне деп айтканын өзү да жакшы билбей калды. Бирок коркунучтун бар экенин сезип турду.

– Кандай десем, – кудай жалгап түшүндүрө алат окшойт, – алардын оту бөлмөсүндө күйүп турат. Очокто. Шамдар да күйүп турат. Эмне үчүн мунун баарына тыюу салынганын жакшы түшүнөм. Бирок баары бир, – деп жыйынтык чыгарды ал ойлонуп туруп, – алардын жарыгы мага жакты. Жылуулугу дагы.

– Ата, апа, – деп тартынчыктады Жонас кечки тамак маалында. – Силерден бир нерсе сурайын дедим эле.

– Эмнени, Жонас? – деп сурады атасы.

Жонас кызарып кетти. Окуудан келатканда баарын кайталап, даярданып келгени менен азыр араң сүйлөгөнгө жарады:

– Силер мени сүйөсүңөрбү?

Ыңгайсыз жымжырттык өкүм сүрүп калды. Анан атасы күлүп ийди:

– О, Жонас. Сенден мындайды күткөн жок элем. Сөздөрдү туура колдонуш керек.

– Түшүнбөй калдым, – деди Жонас. Ал мындай жоопко даяр эмес болчу.

– Атаң өтө жалпы маанидеги сөздү колдондуң, мааниси унутулуп калгандыктан, аны азыр эч ким колдонбойт деп жатат, – деп жумшак түшүндүрдү апасы.

Жонас аларды карап калды. Маанисизби? Жанагы эскерүүдөгүдөн ашкан маани-мазмун болчу беле?

– Сөздөрдү каалагандай колдоно берсе, коммуна жашай албайт. Сен «Мага ыраазысыңарбы?» – деп сурасаң болмок. Биз «Ооба», – деп жооп бермекпиз, – деди апасы.

– Же болбосо, – деп улады атасы, – сен «Менин жетишкендиктерим менен сыймыктанасыңарбы?» – деп сурасаң болмок. Анда биз да жандилибизден «ооба» деп жооп бермекпиз.

– «Сүйүү» деген сөздүн жөнсүз экенин түшүндүңбү эми? – деп сурады апасы.

Жонас башын жерге салды.

– Ооба, рахмат, эми түшүндүм.

Ал биринчи жолу ата-энесине калп айтты.

– Габриэл? – деп шыбырады Жонас.

Керебет анын бөлмөсүндө болчу. Габриэл Жонастын бөлмөсүндө төрт түн жакшы уктагандан кийин ата-энеси эксперимент ийгиликтүү болду дешип, Жонасты баатыр деп жарыялашкан. Габриэл чоңоюп калды, ал азыр жөрмөлөп жүрөт, кээде турганга аракет кылат. Түнү жакшы уктап калды, эми Тарбия борборуна берсе болот деп сүйүнүп жүрөт атасы. Декабрда, дагы эки айдан кийин ага ысым беришет да, үй-бүлөлүк уюмга тапшырышат.

Бирок Габриэлди Жонастын бөлмөсүнөн алып кетишкенде, ал кайра түнү менен ыйлап чыкты.

Ошентип, аны кайра алып келип беришкен. Мейли, жакшы уктаганга көнгөнчө, Жонастыкында жатып жүрө берсин дешкен. Тарбиячылар да сүйүнүп жүрүшөт.

Габриэл Жонастын шыбырын уккан да жок. Катуу уктап атты.

– Бардыгын өзгөртсө болот, Гейб, – деди Жонас шыпты тиктеп. – Бардыгын башкача кылса болот. Ошондо түстөр болот. Чоң ата, чоң эне болот. Анан баарынын эскерүүлөрү болот. Сен эскерүүлөрдү билесиң да, – деп шыбырады ал керебетке бурулуп.

Габриэл бир калыпта дем алып атты. Бир аз уялганы менен Жонас аны менен бир бөлмөдө уктаганды жакшы көрчү. Ал Берүүчүгө ар түнү эскерүүлөрдү – кайык менен сүзгөндү, күнөстүү пикникти, эшикте төккөн жамгырды, шүүдүрүмдө

жылаңайлак басканды берип жүргөнүн дагы эле айта элек.

– Гейб?

Бөбөк уйкусурап оодарылды. Жонас аны карады.

– Анан сүйүү да болот, – деп шыбырады ал.

Эртеси эрте менен Жонас биринчи жолу дары ичкен жок. Баягы эскерүүлөрдөн улам пайда болгон бир нерсе дарыны ичирбей койду.

# 17

«КЕЗЕКСИЗ ДЕМ АЛЫШ ЖАРЫЯЛАНАТ». Жонас, Лили жана ата-энеси үн алгыны таң калып карап калышты. Мындай нерселер сейрек айтылчу. Коммунанын мүчөлөрү кезексиз дем алышка абдан сүйүнүштү. Чоңдор жумуштан бошотулуп, балдар мектепке, ыктыярдуу жумушка барышпайт. Кийин дем ала турган жумушчулар тамак менен камсыз кылып, бөбөктөр менен карыларды карашат. Коммуна эс алат.

Жонас жеңилдей түшүп, папкасын ордуна койду. Жаңы эле мектепке жөнөйүн деп турган. Сабактар азыр анчалык деле маанилүү эмес болчу, анын үстүнө жакында бүтөт. Он эки жаштагылар чоңдордун окуусун баштаганы менен дагы эле тажатма эрежелерди жаттап, жаңы техникаларды үйрөнгөндөн кутула элек болчу.

Ал ата-энесине, карындашы менен Гейбге жакшы күн каалап, Эшерге жөнөдү.

Дары ичпегенине төрт жума болуп калды. Козголуу сезими кайра пайда болуп, түнкү кыялдарынан уялчу болду. Ал өзүн бир аз күнөөлүү сезгени менен сезимсиз дүйнөгө эч нерсе кайра кайтара алмак эмес. Ушул убакка чейин жашап жүргөн дүйнөгө.

Анын курчуган жаңы сезимдери күндүз да пайда боло турган болду. Бул албетте, дары ичпей койгон

менен да байланыштуу дечи, бирок эскерүүлөрдүн таасири да болду. Эми ал түстөрдүн баарын көрө алат, андан да негизгиси, аларды кармап тура алат. Ал карап турганда чөптөр, дарактар жана бадалдар жапжашыл болуп, Габриэлдин бети уктап атканда да кызыл тартып тура берчү. Алмалар болсо дайыма кыпкызыл.

Ал эскерүүлөрдөн океандарды, тоодогу дарыяларды, токойдо аккан өзөндөрдү көрчү, дарыя да эми башкача көрүнүп калды. Суу жарк-журк этип, ар түрдүү түскө боёлуп турганын көрчү, анын өз тарыхы бар экенин, Башка жерден башталып, Башка жерге куя турганын билчү.

Ушул күтүүсүз болгон дем алышта Жонас өзүн башка дем алыштардагыдай эле бактылуу сезип турду. Бирок бул сезим азыр мурункудан да күчтүүрөөк эле. Адатынча туура сөздү тандап атып Жонас сезиминин тереңирээк боло баштаганын түшүндү. Алар коммунадагы ар бир үйдө ар бир кечте талкуулана турган сезимдерге такыр окшош эмес болчу.

«Менин аябай ачуум келди, анткени бир бала оюн аянтында эрежени бузду», – деди бир жолу Лили, өз сезимин көрсөткүсү келип муштумун түйүп. Үйбүлө мүчөлөрү, анын ичинде Жонас да баланын кылыгын талкуулап, анын да бир себеби болушу мүмкүн экенин, башкаларга сабырдуураак мамиле жасаш керек экенин Лилиге түшүндүрүшкөн. Лилинин муштуму жазылып, ачуусу келбей калган.

Азыр болсо Жонас Лилинин ачуусу келбегенин билет. Болгону чыдабай, кыжыры келген. Жонас мындан шек санаган жок, анткени чыныгы ачуу

эмне экенин билет. Эскерүүлөрдөн чыныгы адилетсиздик жана катаалдык деген эмне экенин туйган. Ошондо ачуусунун келгенин айтпа – андайды кеч-ки тамакта талкуулабайт.

«Бүгүн көңүлүм чөгүп жүрдү, – деп айтат апасы, аны баары жубатышат.

Жонас чыныгы көңүл чөгүү кандай болорун азыр билет. Ал чыныгы кайгыны көрдү. Чыныгы кайгымуңду жубатуу менен кетирүүгө мүмкүн эместигин да билет. Бул сезимдер алда канча терең жана аларды жеткире айтуу мүмкүн эмес. Аларды кошо сезиш керек. Эми мына бүгүн бакытты сезип турат.

– Эшер! – Жонас оюн аянтчасынын жанындагы досунун велосипедин көрө койду.

Жанында дагы бир нече велосипед жатыптыр – дем алышта айрым эрежелер бузула берчү.

Ал велосипедин токтотту да, ошол жерге эле таштап койду.

– Эш, каяктасың? – деп кыйкырды Жонас, эки жагын карап. Аянтта эч ким көрүнбөйт. – Каякта жүрөсүң?

– Ты-ды-ды-ды-дыж, – деген үн угулду бадалдардын артынан. – Бах-бах!

Таня деген кыз жашынган жеринен атып чыкты. Бети-башы бырышып, ичин кармап турду.

– Огуң тийди! – деп кыйкырды да, кулап түштү.

– Ба-бах!

Аянттын четинде турган Жонас Эшердин үнүн тааныды. Ал дарактан даракка жашынып, мээлемиш болуп келатыптыр.

– Бах! Жонас, сен согуш болуп аткан жерде турасың! Сак бол!

Жонас артка чегинди. Велосипеддер жаткан жерге келип, жашынып отурду. Жакшылар менен жамандар согушкан бул оюнду мурун көп ойночу, мунун эч кандай деле зыяны жок. Ойногондордун баарысы кулап калганда, оюн аяктачу.

Мунун согуш оюну экени мурун оюна да келген эмес экен.

– Чабуулга! – деп кыйкырды бирөө сарайдын артынан. Үч бала көзгө көрүнбөгөн куралдарынан ок жаадырышып, алга жөнөштү.

Каршы тараптан «Каршы чабуул!» деген ураан жаңырып, бир топ бала жөнөп калды, алардын арасында Фиона да жүрөт. Алар да ок жаадырып, чуркап баратышты. Бир нече бала селейе түшүп, көкүрөгүн же ичин кармап жарадар болгондой түр көрсөтүштү. Анан жерге кулашып, күлкүсүн араң тыйып жатышты.

Жонас да кызып кетип, аянттын ортосуна кандай барганын билбей калды.

– Сен жарадар болдуң, Жонас! – деп кыйкырды Эшер дарактын артынан. – Бах! Дагы жарадар болдуң!

Жонас аянттын ортосунда жалгыз турду. Балдар аны жактырбай турушту. Чабуул койгон жак эмне кылар экен деп күтүп калды.

Жонастын көз алдында баягы согуш талаасындагы өлүп бараткан бала турду. Баягы суу сурап жалдыраган бала. Бир маалда аба жетпей баратканын сезди.

Балдардын бири көзгө көрүнбөгөн мылтыгын кезей кармап, Жонасты жок кылмак болду: «Бах-бах!». Анан тынчтык өкүм сүрүп, Жонастын энтик-

кени гана угулуп калды. Ал ыйлап жиберейин деп араң турду.

Акырында эч нерсе болбогон соң, балдар бири-бирин карап турушту да, тарап кетишти. Жонас алардын велосипеддерин алып, кетип жатышканын укту. Аянтта Эшер, Фиона болуп үчөө калышты.

– Эмне болду, Жонас? Бул жөн эле оюн да, – деди Фиона.

– Сен баарын буздуң, – деп кесе айтты Эшер.

– Бул оюнду ойнобой эле коёлучу, – деп суранды Жонас.

– Эс алуу аймагынын директорунун жардамчысы кылып мына мени дайындашкан, – деди Эшер кыжыры келип. – Сенин жооп аймагыңа оюндар кирбейт!

– Жоопкерчилик аймагыңа, – деп оңдой салды Жонас.

– Кандай десең, ошондой де. Сен жаңы Кабыл алуучу болгон күндө да бизге муну ойногула деп буйрук бере албайсың. – Анан буйдала түштү. – Сага тиешелүү урмат көрсөтпөгөнүм үчүн кечирим сурайм, – деп күңкүлдөдү ал.

– Эшер, – деди Жонас. Ал керектүү сөздөрдү таап, жумшак, так сүйлөгөнгө аракет кылды. – Сен муну билбейсиң. Мен өзүм да билчү эмесмин. Бул – абдан катаал оюн. Мурун адамдар...

– Мен сенден кечирим сурабадымбы, Жонас.

Жонас оор үшкүрдү. Баары бир пайда жок. Эшер аны эч качан түшүнбөйт.

– Мен сени кечирдим, Эшер, – деп сабыры суз айтты.

– Жонас, дарыянын жээги менен велосипед тээп

келбейлиби?, – деди Фиона эрдин тиштегилеп.

Жонас ага карады. Карасаң, кандай татынакай кыз. Жанаша велосипед тээп, каткырып күлүп, сүйлөшүп жүрсө кандай жакшы болмок. Бирок эми андай болбойт. Ал убактар өттү. Эми ал андай кыла албайт. Жонас башын чайкады. Достору бурулуп, велосипеддерине кетишти. Жонас алардын кетип бараткавын карап турду.

Сарайдын жанындагы скамейкага барып отурду. Ичи эңшерилип турду. Балалыгы, достору, бейкамдыгы – баары кетти. Согуш оюнун ойногон балдарды көрүп көңүлү чөктү. Алардын өзүнүн эскерүүлөрү болбогондон кийин кантип түшүндүрмөк эле.

Фиона менен Эшерди жанындай жакшы көрчү. Бирок эми алар эскерүүлөрсүз Жонасты эч качан сүйө алышпайт. А эскерүүлөрдү аларга бере албайт. Ал эч нерсени өзгөртө албайт. Жонастын мындан шеги жок.

Ошол күнү кечинде Лили жаагы тынбай сүйлөп жатты. Дем алыш күнү курбулары менен жыргап ойногонун, көчөдөн тамак ичкенин, атасынын велосипедин тээп көргөнүн айтып атты.

– Мага качан велосипед беришер экен! Атамдыкы мага чоң экен, жыгылып калбадымбы. Дагы жакшы Гейб жок эле.

– Ошону айтсаң, – деди кабагын чытыган апасы ага макул болуп.

Габриэл атын угуп, колун серeңдетти. Баса баштаганына бир жума болуп калды. Атасынын айтымында, мындайда Тарбия борбору дайыма майрам уюштурат экен. Муну менен бирге чыбык колдону-

ла баштайт имиш. Габриэл чыргоолонсо деп атасы үйгө да чыбык алып келип койгон. Бирок Габриэл шайыр, тил алчаак бала болчу. Бөлмөдө тамтаңдап басып, «Ге! Ге!» деп күлө берчү, мунусу өз атын айтканы эле.

Жонастын бир аз кабагы ачылып калды. Башталышы жакшы болгону менен бул күн бир топ оор болду. Жонас эми жанагы ойлордон кутулганга аракет кылды. Лилиге велосипед тепкенди үйрөтүш керек, тогуз жашарлардын аземинен кийин дароо коммунаны аралап тээп кеткендей болсун деген ой келди. Ага болсо аз калыптыр, ойлоп көрсө, өзү он эки жашка чыккандан бери бир жыл өтүп кетиптир, ишенгиң келбейт.

Жонас бөбөгүнүн акырын кадам таштап, сүйүнүп жатканын көрүп жылмайды.

– Бүгүн эртерээк жатайын, – деди атасы. – Эртең оор күн. Эгиздер эртең төрөлөт, тестке караганда, экөө тең бирдей экен.

– Бирин бул жакка, бирин тигил жакка, – деп быдылдады Лили. – Бирин бул жакка, бирин тигил жакка...

– А сен чын эле аны Башка жакка алып барасыңбы? – деп сурады Жонас.

– Жок, мен болгону тандайм. Таразага тартам да, чоңураагын Тарбиячыга берем, кичинерээгин болсо өзүм алам. Анан чакан Узатуу аземин жасайм да.. – атасы Гейбди карап жылмайып койду, – кош-тошуп кала берем. – Ал колун булгалап койду.

Габриэл жалжаңдап күлүп, колун сереңдетти.

– Аны алып кеткени Башка жактан бирөө келеби?

– Ооба, Жонас-Бонас.

Жонас кичинекей кезиндеги атын угуп кызарып кетти.

Лили ойлонуп калды.

– Башка жерде ага маселен, Жонатан деп ат коюшса. Анда биз да коммунадагы түгөйүн Жонатан деп атайт элек. Ошондо Жонатан деген эки опокшош бала болот эле. Кийин алты жашка чыкканда бир Жонатан группасы менен башка коммунага барса, ал жерде өзүнө опокшош дагы бир Жонатан жүрсө. Анан ал жерде экөөнү чаташтырып алышат да, үйгө Жонатан келет. А балким, ата-энеси да билбей калат да, анан...

Ал дем алганы токтой калды.

– Лили, – деди апасы. – Мен ойлоп таптым. Он экиге чыкканда, сени баяндоочу кылып дайындашат болуш керек. Коммунада көптөн бери баяндоочу жок. Мен Комитетте болсом, сени сөзсүз ушул ишке дайындамакмын!

Лили күлдү.

– Мен андан да жакшысын таптым. А балким, биз баарыбыз эгиздердин түгөйлөрү чыгарбыз, Башка жерде башка Лили, башка Жонас, башка Ата, башка Эшер, башка Башкы аксакал, башка...

– Лили, – деп ийди атасы. – Жатып уктачы.

# 18

– Берүүчү, – деп сурады Жонас эртеси. – Сиз Узатуу жөнүндө ойлоносузбу?

– Сен мени Узатууну айтып жатасыңбы же жалпы эле Узатуунубу?

– Сыягы, экөөнү тең. Кечирип ко... Мен тагыраак айтышым керек болчу. Бирок кайсынысына кызыгып турганымы өзүм да жакшы билбейм.

– Туруп отур. Сүйлөшүп жатканда туруп отурсаң да болот.

Жонас керебетке отурду.

– Ооба, кээде ойлоном, – деди Берүүчү. – Өтө кыйналып кеткенде Узатууну ойлоном. Кээде кетиргиле деп арыз жаза албай турганыма өкүнүп кетем. Жаңы Кабыл алуучуну даярдап чыгармайынча, менин андай кылууга акым жок.

– Башкача айтканда, мени, – деди Жонас ындыны өчүп. Окуунун аяктаганын, өзүнүн жаңы Кабыл алуучу болушун каалаган жок. Кандай урмат-сый көрсөтүшкөнү менен жашоосунун кандай жалгыздыкта өтөрүн билип турду.

– Мен да кетиргиле деп арыз бере албайм. Бул эрежеде жазылуу.

Берүүчү мыйыгынан жылмайып койду.

– Ооба, муну он жыл мурунку окуядан кийин эрежеге киргизишкен.

Жонас муну бир нече жолу кулагы чалды. Бирок он жыл мурун эмне болгонун азыркыга чейин билбейт.

– Берүүчү, – деди ал. – Эмне болгонун айтып бериңизчи. Суранам.

Берүүчү ийинин куушуруп койду.

– Баары жакшы эле башталган. Келечектеги Эскерүүлөрдү Кабыл алуучу тандалган, тандоо иши да жакшы өткөн. Азем болуп, анда келечектеги Кабыл алуучунун аты жарыяланган. Элдин баары сага кол чапкандай эле ага да кол чабышкан. Ал да сен сыяктуу эле сүрдөп турган.

– Атам менен апам ал кыз болчу дешкен.

Берүүчү баш ийкеди.

Жонас жакшы көргөн кызы Фионаны ойлоп, селт этти. Теңтуш кызынын өзүндөй болуп эскерүүлөрдөн азап чегишин каалаган жок.

– Ал кандай кыз эле? – деп сурады ал Берүүчүдөн.

Берүүчүнүн кабагы бүркөлө түштү.

– Жакшы кыз болчу. Өзүнө ишенген, сабырдуу. Акылдуу, жаңы билимдерди эңсеген кыз болчу, – деп башын чулгуп, терең улутунду. – Билесиңби, Жонас, ал биринчи жолу ушул бөлмөгө кирип, өзүн тааныштырганда...

Жонас анын сөзүн бузуп ийди:

– Аты ким эле? Атам менен апам анын атын айтканга болбойт деп коюшкан. Бирок сиз айта аласыз да?

Атын айтса эле жан чыдагыс азапка кала тургандай тунжурай түштү Берүүчү.

– Аты Розмари болчу.

– Розмари. Жакшы ат экен.

Берүүчү сөзүн улантты.

– Ал биринчи жолу келгенде, сен отурган отургучка отурган. Бир аз коркуп, сүрдөгөнү менен жаңы нерселерди билсем деп дегдеп турган. Анан сүйлөшө баштадык. Мен ага баарын түшүндүргөнгө аракет кылдым.

– Мага түшүндүргөндөй.

Берүүчү кейиштүү жылмайды.

– Түшүндүрүш кыйын. Мунун баары силердин мурунку тажрыйбаңарга окшош эмес да. Бирок мен аракет кылдым. Ал кунт коюп тыңдады. Көздөрү балбылдап турду.

Ал капыстан эле Жонасты карап калды.

– Эсиңдеби, бир жолу мен сага өзүм жакшы көргөн бир эскерүүнү бербедим беле? Анын изи дагы эле бар. Анда үй-бүлө, чоң ата менен чоң эне бар эмес беле?

Албетте, ал Жонастын эсинде болчу.

– Ооба, – деди ал, – анда бир сонун сезим бар болчу. Анын атын сиз сүйүү дегенсиз.

– Анда сен Розмариге кандай мамиле жасаганымы түшүнөсүң. Мен аны жакшы көрчүмүн. Сени да жакшы көрөм, – деп кошумчалады ал.

– Анан эмне болду? – деп сурады Жонас.

– Анан окууну баштадык. Ал да сен сыяктуу жакшы кабыл алчу. Жаңы нерселерге аябай кубанчу! Анын күлкүсү дагы эле кулагымда турат... – үнү калтырап барып унчукпай калды.

– Анан эмне болду? – деп сурады Жонас бир аз күтүп туруп. – Айтсаңыз.

Берүүчү көзүн ачты.

– Анын кыйналарын ойлоп жүрөгүм ооручу.

Бирок бул – менин ишим. Сени окуткандай эле аны да окутушум керек болчу.

Жымжырттык өкүм сүрүп калды. Жонас күтүп турду.

– Беш жума. Болгону беш жума. Мен ага каруселге түшүү, мышыктын баласы менен ойноо, пикник сыяктуу бактылуу эскерүүлөрдү берип турдум. Кээде атайын аны күлдүрө турган эскерүүнү тандачумун, анткени анын ушул дайыма жымжырт болуп турган бөлмөнү жаңырткан балалык күлкүсү мен үчүн өтө кымбат эле. Бирок ал да сен сыяктуу болчу, Жонас. Ал баарын көргүсү келчү. Аны жасоого милдеттүү экенин билчү. Анан азаптуу эскерүүлөрдү да бериңиз деп туруп алды.

Жонас демин ичине катып калды.

– Сиз ага согушту көрсөттүңүзбү? Беш жумадан кийин элеби?

Берүүчү башын чайкады.

– Жок. Мен ага дененин оорусун берген жокмун. Жалгыздыкты бердим. Ажыроону бердим. Ата-энесинен айрылып калган баланын эскерүүсүн бердим. Биринчиси ошол болду. Ал андан шалдырап чыкты.

Жонас шилекейин жутту. Розмари, анын күлкүсү, керебетте кыймылдарга шайы жок жатканы элестеди.

Берүүчү сөзүн улантты:

– Мен аны алаксытайын деп, кайра кубанычтуу эскерүүлөрдөн бердим. Бирок жанагыдан кийин ал таптакыр өзгөрдү. Анын баары көзүнөн көрүнүп турду.

– Ал кайраттуу эмес беле? – деп сурады Жонас.

Берүүчү жооп берген жок.

– Ал уланта беришими талап кылды, менин аяганымы каалаган жок. Бул менин милдетим деп жүрдү. Анын айтканы туура экенин мен да билчүмүн. Мен ага дене оорусун бере албай койдум. Бирок башкасынын баарын бердим. Жокчулукту, ачарчылыкты, азапты бердим. Мен муну жасашым керек эле, Жонас. Бул – менин ишим. Ал болсо атайын ушул иш үчүн тандалган болчу. – Берүүчү Жонаска жалдырай карады.

Жонас анын колунан кармады.

– Ошентип, күндөрдүн биринде адаттагыдай эле сабакты аяктадык. Сабак оор болгондуктан, азыркыдай эле бактылуу эскерүү менен бүтүрдүм. Бирок ал күлгөн жок. Мына ушул жерде унчукпай турду. Бир нерсени ойлогондой кабагы бүркөө эле. Анан мага келди да, мойнуман кучактап, бетимен өптү.

Берүүчү он жылдан кийин да Розмаринин эринин сезип тургандай жаагын сылап койду.

– Анан ал чыгып кетти, бирок үйүнө барбаптыр. Үн алгыдан мага ал түз эле Комитетке барып, кетиргиле деп арыз берди деп айтышты.

– Бирок бул Эрежеге каршы болот да. Окуп жаткан Кабыл алуучунун арыз бергенге акысы жок...

– Бул сенин эрежелериңе каршы, Жонас. Анын Эрежелеринде мындай нерсе жок болчу. Ал кетиргиле деп арыз берген соң Комитет ага жок дей алган жок. Ошондон кийин мен аны көргөн жокмун.

Көрсө, ушундай болгон экен да! Албетте, Берүүчүнүн эмне үчүн кайгырганы түшүнүктүү дечи, бирок Жонаска бул өтө коркунучтуу окуядай

сезилген жок. Окуу канчалык оор болгон күндө да ал мындай кылмак эмес. Берүүчүгө шакирт керек, мына ал үчүн Жонасты тандап алышты.

Капысынан Жонаска бир ой келди. Розмарини окуу башталганда эле кетиришиптир. Эгер өзү бир нерсе болсо эмне болот? Анткени ал окуунун бир жылын бүтүрүп койду да.

– Берүүчү, – деди ал, – мен кетиргиле деп арыз бере албайм, муну түшүндүм. Бирок мен кокусунан бир нерсе болсом эмне болот? Мисалы, Калебдей болуп дарыяга агып кетсем. Албетте, бул болбогон нерсе, анткени мен жакшы сүзөм. Эгер сүзгөндү билбей чөгүп кетсем, эмне болмок? Анда жаңы Кабыл алуучу жок болот, а сиз болсо маанилүү эскерүүлөрдүн баарын берип койгонсуз. Ошентип, жаңы кабыл алуучу тандашкан күндө да ал эскерүүлөрдүн баары жок болот. Ошондо...

Ал капысынан каткырып ийди.

– Мен да карындашым Лилидей болуп турам!

– А сен, досум, дарыядан оолак бол, – деп олуттуу айтты Берүүчү. – Коммуна Розмариден беш жума болгондо ажыраган жана ошонун өзү эле чоң катастрофа болгон. Эгер сен жоголуп кетсең эмне болорун ойлогондон да корком.

– А эмнеге катастрофа болду эле?

– Мен муну сага айтып бергемин, – деп эске салды Берүүчү. – Ал кетип калгандан кийин эскерүүлөр адамдарга кайра келген. Эгер сен дарыяга чөгүп кетсең, Жонас, эскерүүлөр сенин менен кетпейт. Алар түбөлүктүү.

– Розмари беш эле жума окуган, ага берилген эскерүүлөрдүн көпчүлүгү жакшы болчу. Бирок

алардын арасында оор эскерүүлөр да бар болчу, мына ошолор кызды кыйнап койду. Ал кеткенден кийин алар бүт коммунаны азапка салды. Анын баары сезимдер да! Адамдар болсо андайды көргөн эмес. Мен өзүм кайгыда болуп, жоготууга ичим ачышып, жеңилгениме күйгөндүктөн, аларга жардам бергенге аракет да кылган жокмун. Кайра аларга ачуум келди.

Берүүчү ойлоно түштү.

– Билесиңби, – деди ал бир маалда, – эгер алар сенден айрылышса, сендеги эскерүүлөрдүн баары аларга калат.

Жонас ойлоно түштү.

– Бул аларга жакпайт го.

– Албетте. Алар эмне кылышты да билбейт да.

– Мен да сиз жардам берсеңиз гана бир нерсе кылышым мүмкүн, – деп үшкүрдү Жонас.

Берүүчү баш ийкеди.

– Сыягы, – деди ал, – мен да...

– Сиз эмне кылат элеңиз?

Берүүчү өз ою менен алпурушуп жатып, акыры мындай деди:

– Эгер сен суууга агып кетсең, мен, балким, сага жардам берген сыяктуу эле коммунага да жардам бермекмин. Бул чынында кызык ой. Муну ойлонуп көрүш керек экен. Балким, биз муну дагы талкуулайбыз. Бирок азыр эмес. Сууда мыкты сүзгөн жакшы, Жонас. Бирок баары бир суудан оолак бол.

Ал кейиштүү жылмайды. Оюу алыска кетип, көздөрү мунарыктап турду.

# 19

Жонас саатын карады. Жасай турган иштер көп, Берүүчү экөө баш көтөрбөй иштегендиктен, кээде гана отуруп сүйлөшүп калышчу.

– Кечирип коюңуз, мен узатууга көп убакыт сарптап койдум окшойт, – деди Жонас. – Себеби атам бүгүн жаңы төрөлгөн эгиздердин бирин узатууга жооптуу болчу. Ал бирин калтырып, бирин кетирүүгө тийиш. Салмагына жараша. – Жонас кайра саатын карады. – Азыр баары бүтүп калды болуш керек. Менимче, ал муну эрте менен эле бүтүрмөк.

– Алар мындай кылбай эле коюшса болмок, – деп ойлуу айтты Берүүчү. Ал ушунчалык акырын айткандыктан, өзү менен өзү сүйлөшүп жаткандай болду.

– Антпесе коммунада эки окшош киши болуп калбайбы? Ойлоп көрсөңүз, кандай болорун, – деп кыткылыктап күлдү Жонас. Анан мындай деп кошумчалады:

– Кетирүү кандай болорун көрсөм болор эле.

Ал чынында эле атасынын аземди өткөрүп, бөбөктү ороп жатканын карап турмак. Атасы абдан мээримдүү болчу.

– Сен барып көрсөң болот, – деди Берүүчү.

– Жок, – деди Жонас, – балдарга тыюу салынган.

– Жонас, – деди Берүүчү, – сен инструкцияны окугансың да. Анда каалаган адамга каалаган суроону бере алат деп жазылган да, туурабы?

– Ооба, бирок...

– Жонас, окууну бүткөндөн кийин сен жаңы Кабыл алуучу болосуң. Сен китептерди окуй аласың, сенде көптөгөн эскерүүлөр бар. Сен каалаган жериңе барсаң болот. Бул – сенин окууңдун бир бөлүгү. Эгер Узатуу аземин көргүң келсе, мага айт да, бара бер.

Жонас ийинин кушуруп койду.

– Макул, кийин көрөрмүн. Бул Узатууну баары бир көрө албай калдым. Ал эрте менен эле бүтүп калды болуш керек.

– Жонас, балким, сен билбейт чыгарсың, бирок аземдердин баары жазылат. Алар Ачык жазуулар залында болот. Сен чын эле эрте мененки Узатууну көргүң келип турабы?

Жонас арсар боло түштү. Атасы муну жактырбайт го.

– Менимче, сен аны көрүүң керек, – деп катуу айтты Берүүчү.

– Болуптур, – деди Жонас. – Эмне кылышым керек?

Берүүчү басып барды да, үн алгыны басты:

Дароо үн угулду:

– Угуп атам, кабыл алуучу. Кандай жардам керек?

– Мен эртең менен болгон эгиздин түгөйүн Узатуу аземин көргүм келет.

– Бир мүнөт, сэр. Көрсөтмөңүз үчүн рахмат.

Жонас экранды карады. Адегенде кыйшык тилке-

лер пайда болду да, анан кандайдыр бир цифралар чыккан соң дата менен убакыт көрүндү. Бул абдан кызык болду, анткени ал мындайды күткөн эмес.

Анан терезесиз чакан бөлмө көрүндү. Анда керебет менен столдон башка эч нерсе жок экен, столдун үстүндө гана тараза, анча-мынча аспаптар турат. Жонас мындай таразаны ыктыярдуу жумуш учурунда Тарбия борборунан көргөн. Бөлмөдө шкаф да бар экен. Жерде ачык түстүү килем.

– Кадимки эле бөлмө, – деп таң калды Жонас. – Мен карыларды узатуу аземиндей чоң залда болот го деп ойлодум эле. Узатуу аземина карылардын баары катышат. Балким, бөбөктөрдү узатканда...

– Чш-ш-ш, – деп тыйды Берүүчү экрандан көзүн албай.

Бөлмөгө Тарбиячынын формасын кийген Жонастын атасы кирди. Колунда оролгон бөбөк бар. Анын артынан ушундай эле форма кийип, бөбөк көтөргөн бир аял кирди.

– Бул – менин атам, – деп шыбырады Жонас, тиги оролгон бөбөктөр ойгонуп кете тургансып шыбырап. – Тиги болсо – жардамчысы, ал окууну жакында бүтөт.

Тарбиячылар жалаяктарды ачып, балдарды керебетке жаткырышты. Алар жылаңач болгондуктан, Жонас эркек балдар экенин баамдады.

Атасынын адегенде бөбөктөрдүн бирин, андан кийин экинчисин таразага тартканын көз айырбай карап турду.

Анан атасынын күлгөнү угулду.

– Жакшы, – деди ал аялга. – Мен бипбирдей болуп калат го деп ойлодум эле. Анда кыйын болмок.

Бул, – деп көрсөттү ал балдардын бирин, – толук үч килограмм экен. Муну ороңуз да, Борборго алып барыңыз.

Аял бөбөктү алды да, чыгып кетти.

Жонас атасынын тиги баланы эңкейип караганын көрдү.

– А сен, жигит, болгону эки сегиз жүз экенсиң. Чаяндай болгон байкуш десе!

– Ал бөбөктөр менен дайыма ушинтип сүйлөшөт, – деди Жонас жылмайып.

– Карап тур, – деди Берүүчү.

– Эми ал бөбөктү киринтет да, ороп коёт, – деди Жонас. – Ал өзү ушундай деп айткан.

– Шүк отур, Жонас, – деди Берүүчү таң каларлык үн менен. – Карап тур.

Жонас экранга тигилди. Аземдин өзүн көрүү ал үчүн кызык эле.

Атасы шкафка барып, андан шприц менен кичинекей бөтөлкөнү алып чыкты. Ийнени бөтөлкөгө акырын сайды да, шприцти тунук суюктукка толтурду.

Жонас акырын улутунуп койду. Жаңы төрөлгөндөргө да ийне сайыларын унутуп калыптыр. Жаман көргөнү менен бул керектүү нерсе эле.

Атасы шприцти бөбөктүн тамыры бүлкүлдөп согуп турган башына алпарганда, таң кала түштү. Бөбөк кыңылдап ыйлап ийди.

– Эмне үчүн ал...

– Чш-ш-ш, – деди Берүүчү кайрадан.

Атасы бир нерсе деп сүйлөдү, Жонас анын өзү бере турган суроого жооп берип жатканын түшүндү. Атасы баягы мээримдүү үнү менен сүйлөп жатты:

– Билем, кичинекей, билем. Оорудубу? Мага вена керек, колуңдагы таптакыр кичине болуп атпайбы.

Ал шприцтеги суюктуктун баарын венага акырын куйду.

– Мына, болду. Андай деле коркунучтуу эмес, – деген атасы шприцти урнага таштады.

«Эми киринтип туруп оройт болуш керек», – деп ойлоду Жонас, Берүүчүнүн сүйлөшкүсү келбей турганын билип.

Анан бөбөк ыйлабай, бутун серппей калды. Денеси жайыла түштү. Башы артка кетип, көзү жумулуп, тынчып калды.

Бир маалда Жонас ушул кыймылдардын баары тааныш экенин туюп ичи муздай түштү. Кайсы жерден көрдү эле? Эстей албай жатты.

Дагы эмне болор экен деп экранга тигилди. Эч нерсе болгон жок. Ымыркай кыймылсыз жатты. Атасы баарын ордуна коюп, жалаякты ороду да, шкафты жапты.

Жонас баягы оюн аянтындагыдай болуп дем ала албай калды. Баягы кичинекей солдаттын канга боёлгон жүзү, өлүп баратканы көз алдына келди. Эми эстеди.

«Аны өлтүрдү! Аны менин атам өлтүрүп койду!» – деп күбүрөгөнү менен өзү буга ишене албай турду. Экранды караган бойдон калды.

Атасы бөлмөнү жыйыштырып бүттү. Анан жерде турган кутуну алды да, денени ага салды. Бекемдеп жапты.

Кутуну бөлмөнүн ары жагына алып барды. Дубалдагы эшикти ачты эле, ары жагы караңгы экен. Мектептеги таштанды салгычка окшоп кетти.

Атасы кутуну тешикке койду да, ары түртүп жиберди. «Жакшы бар, кичинекей!» – деди да, бөлмөдөн чыгып кетти.

Анан экран кайра аппак болуп калды.

Берүүчү Жонаска карай бурулду да, акырын мындай деди:

– Розмари арыз берди деп айтышкандан кийин эле экрандан көрсөтүштү. Байкуш кызды акыркы көргөнүм ошол болду. Ал күтүп турду. Шприц алып келишип, жеңин түргүзүштү.

– Ал баатыр эмес болсо керек деп ойлодуң да. Мен баатырдыкты, баатыр болуу кандай болорун билбейм. Ушул жерде нес болуп отурганымы гана билем. Же колуман эч нерсе келбейт. Розмари ийнени өзү саяйын деп суранды. Анан өзү сайды. Мен аны көргөнүм жок. Бурулуп кеттим.

Берүүчү Жонасты карады.

– Ушундай, Жонас. Узатуу деген мына ушундай болот, – деди ал кейиштүү.

Жонаска аба жетпей баратты, көкүрөгүндөгү жан чыдаткыс оору ыйга айланып, тышка атып чыкты.

# 20

– Барбайм! Барбайм үйгө! Сиз мени мажбурлай албайсыз! – Жонас буркурап ыйлап, керебетти койгулап атты.

– Отур, Жонас, – деп буюрду Берүүчү.

Жонас анын айтканына көндү. Солуктап, керебеттин кырына отурду. Бирок Берүүчүнү караган жок.

– Калсаң, кал. Мен сени менен сүйлөшүшүм керек. Азыр сен шүк отур, мен ата-энеңе бүгүн мында калат деп айтып коёюн. Сенин ыйлаганыңды эч ким укпаш керек.

– Ымыркайдын ыйлаганын эч ким уккан жок! Атамдан башка эч ким уккан жок! – деп кайра буркурады бала.

Берүүчү унчукпай күтүп турду. Акырында Жонас басылды. Калтырап-титиреп, бүрүшүп отурду.

Берүүчү басып барып үн алгыны иштетти.

– Угуп атам, Берүүчү. Кандай жардам керек?

– Жаңы Кабыл алуучунун үй-бүлөлүк уюмуна ал бүгүн кошумча сабак үчүн мында калат деп айтып коюңуз.

– Албетте, сэр. Көрсөтмөңүз үчүн рахмат, – деди жанагы үн.

– Албетте, сэр. Албетте, сэр, – деп туурады Жонас. – Албетте, сэр. Бардыгын аткарам, сэр. Адамдарды өлтүрөм, сэр. Карылардыбы? Ымыр-

кайлардыбы? Кандай айтсаңыз, ошондой болот, сэр. Өлтүргөнүмө бактылуумун, сэр. Көрсөтмөңүз үчүн, рахмат, сэр. Колумдан эмне келсе... – Ал токтоно албай сүйлөй берди.

Берүүчү аны ийинден алды. Жонас сүйлөгөнүн токтотуп, аны карап калды.

– Кулак сал, Жонас. Алардын күнөөсү жок. Алар эч нерсени билишпейт.

– Сиз муну мага айткансыз.

– Мен муну сага айткамын, анткени бул чындык. Алардын жашоосу ушундай. Алар ойлонуп табылган жашоо менен жашашат. Эгер сени мага шакирт кылып тандашпаса, сен да ошентип жашап жүрө бермексиң.

– Бирок ал мени алдаптыр да! – деп ыйлады Жонас.

– Ага ошентесиң дешкен, ал андан башкача кыла албайт.

– Сизчи? Сиз дагы мени алдайсызбы? – деп шыбырады Жонас.

– Мен алдасам болот, бирок мен сени эч качан алдаган эмесмин.

Жонас аны тикирейип карап калды.

– Узатуу дайым ушундай болобу? Эрежени үч жолу бузгандарды да ушундай кылышабы? Карыларды дагыбы? Алар карыларды дагы өлтүрүшөбү?

– Ооба.

– А Фионачы? Ал кары адамдарды жакшы көрөт! Аларды караганды үйрөнүп жүрөт. Ал муну билбейби? Ушундай болорун айтышканда, ал эмне дейт? Ошондо ал өзүн кандай сезер экен? – Жонас жаштуу жүзүн жеңи менен аарчыды.

– Фиона Узатуу искусствосун үйрөнүп жатат, – деди Берүүчү. – Сенин сары чач курбу кызың өз ишин жакшы билет. Ал үйрөнүп жаткан жашоодо сезимдерге орун жок.

Жонас өзүн-өзү кучактап, термеле баштады.

– Эмне кылам? Мен эми кайра бара албайм! Бара албайм!

Берүүчү ордунан турду.

– Адегенде тамак айт. Тамактанабыз.

– Анан сезимдерибизди бөлүшөбүз да? – Жонас өзүнүн дагы какшыктап жатканын сезди.

Берүүчү кейиштүү жылмайды.

– Жонас, коммунада экөөбүздө гана сезим бар. Экөөбүз аны бир жылдан бери бөлүшүп жүрөбүз.

– Кечирип коюңуз, Берүүчү. Менин сизге ачуум келген жок.

Берүүчү Жонасты ийининен сылап койду.

– Тамактан кийин, – деп сөзүн улады ал, – план ойлоп табабыз.

Жонас түшүнбөй карап калды.

– Кандай план? Эч нерсе кыла албайбыз. Ушундай боло келген. Мага чейин, сизге чейин, сизден мурункуларга чейин, – деп көнүмүш фразаны айта салды.

– Жонас, – деди Берүүчү бир аз унчукпай туруп. – Узак мезгил бою ушундай болуп келгендиктен, дайым ушундай болуп келгендей сезилет. Бирок эскерүүлөр андай эмес дейт. Качандыр бир кезде адамдарда сезим болгон дейт. Биз экөөбүз анын бир бөлүгүбүз, биз билебиз. Адамдар сыймыкты, кайгы-капаны сезгенин билебиз жана...

– Жана сүйүү, – деп жиберди Жонас, баягы

эсинен кетпей калган үй-бүлөлүк жашоонун бир үзүндүсүн эстей коюп. – Анан азап, – деп кошумчалады баягы солдатты ойлоп.

– Бирок эскерүүлөрдөгү эң жаман нерсе оору эмес, жалгыздык. Аны бирөө менен бөлүшүү керек.

– Сиз мени менен бөлүшө баштадыңыз, – деди Жонас.

– Ооба. Сенин бул жерде болгонуң, сени менен өткөн сабактар бардыгы өзгөрүш керек экенин көрсөттү. Көп жылдар бою ойлонсом да, бул мүмкүн эместей сезилчү. Мен азыр бир жол бар экенин түшүндүм, – деп жай айтты Берүүчү. – Сен муну мага... – ал саатын карады, – эки саат мурун айттың.

Жонас андан көзүн албай тыңдап турду.

Түн бир оокум болуп калды. Алар болсо сүйлөшө беришти. Жонас Аксакалдар гана кие турган Берүүчүнүн мантиясына оронуп отурду.

Алардын пландаштыргандары мүмкүн болчу. Бирок дээрлик колдон келбей турган нерсе эле. Эгер план ишке ашпай калса, Жонасты өлтүрүшөрү бышык.

Бирок бул эми маанилүү эмес. Аман калган күндө да мындай жашоонун эми ага кереги жок.

– Ооба, – деди ал Берүүчүгө. – Мен муну кылам. Менин оюмча, бул мүмкүн. Баары бир аракет кылыш керек. Бирок мен экөөбүз кетсекпи дедим эле.

Берүүчү башын чайкады.

– Жонас, коммуна илгертен бери эскерүүлөрдү сактаган Кабыл алуучуга көз каранды болуп келген. Мен быйыл эскерүүлөрдүн көбүн сага бердим. Аларды эми кайра ала албайм. Бул мүмкүн эмес.

Эгер сен кача турган болсоң, артка кайра жол жок...

Жонас үңүрөйүп баш ийкеди. Ал өзү да ушундан коркуп турду.

– Ооба, мен түшүнөм, бирок сиз мени менен кетсеңиз...

Берүүчү башын чайкады да, унчукпа дегендей белги берди.

– Эгер сен Башка жерге кетсең, эскерүүлөрдүн жүгү коммунага түшөт. Менимче, алар муну көтөрө алат жана акылман болуп калышат. Бирок бул өтө оор болот. Он жыл мурун Розмариден айрылганда, анын эскерүүлөрү адамдарды абдан кыйнаган. Бирок сеники менен салыштырганда, аныкы аз эле болчу. Сенин эскерүүлөрүң кайтып келгенде, коммунага жардам керек болот. Сен эскерүүлөрдү ала баштаганда, жардам бергеним эсиңдеби?

– Ооба, эсимде. Адегенде абдан коркуп, кыйналгамын.

– Сага жардам керек болгон. Эми аларга да жардам керек болот.

– Мунун баары болбогон кеп. Алар менин ордума башка бирөөнү Кабыл алуучу кылып шайлап алышат.

– Азыр окууга ылайыктуу эч ким жок. Алар, албетте, тезирээк тандаганга аракет кылышат, бирок мен буга ылайыктуу бир да баланы билбейм.

– Бир көк көз кыз бар. Бирок ал беш эле жашта.

– Ооба, туура. Кимди айтып айтканыңды билдим. Анын аты Катарина. Бирок ал өтө эле жаш. Ошондуктан, алар каалашса да, каалашпаса да эскерүүлөрдү алышат.

– Экөөбүз кетеличи, – деп жалдырады Жонас.

– Жок, мен калам, – деп катуу айтты Берүүчү. – Мен өзүм ушуну каалайм, Жонас. Эгер сени менен кетсем, коммуна таптакыр коргоосуз калат. Аларга эч ким жардам бербейт. Башаламан болуп кетет. Бирин-бири жеп коюшат. Мен аларды таштап кете албайм.

– Эмне үчүн биз аларга кам көрүшүбүз керек?

Берүүчү ага күлүмсүрөп карады. Жонас башын жерге салды. Албетте, алар кам көрүшү керек. Мунун баары ошолор үчүн болуп атпайбы.

– Анын үстүнө, Жонас, мен кача албайм. Алдан тайдым. Түстөрдү ажырата албай калдым деп жана айтпадымбы.

Жонастын жүрөгү сыздай түштү. Берүүчүнүн колун сылады.

– Түстөр сенде, – деди Берүүчү. – Сен эр жүрөксүң. Сенде күч да болот – мен сага жардам берем.

– Бир жыл мурун, мен түстөрдү жаңы эле ажырата баштаганда, сиз мага мени ки башкача болгон эле деп айткансыз. Аны сага түшүндүрө албайм деп айткансыз.

Берүүчүнүн кабагы ачыла түштү.

– Ооба, ошондой. Билесиңби, сенин бир жыл ичинде алган билимиң, эскерүүлөрүң аны түшүнүүгө жардам бере албайт. Анткени мен сараңдык кылып, анын эч бирин сага бергеним жок. Акырына чейин сактап тургум келди.

– Эмнени?

– Бул сенден жашыраагымда боло баштаган. Бирок мен сендей болуп алысты көрө баштаганым жок. Мен уга баштадым.

Жонас кабагын түйдү.

– Эмнени уга баштадыңыз?

– Музыканы, – деди Берүүчү күлүмсүрөп. – Чынында укмуш нерсе. Мен аны сени менен кетеринде бөлүшөм.

Жонас башын чайкады.

– Жок, Берүүчү, – деди ал. – Мен кеткенден кийин музыкаңыз болушун каалайм.

Жонас эрте менен үйүнө барды. Ата-энеси менен жылуу учурашып, калп эле Берүүчүнүкүндөгү түн абдан кызыктуу болгонун айтты. Атасы жылмайып, кечээ жумуш абдан кызык болду деп койду.

Мектептеги сабак учурунда Жонас качуу планын кайра-кайра ойлонуп жатты. Ал абдан жөнөкөй эле – аны Берүүчү экөө түнү менен сүйлөшүп чыгышкан.

Декабрдагы аземге чейинки эки жуманын ичинде Берүүчү Жонаска күч жана баатырдык жөнүндөгү эскерүүлөрдөн мүмкүн болушунча берет. Алар Башка жерге (анын бар экенинде шек жок) жетүүгө жардам берет. Бирок бул абдан кыйын экени шексиз.

Анан эртең Азем болот деген түнү Жонас акырын үйдөн чыгып кетет. Бул пландын эң опурталдуу бөлүгү болчу. Мында Жонас эң негизги эрежелердин бирин – коммунанын мүчөлөрү түнү жумуш зарылдыгы боюнча гана үйүнөн чыга алат деген эрежени бузмак.

– Мен түн жарымда кетем, – деди Жонас. – Кызматкерлер кечки тамактын калганын жыйнап кеткен болот, ал эми Жол текшерүүчүлөр кечирээк

чыгышат. Кокусунан эле чыгып калгандар болбосо, мени эч ким көрбөйт болуш керек.

– Кармалып калсаң, эмне деп айтасың билбейм, – деди Берүүчү. – Менде качкандар жөнүндө эскерүүлөр бар. Адамдар абдан кыйын шарттарда качышкан. Бирок алардан ар бири өзүнчө, бири да биздикине окшош эмес.

– Мен абдан сак болом. Эч ким мени байкабайт.

– Сен окуп жаткан Кабыл алуучусуң, бул бир топ сыйлуу кызмат. Сени көп деле такып сурабайт болуш керек.

– Мен Кабыл алуучунун маанилүү тапшырмасы боюнча баратам деп айтам. Күнөөнү сизге коём, – деди Жонас Берүүчүгө тийишип.

Алар күлүп калышты. Бирок Жонас чындап эле бир аз азык алып, үйдөн билинбей чыгып кетеринен шек санаган жок. Велосипедин болсо буюмдары менен бирге дарыянын жээгиндеги бадалдарга катып коёт.

Анан караңгыда Карылар үйүнүн жанына келет.

– Мында түнкү кызматкер болбойт, – деп түшүндүрдү Берүүчү. – Эшикти ачып коём, бөлмөгө кирип келе бер. Сени күтүп турам.

Ата-энеси эрте менен турса, Жонас жок болот. Керебетте жээк бойлоп сейилдегени кеттим, Аземге келип калам деген кат жаткан болот. Ата-энеси ачууланышканы менен ызы-чуу көтөрбөйт. Бул жоругу үчүн сөгүш беребиз деп тим болушат.

Алар күтүп-күтүп отуруп, акыры кыжыры келип, жалгыз Лилини ээрчитип, Аземге кетишет.

– Бирок алар эч кимге эч нерсе айтышпайт, – деди Жонас. – Алар менин одоно жоругуму жарыя

кылышпайт, анткени бул ата-энелик отчётко таасирин тийгизет. Дегеле ал күнү баары Азем менен алек болуп, менин жок экенимди байкашпайт болуш керек. Мен азыр окуп жаткан он эки жашар болгондуктан, группам менен отурганга милдеттүү эмесмин. Ошентип, Эшер ата-энеси же сиз менен жүрөт болуш керек деп ойлоп калат...

– Ата-энең Эшер менен же мени менен жүрөт деп ойлойт.

Жонас ийинин куушуруп койду.

– Жалпысынан айтканда, алар менин жоктугумду дароо билишпейт.

– Ал убакта сен алыс кеткен болосуң.

Берүүчү машинаны эрте мененкиге чакырат. Ал башка коммунадагы аксакалдар менен сүйлөшкөнү көп чыгат жана тегеректеги коммуналар да ага карагандыктан, мында таң кала турган эч нерсе деле болбойт.

– Адатта Берүүчү Аземге барбайт. Былтыр ал Жонас үчүн эле барган. Башка учурда өзүнчө жашагандыктан, анын ошол күнү кеткенине эч ким деле таң калбайт.

Машина келгенде, Берүүчү айдоочуну бир жакка жөнөтүп иет. Ал келгенче Жонасты эки жумага жетерлик азыгы менен багажга жаткырып коёт.

Азем башталып, бүт коммуна лекторийге киргенде, Берүүчү Жонас экөө жолдо болот.

Түш болгондо Жонастын жок экенин билишип, тынчсыздана башташат. Аземди токтотушпайт (андай болбойт), бирок издөөчү топторду жөнөтүшөт.

Анан баягы дарыянын жээгиндеги велосипед менен кийим-кече табылат, ал убакта Берүүчү да

келип калат. Жонас болсо Башка жерге бараткан болот.

Берүүчү келгенде, коммуна ызы-чуу түшүп аткан болот. Адамдар мындай жагдайга биринчи жолу туш болгондуктан, аларга акылмандык жана сабырдуулук бере турган эскерүүлөр жок болот. Алар эмне кыларын билбей калгандыктан, Берүүчүнүн кеп-кеңешине мажбур болушат.

Ал коммунанын бүт мүчөлөрү отурган лекторийге келет. Сахнага чыгат да, Жонастын чөгүп кеткенин жарыя кылып, дароо Жоготуу аземин баштайт.

Алар баягыда Калебдин атын айткандай «Жонас, Жонас» дей башташат. Берүүчү ырды башкарат. Баары биригип Жонасты өз жашоолорунан өчүрүш үчүн атын шыбырап калганча кайталай беришет жана кечинде ал биротоло унутулуп, ысымын эч ким айтпай калат.

Анан алар эскерүүлөрдүн эбегейсиз оор жүгүн алганга мажбур болушат. Берүүчү болсо аларга жардам берет.

– Албетте, сиз болбосоңуз алардын колунан эч нерсе келбейт, – деп жыйынтык чыгарды Жонас планды талкуулап чыккандан кийин. – Бирок сиз мага да керексиз. Мени менен кетсеңиз, – деп жалдырады Жонас, анын макул болбосун билип турса да.

– Коммунанын өзгөрүп, кайра бүтүн болушуна жардам бергенде гана менин ишим бүтөт.

– Сага ыраазымын, Жонас. Сен болбосоң, мен муну эч качан ойлоп таба алмак эмесмин. Бирок сенин милдетиң – качуу, меники – калуу.

– Мени менен кеткиңиз келбейби? – деп капалуу сурады Жонас.

Берүүчү аны кучактады.

– Мен сени сүйөм, Жонас, – деди ал. – Менин бара турган жерим бар. Ишти бүтүргөндөн кийин кызым менен калгым келет.

Жонастын оозу ачыла түштү:

– Сиздин кызыңыз бар экенин билбептирмин, Берүүчү! Жубайым бар деп айткан элеңиз, бирок кызыңыз бар экени оюма да келбептир.

Берүүчү жылмайып күлдү. Жонас анын ушундай бактылуу жүзүн биринчи жолу көрдү.

– Кызымдын аты – Розмари.

# 21

«Бул ишке ашат. Баары болот». – Жонас ушул сөздөрдү кечке кайталап жүрдү.

Бирок кечинде баары өзгөрдү. Берүүчү экөө талкуулап, бышыктап жүргөн нерселердин баары заматтын ортосунда жок болду.

Ошол түнү Жонас качканга аргасыз болду. Караңгы кирери менен үйдөн чыкты. Бул өтө опурталдуу эле, анткени коммунадагылардын көпчүлүгү үйлөрүндө болчу. Жумушчулар көчөдө жүрүшкөн. Көлөкө менен жүргөнгө аракет кылып үйлөрдөн, ээн турган Борбордук аянттан өтүп, дарыяга баратты. Караңгы асмандын шаңынан Карылар үйүнүн карааны көрүндү. Бирок токтобой кете берди, анткени ар бир мүнөт эсептелүү болчу. Ал мүнөт сайын коммунадан алыстоого тийиш эле.

Эми ал көпүрөдөн өтүп баратты. Рулга жабышып, педалды бир калыпта айландыра берди. Караңгыда астынан агып жаткан сууну көзү чалды.

Таң калыштуусу, коммунадан кетип баратып корккон да, өкүнгөн да жок. Болгону көңүлү бир аз чөктү. Эң жакын досу анда калды. Үн чыгаргандан коркту (бул опурталдуу болчу), бирок алыстан уга билген Берүүчү коштошкон сөзүмдү угат болуш керек деп үмүт кылды.

Бул кечки тамак учурунда болду. Үй-бүлөлүк уюм адаттагыдай эле столго отурушту: Лили жаагы тынбай сүйлөп, атасы менен апасы күндүз болгон окуяларды сүйлөшүп отурушту (Жонас билип калгандай, жалган-жашыкты кошуп урдуруп атышты). Жерде Габриэл өз тилинде бирдемелерди чулдурап, Жонаска күлүп коюп атты, сыягы, анын келгенине сүйүнүп жатса керек.

Атасы бөбөктү карады.

– Жыргап ал, Гейб, – деди ал. – Сен биздикинде акыркы жолу конок болуп атасың.

– Бир нерсе болдубу? – деп сурады Жонас.

Атасы үшкүрүп койду.

– Сен эрте менен келгенде, Габриэл жок эмес беле? Сен болбогон соң, түнү Тарбия борборуна калтырып көрөлү деп калтырганбыз. Акыркы күндөрү жакшы уктап жүрбөдү беле.

– Идея жакшы болбой калдыбы?

Атасы күлүп койду.

– Андай эле болсо кайда. Катастрофа болбодубу! Түнү менен ыйлап чыкты. Түнкү тарбиячылардын эси ооду. Эрте менен барсам, араң эле жүрүшүптүр.

– Жаман баласың сен! – деп Лили Гейбге сөөмөйүн кезеп койду.

– Ошентип, биз чечим кабыл алууга аргасыз болдук, – деп сөзүн улантты атасы. – Бүгүнкү кеңешмеде ал тургай мен да Гейбди кетирүү үчүн добуш бердим.

Жонас айрысын коюп, атасын тиктеп калды.

– Узаткангабы? – деп кайра сурады.

Атасы баш ийкеди.

– Биз колубуздан келгендин баарын жасадык.

– Туура айтасың, – деп аны кубаттады апасы.

Лили да баш ийкеди.

Жонас мүмкүн болушунча сабырдуу болгонго аракет кылды.

– Качан? – деп сурады ал. – Качан кетиришмек болду?

– Эртең эрте менен. Биз ысым берүү аземине даярданышыбыз керек, ошондуктан эртелетели деп чечтик.

– Эрте менен «кош-кош» дейбиз, кичинекей, – деди атасы баягы «эркелеткен» үнү менен.

Жонас аркы өйүзгө өткөн соң токтоп, артына кылчайды. Ал жакта бүт өмүрү өткөн коммуна калды. Коммуна уйкуда. Эрте менен кайра эле баягы бир нуктагы жашоо башталат, бирок анда Жонас болбойт. Күтүүсүз, ыңгайсыз, таң каларлык нерселерге жол бербеген жашоо. Түсү жок, азап-тозогу, өткөн чагы жок жашоо.

Ал педалды чимирилтип жолун улады. Артты көп караганга болбойт. Өзү бузган эрежелер оюна келди, колго түшсө, иш бүттү.

Биринчиден, ал түн ичинде үйүнөн кетти. Бул негизги эрежени бузгандык болот.

Экинчиден, коммунанын тамагын уурдады – алганы кечки тамактын калдыгы болгону менен бул да олуттуу кылмыш болуп эсептелет.

Үчүнчүдөн, ал атасынын велосипедин минип кетти. Буга чейин бир да жолу мындай кылган эмес. Караңгыда велосипеддерди карап жатып, атасына тиешелүү эч нерсени алгысы келген жок эле,

анын үстүнө мындай чоң велосипед менен жүрүү ыңгайсыз да болмок.

Бирок артында балдардын креслосу бар атасынын велосипедин алууга аргасыз болду. Анткени Гейбди да ала кетпедиби.

Кетип баратып бөбөктүн башы аркасына улам тийип жатканын сезди. Габриэл креслодо уктап келатты. Үйдөн чыгарда Жонас колун анын аркасына коюп, жан жыргатар эскерүүсүн – алыскы бир аралдагы бактарга байланган, термелип турган тор гамакты, жээкке урунган толкундардын шарпылдагын берген. Гейб эскерүүнү алар менен дем алышы жайлап, уйкуга кеткенин сезген. Ал тургай креслого отургузганды да сезген жок.

Жонас дагы бир нече саат бар экенин, андан кийин качып кеткени белгилүү боорун билип турду. Ошондуктан ал педалды чимирилтип баратты. Убакыт өткөн сайын коммунадан алыстай берди. Берүүчү убада кылган баягы күч жана баатырдык жөнүндөгү эскерүүлөрдү алганга үлгүрбөй калды. Эми өзүндө болгондорго гана ишенип, ушулар жетер деген үмүт менен баратты.

Жолдогу коммуналардан айланып өтүп атты. Бирок алар да барган сайын азайып, эми көбүнчө ээн жол менен жүрүп калды. Буттары адегенде ооруп жаткандай болду эле, азыр ал да сезилбей калды.

Таң атып калган маалда Гейб чукурана баштады. Алар ээн жерде кетип баратышты, жолдун жээгиндеги талаалар аяктап, дарактар башталды. Жонас өзөндү көрүп, өңгүл-дөңгүл жол менен ошол жак-

ты көздөй салды. Бая эле ойгонгон Гейб велосипед секирген сайын каткырып күлөт.

Жонас кемерди чечип, Гейбди алды. Ал болсо чөп менен куурайларды таң калып карап жатат. Жонас велосипедди бадалдарга бекитти.

– Таңкы тамак, Гейб!

Жонас Гейбге тамак берген соң, өзү да тамактанды. Үйдөн ала чыккан чөйчөк менен өзөндөн суу сузуп, Гейбге берди. Анан өзү да ичкен соң, чөпкө отура кетти.

Бөбөктүн ойногонун карады. Чарчап, алы кетип турду. Бир аз уктап, эс алып, кийинки сапарга даярданыш керек. Анын үстүнө күндүз жол жүргөн опурталдуу.

Эми аларды издей башташат.

Бадалдардын арасынан ыңгайлуу жер тапты да, бөбөктү алып жата кетти. Габриэл каткырып, каршылык көрсөттү – ал муну оюн деп түшүндү. Үйдө ушинтип көп ойношчу: Жонас аны кытыгылап, экөө тең жыргап күлүшчү.

– Кечирип кой, Гейб, – деди Жонас. – Билем, азыр таң атты, азыр эле ойгондуң. Бирок биз укташабыз керек.

Гейбди кучактап, сылап-сыйпап эркелетти. Анан колун аркасына коюп, чарчоо жөнүндөгү эскерүүнү берди. Гейб дароо уйкуга кетти.

Качкындар алгачкы опурталдуу күндү уктап өткөрүштү.

Баарынан коркунучтуусу учактар болду. Көп күн өттү. Жонас күн эсебин да билбей калды. Саякат бир калыпка түшүп калды: күндүз дарактардын

көлөкөсүндө уктамай, суу табуу, аз калган тамакты бөлүшүү. Түнкүсүн – тынбай жол жүрмөй.

Булчуңдары кадимкидей чыңалып калды. Буттары уктаарда гана ооруйт. Бирок алар эми күчтүүрөөк болуп, Жонас эс алуу үчүн азыраак токтой турган болду. Кээде токтойт да, Гейб экөө караңгыда жолдо же талаада чуркап ойношот. Анан эч качан муңайбаган бөбөгүн креслого отургузуп, кемерин байлайт да, сапарын улантышат. Ошентип, Берүүчү убада кылган, бирок алганга үлгүрбөй калган эскерүүлөрсүз эле чамасы жеткидей.

Бирок учактар пайда болгондо, баатырдык жөнүндөгү эскерүүлөрдү ала албай калганына өкүнүп жүрдү.

Булар издөөчү учактар болчу. Ушунчалык жапыз учушкандыктан, үнүнөн ойгонуп кетишчү, кээде Жонас жашынып жаткан жеринен карап, учкучтардын жүзүн көрчү.

Алардын түстөрдү айырмалай албасын, өзүнүн терисинин түсү, Гейбдин алтын сары тармал чачы аларга бопбоз фондогу бозоргон так болуп көрүнөрүн билчү. Бирок илим жана технология сабагында окутушкандай, издөөчү учактарда жылуулук сезгич аппараттар бар. Ушундан улам алар бадалга жашынган эки тирүү жандыкты билип калышы мүмкүн эле.

Ошондуктан мотордун үнү угулар замат Габриэлге кар жөнүндөгү эскерүүнү берип, өзү да ошону эстей коюп жатты. Экөөнүн денелери муздап, учактар кеткенден кийин да калтырашып, кайра уктап кетмейинче бири-бирине жабышып жатышат.

Кээде Габриэлге эскерүүлөрдү берип жатып,

алардын бүдөмүк боло баштаганын сезчү. Бул өзү үмүт кылып, Берүүчү экөө күткөн нерсе болчу: коммунадан узаган сайын эскерүүлөр адамдарга кайта баштамак. Бирок азыр учактардан коргонуу үчүн керек болгондуктан, суук жөнүндөгү эскерүүнү мүмкүн болушунча көбүрөөк кармап турууга аракет кылып жатты.

Адатта учактар күндүз, алар жашынып жаткан маалда пайда болчу. Бирок Жонас түнкүсүн да кулак түрүп, сак болуп турчу. Ал тургай Габриэл да айланага кулак төшөп, кээде Жонастан да мурун «Учак! Учак!» деп кыйкырып ийчү. Издөөчүлөр түндө пайда болгондо, Жонас дароо жолдон чыгып, даракка же бадалга жашынып, өзүн да, бөбөктү да муздата калчу. Кээде арандан зорго үлгүрчү.

Түнкүсүн адамдын изи жок ээн жол менен баратканда да учактар пайда боло калса, жашына турган жер издей берчү.

Бирок бара-бара учактар азайды. Сейрек учуп, эми мурункудай төмөндөбөй калды, сыягы, алар да издөөдөн майнап чыкпасын түшүнгөн шекилди. Акырында алар таптакыр жок болду. Түнү да учушкан жок.

# 22

Пейзаж өзгөрө баштады. Адегенде сезилген жок. Жол кеңейип, өңгүл-дөңгүл боло баштады. Сыягы, бул жерде жол жумушчулары иштебесе керек. Велосипед айдоо кыйындай баштады: алдыңкы дөңгөлөк чуңкурларга кирип кетип жатты.

Бир жолу түндө велосипед ташка тийип, Жонас кулап түштү. Тура калып Габриэлди караса, креслого бекем таңылган бала эч нерсе болбоптур, велосипед капталына жыгылганда гана бир аз корккон окшойт. Бирок Жонас өзү кызыл ашыгын оорутуп, тизесин сыйрытып алды. Тытылган шымы кан боло түшүптүр. Оорудан бырышып-тырышып, велосипедди тургузду да, креслону оңдоп, Гейбди соороттү.

Эми Жонас күндүз жол жүрөйүн деп чечти. Алыста калган учактар эми коркунучтуу болбой калды. Бирок жаңы кооптонуулар пайда болду. Бейтааныш ландшафт белгисиз коркунучтарды катып тургансыйт.

Барган сайын дарактар көбөйүп, жол жээгиндеги токой сүрдүүрөөк боло баштады. Өзөндөр да көбөйүп, тез-тез токтоп суу иче турган болушту. Жонас тизесин ооруганына карабай жууйт. Шишип, сыздап турган кызыл ашыгын муздак сууга сала койсо, оорусу басыла түшөт.

Эми ал Габриэлдин өзүнөн толук көз каранды экенине көзү жетти.

Анан биринчи жолу шаркыратманы көрүштү. Анан биринчи тирүү жандыкты.

– Учак! Учак! – деп кыйкырды Гейб. Жонас көптөн бери учактарды көрө элек болгонуна, азыр да мотордун үнү угулбаганына карабай дароо бадалдарга бой урду. Бурулуп Гейбди караса, бөбөгү колу менен асманды көрсөтүп жатыптыр.

Коркуп кеткен Жонас асманды карап, учак эмес, башка бир нерсени көрдү. Мындайды биринчи жолу көрдү, бирок эскерүүлөр анын атын шыбырашты: куш.

Көп өтпөй куштар көбөйүп кетти, асманда каалгып учушуп, кээде үндөрү да угулат. Балдар бугуну көрүштү, ал эми бир жолу жолдун жээгинен куйругу барпайган кызыл-күрөң бир күлкүлүү жаныбарга туш болушту. Тиги аларды кызыгып карап турду. Жонас анын атын билчү эмес, бирок токтоп, тиги токойго кирип кеткенче тиктешип турушту.

Мунун баары таң каларлык эле. Бирдейликке көнгөн көнүмүш жашоодон кийин Жонаста жаңы сезимдер менен билимдер пайда болуп жатты. Ал кайра-кайра токтоп, жапайы гүлдөргө суктанып, куштардын сайраганынан рахат алып, шамалга дирилдеген жалбырактардын ырын угуп бара жатты. Коммунада өткөн он эки жылдын ичинде мындай бактылуу болуп көргөн эмес.

Бирок мындай кубанычтуу сезимдерден башка сезимдер да бар эле. Мисалы, коркунуч. Ал баарынан да Гейб экөөбүз ачка калбасак экен деп коркту. Иштетилген талаалар артта калып, азык табуу

барган сайын кыйын боло баштады. Талаадан терип алган акыркы картөшкө менен сабиз түгөнүп, эми ачкалык башталды.

Жонас суунун жээгине тизелеп отура калып, балык кармамакчы болду эле, анысынан майнап чыкпады. Пайдасыз экенин билип турса да, сууну таш менен ургулап көрдү. Акырында Гейбдин жууркасынан жип алып, тор сыяктуу бирдеме токуп, ийри таякка байлады.

Торун кайра-кайра ыргытып жатып, эки кичинекей күмүш сымал балык кармады. Курч таш менен бөлүп, Гейб экөө чийки балыкты жеп алышты. Анан жер-жемиштерди жешти. Куштардан кармаганга аракет кылып, бирок андан эч нерсе чыккан жок.

Түнү Гейб жанында мемиреп уктап жатканда Жонас ачкалыктан кыйналып уктай албай, күн сайын тамак алып келип турушчу коммунаны эстейт.

Бүдөмүктөп бараткан эскерүүлөргө кайрылса, көз алдына куурулган эт, торттор, желге термелген ширелүү мөмөлөр келет.

Эскерүүлөр кеткенден кийин жанды эзген боштук калат. Бир жолу бала кезинде сөздү туура эмес колдонгону үчүн сөгүш беришкени эсине түштү. Анда ал «ачкадан өлүп баратам» деп айткан эле. Бул туура эмес дешкен анда. Коммунада эч ким ачкалыктан өлгөн эмес, өлбөйт дагы деп айтышкан.

Азыр эми андай эмес. Азыр ал чындыгында эле ачкалыктан өлгөнү турат. Коммунада калса, мындай болмок эмес. Тандоо эркиндиги болушун ушунчалык каалабады беле. Ал колуна тийди. Бирок туура эмесин тандады. Качууну тандады. Эми болсо ачкалыктан өлгөнү турат.

Бирок бир жагынан алганда, калган күндө деле ачкалыктан өлмөксүң дейт бир ою. Сезимдерге, түстөргө, сүйүүгө суусап жүрүп өлмөк.

Ал эми Габриэлчи? Габриэлдин жашоосу эртеси эле бүтмөк. Демек, чындап келгенде тандоо эркиндиги деле болбоптур.

Велосипед менен жүрүү абдан кыйын болуп калды. Ачкалыктан алдан тайыган Жонас педалды араң тегеретет, баягы кызыл ашыгы болбой сыздайт, анын үстүнө бир кезде өзү эңсеген дөбөлөр пайда болуп, алардан ашып өтүү чыныгы азап боло турган болду.

Аба ырайы да өзгөрдү. Эки күн тынбай жамгыр жаады. Жонас эскерүүлөрдү эске албаганда, жамгырды дегеле көргөн эмес. Эскерүүлөрдөгү жамгыр жакчу, ал азыркыдай болбой, кызыктай сезимдерди пайда кылчу. Гейб экөө шөмтүрөп суу болуп, калтырап үшүштү. Күн чыга калган учурларда да эч кургана албай коюшту.

Буга чейин Габриэл жолдун оор жана коркунучтуу болгонуна карабай, ыйлаган эмес. Эми ал тынымсыз ыйлай турган болду: суу болуп, үшүп, курсагы ачып, алсырап калды. Жонас өзү да ыйлады. Жогоркулардын тышкары анын ыйлай турган дагы бир себеби бар эле: ал Гейбди сактап кала албай каламбы деп коркуп ыйлады. Өзүн ойлогон да жок.

# 23

Жонас жакындап калганынан шек санаган жок. Күүгүм кирип келатты, анын ишенимдүүлүгүн ырастай турган эч нерсе жок эле. Ийри-муйру жолдон башка эч нерсе көрүнбөйт. Эч нерсе угулбайт.

Бирок баары бир сезип турду: Башка жер алыс эмес. Бирок ага жетеринен үмүт үзө баштады. Ак бирдемелерди учурган суук шамал бет алдынан сого баштаганда таптакыр айласы кетип калды.

Жука жуурканга оролгон Габриэл бөжөйүп артта отурат. Жонас токтоп, бөбөгүн алса, денеси муздап, алы кетип калыптыр.

Жонас буттарын дээрлик сезбей калды. Бир муздак ак нерсеге тизесине чейин батып туруптур. Жонас көйнөгүн ачып, Гейбди жылаңач көкүрөгүнө кысты. Кир болгон жуурканды оронушту. Гейб кичине кыймылдап, кыңкыстап койду.

Аппак ээндикте турушту.

Ойлору да айланадагы ак нерселердей сапырылып учуп жатты, бирок Жонас баары бир ак нерселердин атын эстеди.

– Бул кар, Гейб, – деп шыбырады ал. – Карлар. Алар укмуштай сонун болуп асмандан учуп келет.

Ар дайым дилгир бөбөгү унчукпай турду. Жонас көкүрөгүнө ыктаган бөбөгүнүн башын карады. Гейбдин баягы тармал чачы уйпаланып, купкуу бе-

тинен жаштын издери байкалат. Көзү жумулуу. Бир кар бүртүгү кирпигине конуп, дароо эрип кеткенин көрдү.

Жонас велосипедге минди. Алды жактан тик дөбө көрүндү. Күн ачыкта дагы ага чыгыш кыйын болмок, азыр кардан улам мүмкүн эместей. Жонас педалды алынын жетишинче тегеретсе да, алдыңкы дөңгөлөк ордунан жылган жок.

Жонас түштү да, велосипедди калтырды. Гейб экөөбүз жумшак карга жатып уктап калсак деген ой келе калды.

Бирок канча жол жүрүштү. Аягына чейин барганга аракет кылыш керек.

Эскерүүлөрдүн баары коммунанын адамдарына кетти. Бир нерсе калды бекен? Кичине болсо да, жылуулук ала алар бекен? Бере турган күчү калды бекен? Гейб кабыл ала алабы?

Колун Гейбдин аркасына коюп, күндү эстегенге аракет кылды. Адегенде эч нерсе жоктой, баягы касиетинен айрылгандай сезилди. Анан капыстан эле суукта тоңгон буттарын күн нуру жылытып жатканын туйду. Кабагы ачылып, колунун тоңгон териси жибип барат. Ушунун баарын өзүнө калтырып, эч нерсени, эч кимди ойлобой күн нуруна киринип тургусу келди.

Бирок мунусу жылуулукту жан шеригиме беришим керек деген сезим менен алмашты. Эптеп жатып эскерүүнү колунда бүрүшүп тоңуп турган бөбөгүнө багыттады.

Габриэл кыбырап калды. Экөө жылуулукка жыргап, жаап жаткан кар алдында кучакташып турушту.

Эскерүү абдан кыска болду. Жонас бир нече метр

баспай эле жылуулук кетип, экөө кайрадан муздак түндө калышты.

Бирок аң-сезими кадимкидей турду. Ал тургай жанагы жылт эткен жылуулук да шалдыраганын жоготуп, жашагысы келе түштү. Ийилбей калган буттарын ылдамыраак шилтей баштады. Дөбө тик экен, анын үстүнө кар да жолтоо болуп, алын кетирип атты. Бир аз барып эле чалынып жыгылып калды.

Тизелери калчылдап, тура албай жатты. Оюна келе калган дагы бир жылуу эскерүүнү кармап калып, Гейбге да бергенге аракет кылды. Бир аз күч пайда болуп, ордунан турду. Гейб да кыбырап калды. Жонас жолун улантты.

Бирок эскерүү кетти да, мурункудан да суук боло түштү.

Берүүчү жылуулук жөнүндөгү эскерүүлөрдөн көбүрөөк берсе эмне! Балким, азыр бир нерсе калмак. Бирок азыр «берсе эмне» деген жардам бербейт. Жыгылбаганга, Гариэлди, өзүн жылытканга, жолду улантканга гана аракет кылыш керек.

Өйдө карай тырмышып, токтой калып, эсинде калгандар менен жылынып баратты.

Дөбөнүн башына чейин көп бар, андан ары эмне бар экени да белгисиз. Бирок башка жол жок. Ошентип, ал кете берди.

Дөбөгө чыгайын деп калганда, бир нерсе болду. Жок, Жонас үшүбөй калган жок. Тескерисинче, Жонас өмүрүндө мындай тоңуп көргөн эмес. Баягыдай эле өлөрчө чарчап, бутун араң шилтеп баратты. Бирок эмнегедир эле өзүн бактылуу сезип кетти. Анан бактылуу кездерин эстей баштады. Ата-энесин, ка-

рындашын эстеди. Досторун, Эшер менен Фионаны, эстеди. Берүүчүнү эстеди. Кубаныч жөнүндөгү эскерүүлөргө батып турду.

Жонас акыры дөбөгө чыкты.

– Жеттик, Гейб, – деп шыбырады ал, эмнегедир эч күмөн санабай. – Мен бул жерди билем.

Чынында эле билет экен. Мурункудай бүдөмүк эскерүүнү эптеп чакыргандын кереги жок экен. Бардыгы башкача болду. Оңой эле эстеди. Бул анын өзүнүн эскерүүсү болчу.

Габриэлди бооруна кысып, аркасын сүрүп жылытты. Муздак шамал уруп, кар учуруп, жолду көргөзбөй жатты. Бирок Жонас бороондун артында жарык менен жылуулуктун бар экенин сезип турду.

Кайдан-жайдандыр жанында чана турганын билди. Карышып калган колу менен чананын жибин тапты.

Габриэлди бооруна кысып, чанага отурду. Дөбө тик болгону менен кар жумшак эле. Жонас бул жолу муз болбосун, жыгылбасын, денеси оорубай турганын туйду. Үшүп-тоңгон денесинде үмүт оту жанды.

Анан ылдый жөнөштү.

Жонас эс-учун жоготуп баратканын сезип, эптеп түз отурганга, Гейбди бооруна бекемирээк кысканга аракет кылды. Бет алдынан бороон уруп жатты, бирок чана балдарды келечеги менен өткөн чагы күтүп турган Башка жерге карай түз алып баратты.

Эптеп көзүн ачса, чана зуулдап сызып баратыптыр. Анан капыстан эле оттор көрүндү. Бул баягы үй-бүлө эскерүү жаратып, эскерүү баккан, сүйүүнү даңктаган үйдүн терезесинен көрүнгөн оттор,

баягы үйдүн ортосундагы дарактан күйгөн кызыл, сары, жашыл оттор экенин билди Жонас.

Тезирээк, тезирээк жетиш керек. Анан Жонастын жаны жай алып, кубанычтан жыргай түштү да, өзүн күтүп атышканын сезди. Бөбөгүн да күтүп атышат. Анан өмүрүндө укпаган бир нерсени кулагы чалды да, музыка экенин түшүндү. Адамдар ырдап атышыптыр.

Анан да алыс жактан, өзү качып чыккан жактан мезгил менен мейкиндик аркылуу музыканын үнү келип жаткандай туюлду. Ким билет, балким, бул жөн эле жаңырыктыр.

*Лоис Лоури*

# БЕРҮҮЧҮ

Которгон *Т. Абдиев*
Редактору *К. Акынбаев*
Калыпка салган *О. Кадырова*

Форматы 60x84$^1$\16. Гарнитура Таймс Нью Роман.
Офсеттик кагазда. Офсеттик ыкма менен басылды.
14,88 шарттуу басма табак.
3000 нуска чыгарылды.

«Раритет» басмасы

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Трудовая көчөсү, 1б
Тел. (+996 312) 64 49 02; факс: (+996 312) 64 48 73
E-mail: rarity@ktnet.kg
www.books.kg

«Имак Офсет» басмаканасында басылды

Жонастын дүйнөсү кынтыксыз эле. Бардыгы көзөмөл алдында болчу. Согуш деген, азап-тозок деген жок болчу. Тандоо деген да жок эле. Ар бир адам коомдогу өзүнө бөлүнгөн милдетти аткарчу. Бир караганда, Жонас телегейи тегиз дүйнөдө жашачу.

Он эки жашка келгенде, Жонасты Берүүчүдөн атайын сабак ала турган шакирт катары тандап алышат. Жашоонун жыргалы менен азап-тозогу жөнүндөгү эскерүүлөрдү Берүүчү гана билет. Жонас Алуучу болуп дайындалгандан кийин гана өз коомунун купуя сырларын андай баштайт. Чындыкты кабыл алуу кезеги эми Жонаска келет. Артка жол жок.

РАРИТЕТ

9 789967 455092